З. ИСЛАМОВ, Д. РАХИМЖАНОВ, Ж. НАЖМИДДИНОВ

# ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕРДИН ТАРЫХЫ

Орто билим берүүчү мекемелердин
10-классы үчүн окуу китеби

1-басылышы

*Өзбекстан Республикасынын*
*Элге билим берүү министрлиги тастыктаган*

Ташкент
«Yangiyo‘l Poligraf Servis»
2017

**UO‘K: 2(100)(09)(075.3)=512.154**
**KBK: 86.2**
**Исламов, Захиджан.**
**I-87** Дүйнөлүк диндердин тарыхы 10-класс: Орто билим берүүчү мекемелердин 10-классы үчүн окуу китеби / З. Исламов, Д. Рахимжанов, Ж. Нажмиддинов. – Биринчи басылышы. – Ташкент.: «Yangiyo‘l poligraf servis», 2017. – 144 б.
**UO‘K: 2(100)(09)(075.3)=512.154**
**ISBN 978-9943-4937-1-1** **KBK: 86.2**

Н. К. Исматованын методикалык редакциясы жана педагогикалык курулмаларынын негизинде даярдалган.

**Жооптуу редакторлор:**

**А. Хасанов,** тарых илимдеринин доктору, профессор;
**О. Юсупов,** философия илимдеринин кандидаты, доцент.

**Рецензенттер:**

**Н. Мухамедов,** тарых илимдеринин кандидаты, доцент;
**Х. Юлдашхожаев,** тарых илимдеринин кандидаты, доцент;
**А. Заманов,** ӨзИА Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча Ылайыкташтыруучу-методикалык борбордун ага илимий кызматкери;
**Ж. Тахиров,** Чет тилдерге адистештирилген мамлекеттик жалпы билим берүүчү мектептин мугалими;
**Н. Кудратова,** Ташкент шаарындагы 41-мектептин тарых мугалими.

Бул окуу китеби Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети алдындагы Дин иштери боюнча комитетинин 2017-жыл 5-сентябрдагы 5958-сандуу сунушу, Республикалык билим берүү борборунун алдындагы «Тарых» предметинен илимий-методикалык кеңеши жана Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча Ылайыкташтыруучу-методикалык борборунун 2017-жыл 29-августтагы 5-сандуу корутундусунун негизинде басмага сунуш кылынган.

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-4937-1-1
© З. Исламов, Д. Рахимжанов, Ж. Нажмиддинов, 2017.
© «Yangiyo‘l poligraf servis», 2017.

# Сөз башы

Дин эзелтеден адамдарды дайыма жакшылыкка, изги иштерге үндөгөн. Борбордук Азия элдери ынанып келген ислам дини да жогорку инсандык сапаттардын калыптанышына кызмат кылган. Дин адамзаттын руханий дүйнөсү менен үзгүлтүксүз байланыштуу, социалдык жашоодо дайыма аны менен бирге болуп келген.

Динди үйрөнүү – бул адамдын руханий дүйнөсүн үйрөнүү болуп саналат. Диний булактар адамзат тарыхында болгон үлгүлүү окуяларды өзүндө камтыган, алар кишилерди ахлактык тарбиялоодо маанилүү орун тутат. Бул болсо адамдын турмуш жолдорунда адашпастыгы, жакшы-жаман, ак караны таанып билүүсү жана өз жашоосун туура уюштуруусу үчүн негизги каражат болуп кызмат кылат. Натыйжада адамдын жашоо мүнөзү жогорулап, коомдо өнүгөт.

Динге ишенүү жана ыйман эркиндиги маселеси Өзбекстан Республикасынын Конституциясында өз чечимин тапкан. Ал эл аралык укуктук-нормативдик талаптарга толук жооп берет. Ар кандай динге ынануучу жана эч бир динге ынанбай турган кишилер үчүн бир түрдөгү шарттар коюлушун камсыздоочу Өзбекстан Республикасынын Конституциясынын 31-статьясында мындай дейилет:

***«Баары үчүн ыйман эркиндиги кепилденет. Ар бир адам каалаган динге ынануу же эч кайсы динге ынанбоо укугуна ээ. Диний көз караштарды мажбурлап сиңдирүүгө жол коюлбайт».***

Өзбекстан Республикасынын Конституциясында ыйман эркиндигинин камсыздалышы, бардык жарандардын бирдей укук жана эркиндиктерге, атап айтсак, ынаным эркиндиги укугуна ээ экендиги, дини жана ынанымынан көз карандысыз түрдө, мыйзам алдында тең экендиги көрсөтүлгөн.

Мамлекетибизде социалдык-руханий чөйрөнү тазалоодо улуттук баалуулуктар менен бир катарда диний баалуулуктардын мааниси да чоң. Өзбекстандын Биринчи Президенти Ислам Каримовдун төмөнкү сөздөрүндө бул принцип өзүнүн жаркын далилин тапкан: «Мамлекетибизди демократиялык

принциптер, илим-билимдин ийгиликтери, жогорку технологиялардын негизинде модернизациялоо менен бирге, ыйык динибизди, улуттук өздүгүбүздү асырап-абайлап жашоону максат кылып койгонбуз». Мындай мамиле турмуштук негизге ээ болуп, Ал дин багытында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү калыс, илимий үйрөнүү жана ошондон келип чыгып, оң жараяндарды дагы да өнүктүрүү, терс жагдайлардын алдын алуу үчүн мүмкүнчүлүк жаратты.

Көп улуттуу, көп конфессиялуу Өзбекстанда эгемендүүлүккө жетишкен алгачкы жылдардан эле дин, кең пейилдүүлүк маселелерине чоң көңүл бурулду. Диндин гумандуулук философиясы, изги идеялары жана улуу бабаларыбыздын мурасынан кабардар болуу, ушул жогорку баалуулуктардын жаштардын көңүлүнөн орун алуусу үчүн мамлекетибиз билим берүү системасы багытында көптөгөн иштер жасалды. Дүйнө диндери тарыхы боюнча зарыл маалыматтарды өзүндө камтыган, жаштарды диний кең пейилдүүлүк жана улуттар аралык ынтымактуулук рухунда тарбиялоого кызмат кылуучу ушул окуу китеби да журтубузда ишке ашырылып жаткан оң өзгөрүүлөрдүн натыйжасы болуп саналат.

Авторлор жамаасы китепти басмага даярдоодо өз кеңештери менен жакындан жардам берген Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинети алдындагы Дин иштери боюнча комитети, Өзбекстан мусулмандарынын мекемеси, Ташкент ислам университети, Ташкент ислам институту жетекчилиги жана профессор мугалимдерине, Каракалпакстан Республикасы, Ташкент шаар жана облустардагы педагог кадрларды кайра даярдоо жана билимин өркүндөтүү институттарынын социалдык кафедра башчыларына өз ыраазычылыгын билдирет.

# 1-§ ДИНДИН КООМДОГУ ОРДУ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Коом диний баалуулуктарсыз жашай алабы?
2. Улуттук жана дүйнө диндери жөнүндө төмөнкү класстарда алган билимдериңди эстеп көр.
3. Диндин кандай формалары бар?
4. Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 31-статьясын оку. Мамлекет тарабынан жарандарга ынаным эркиндигинин кепилдеништине мисалдар келтир.
5. Дин адамдардын дүйнө карашынын калыптанышына таасир этеби?
6. Сенин жашооңдо кандай баалуулуктар бар?

## ДИН ЖАНА СОЦИАЛДЫК ЖАШОО

Дин коомдун жашоосунда маанилүү орунга ээ. Ал адамдарда изгиликке умтулуу, өзүн руханий жана физиологиялык тазалоо, айланадагыларга пайда келтирүү, жашоону кадырлоо сыяктуу оң сапаттарды калыптандырат.

Диндер адамдарды дайыма жакшылыкка, изги иштерге үндөгөн. Дүйнө картасындагы дээрлик ар бир мамлекетте жашоочу эл белгилүү бир динге ишенет, анын өз үрп-адат жана каада-салттары бар. Дүйнө элдери тарыхын үйрөнүүдө алардын диний көз караштары, ишенимдери жана диний практикаларын көңүл сыртында калтыруу мүмкүн эмес.

> Силердин жакшыларыңар дүйнө иши деп акырет ишин, акыретти деп дүйнө ишин таштабай турган жана адамдарга оорун түшүрбөй тургандарыңар эсептелет.
>
> ***Хадис***

***Дин*** *— арабча сөз болуп, кыргызча ынаным, ишенүү маанилерин билдирет.*

Керек боло турган илимди үйрөнүүдөн өзүңдү алып качпа!

***Имам Аъзам Абу Ханифа***

XVII-XIX кылымдарда жашап чыгармачылык кылган кээ бир европалык изилдөөчүлөр адамзат өнүгүп барган сайын анын коркунучтары да азаят, ал өз алдынча болот, бул болсо диндердин бүткүл жок болуп кетүүсүнө алып келет деп божомолдошкон. Бирок убакыт өтүшү менен бул пикир иш жүзүндө өз тастыгын таппады.

Дин коомдо ***адамдардын көз карашын калыптандыруу, жоошутуу (компенсатордук), бириктирүү, башкаруу, коммуникативдик, руханий-ахлактык тарбиялоо*** сыяктуу бир топ милдеттерди аткарып келген.

Диндин **жоошутуучулук** милдетин алалы. Адам баласынын башына кандайдыр бир кайгы, кыйынчылык



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Бул сүрөттөрдөгү жалпылык жана өзүнө мүнөздүү жактарды аныкта.
2. Сүрөттөрдү чечмелеп, дүйнө жана улуттук диндерге ажырат.
3. Сүрөттөрдүн негизинде диндин социалдык жашоодогу орду жана маанисине мүнөздөмө бер.

түшкөндө өзүнө динден жубатуучу, көңүлүнө тынчтык берүүчү, жоошутуучу күч тапкан.

Дин **бириктирүү** милдетин да аткарып, адамдар арасында биримдикти чыңдоого кызмат кылат. Ар бир дин ынануучуларды өз эрежелерине амал кылууга чакырат. Аларды бул эрежелерге туруктуулукка үгүттөйт, ушул жол менен адамдарды бириктирет. Дин өзүнө ынануучуларды жашоосун тартипке салып, башкаруу милдетин да аткарат. Бул милдет ахлак нормаларынын негизинде ишке ашырылат. Дин ахлак нормаларын тартипке салат жана адал менен арам, сооп менен күнөө эмне экендигин белгилеп берет.

Диндин ***коммуникативдик*** милдети диний үрп-адат, каада-салт, ырым-жырым жана майрамдарды чогуу өткөрүүгө, тууганчылык, жакындык, диндештик мамилелерин бекемдөөгө чакыра тургандыгында. Дин адамдын жашоосунун изгилик мазмунун ачат. Бул анын адамдарды рухий-руханий тарбиялоо милдетин аткарып жатканына айкын далил саналат.

## ДҮЙНӨНҮ ӨЗҮНӨ СУКТАНТКАН ӨЛКӨ

...Бир окуя менин көз алдыман элес-элес өтөт. Ошондо мен чамасы 5-6 жашта элем. Коңшуларыбыздын үйүндө адам көп, айылдын улуу-кичүүсү чогулган. Кимдир бирөө көчө-короолорду шыпырды, кимдир айванга орун салып жатты, кимдир бут астына төшөлчү ак матаны (poyandoz) даярдап жатты. Бардыгы өз ишин билип-билип кылып жатышты, тактап айтканда, чогулгандарды көрүнбөс адам башкарып жаткандай эле. Мына, күтүлгөн убакыт да келди. Баары дарбазанын жанына тизилип туруп алды, жолго баягы ак мата да төшөлдү. Эшиктен Рабия апа менен Абдурахман ата кирип келишти. Алар аппак кийинишкен. Менимче, дарбазадан нур калкып келе жатканга окшойт эле. Короодо чогулгандар аларды кубаныч менен күтүп алышты... Дуба кылынгандан соң айылдын чоңдорунан: «Ооба, мамлекетибизге ыракмат, биз мусулмандарга Ажылык амалдарын аткаруу мүмкүнчүлүгүн берди. Ата-бабаларыбыз муну арман кылып кетишти. Ким ойлоду дейсиң, мындай мүмкүнчүлүк бизге берилишин. Журтубуздун тынчтыгына көз тийбесин...» деген сөздөрдү уктум. Ошол учурда бул сөздөрдүн мазмунуна түшүнбөсөм да, качандыр бир оор күндөр болгонун сезгендей элем...

***2017-жылда өткөрүлгөн «Өзбекстандын эң жаңы тарыхы» боюнча эсселер конкурсунун жеңүүчүсү И. Абидованын ишинен.***

> Адамдын негизги милдети өзүн курчап турган дүйнө сырларын үйрөнүүдөн турат. Илимдердин абалы да мына ошондой. Аларды адамдын жашоосу үчүн болгон керектөө дүйнөгө келтирди. Буга ылайык түрдө илим тармакталды.
>
> ***Абу Райхан Беруний***

Дин маданияттын өнүгүүсүнө да чоң таасир көрсөтүп келүүдө. Мындан сырткары, Ал жалпы инсандык жана улуттук баалуулуктарды сактап калуу жана муундан муунга жеткирүү маселесинде да өзгөчө мааниге ээ.

Дин адамзаттын руханий дүйнөсү менен үзгүлтүксүз байланыштуу болуп, жашоодо дайыма аны менен бирге болуп келген.

Бүгүнкү күндө кээ бир күчтөрдүн диндин коомдогу милдеттеринен караөзгөй максаттарда пайдаланууга умтулууларын да күзөтүү мүмкүн. Натыйжада миңдеген адамдар динсиздикте айыпталып, кандары төгүлүүдө. Түрдүү диний ураандардын туура эмес баяндалышынан да күнөөсүз адамдар зыян тартышууда.

Мына ушундай терс жагдайлардын алдын алууда диндин түрдүү элдердин ортосунда байланыш орнотушу, аларды руханий жана рухий жактан жакындаштырууну, зулум жана зордукчулдукка каршы биргеликте күрөшүүгө чакыруусу өзүнчө мааниге ээ болууда. Бардык диндер изгиликти жактайт. Дин жана илим-билим бири-бирин толтуруп турат.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Дин дегенде эмнени түшүндүң?
2. Жеткилең инсанды тарбиялоодо диндин орду кандай?
3. Дин менен руханий баалуулуктардын ортосунда кандай байланыш бар?
4. «Дин эзелтеден адамдын руханиятынын курамдык бөлүгү болуп келген». Бул сүйлөмгө өз мамилеңди билдир.
5. Жогорудагы аңгеменин негизинде диндин бириктирүүчүлүк, башкаруучулук, коммуникативдик милдеттерин түшүндүр.
6. Диндин жубатуучу жана көз караш калыптандыруучу милдеттерине мисалдар келтир.
7. Берилген сүрөттөрдө диндин кайсы милдеттери чагылдырылган?

# 2-§ ИЛИМ ЖАНА ДИН

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Сениңче, илим-билим менен диндин ортосунда кандай байланыш бар?
2. Орто кылымдар мусулман Чыгышында илим жана техниканын өнүгүшүнө эмне себеп болгон?
3. Ислам growninde илим-билимге кандай мамиле билдирилет?
4. Бухарадагы Улукбек медресесинин порталына (маңдайына) илимге байланыштуу кандай учкул сөз жазылган?
5. Төмөндө берилген сүрөттөрдүн негизинде диндин илим-билим, маданияттын өнүгүшүнө таасири жөнүндө ой жүгүртүп көр.



Илим жана дин дайыма өз ара жакын мамиледе болуп келген. Тарыхта алардын катышы түрдүү формаларда көрүнгөн. Байыркы Грецияда Сократ, Платон, Аристотель үчүн илим менен дин дээрлик бир багыт – философия болуп, ал «Физика» жана «Метафизика» бөлүктөрүнө бөлүнгөн. Кийинчерээк математика, астрономия жана медицина өнүгө баштаганда да илим менен дин өз ара шайкештигин сактаган. Дал ушундай мамиле Конфуций, Фарабий, Ибн Сина, Алишер Наваий жана башка Чыгыш ойчулдарынын иш-аракетинде да күзөтүлөт.

Эллинизм жана орто кылым Чыгышында илим жана дин бири-бирин толуктаган. Алардын арасындагы айрым келишпестиктер элдешкис карама-каршылык даражасына жетпеген. Чыгышта илим менен диндин шайкештиги натыйжасында XV кылымга чейин математика, астрономия, медицина, химия ж.б. так жана

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Сен анык жана табигый предметтерден алган билимдериңе таянып, бийик имараттарды, мунараларды куруу, көркөм өнөр чыгармаларын жаратуу, айкелдер жасоо, түрдүү зергер буюмдарын жаратуу үчүн адамдар кайсы билимдерден пайдалануулары керектигин ойлоп көр.



*Абу Али ибн Синанын «Медицина канондору» китебинен*



*Ал-Харезмийдин «Ал-Жабр ва-л-мукобала» китебинен*

табигый илимдер өнүккөн. XVI кылымдан баштап болсо бул чөлкөмдө илим-билим, о.э, диний илимдер да сенектик доорун баштан өткөрдү. Бул доордо илимдин, андан диний илимдердин кризиске жүз буруусуна диндин агартуучулук маңызын терең түшүнбөгөн консерваторлор себеп болду.

Европа Чыгыштан философия жана табигый илимдер эстафетасын алып, XVI кылымдан тез өнүгүүнү баштаган болсо да, бул жерде илим консерватор руханийлер тарабынан куугунтукталды. Илим жана дин тарыхындагы бул мамиле алардын ортосунда келишкис күрөш доорун келтирип чыгарды. Илим жана искусстводо кайра жаралуу доорунун, динде болсо католицизмдин борборуна айланган Италияда бул карама-каршылык өзүнүн туу чокусуна чыкты. Илим жана адабият динди жалганга чыгарды, руханийлер гана эмес, а түгүл Кудайдын үстүнөн да памфлет (юмордук сындоо)тер жазылды.

Дин да илимдеги дээрлик ар бир жаңылыкты кудайсыздыкка жойду. Реформизм (Лютер, Калвин, Эразм Роттердамский) таасиринде бул карама-каршылык салыштырмалуу тынчыраак тармак – идеялар күрөшүнө көчсө да, бирок ылдамдыгын басаңдатпады.

XIX кылымда пайда болгон бир тараптан «дин – опиум», экинчи тараптан «Дарвиндин өзү маймылдан тараган» сыяктуу идеялардын кесири азыркы күндө да сезилет. Илим менен диндин ортосундагы күрөшкө саясаттын аралашуусу бир канча трагедияларды келтирип чыгарды. Айрыкча, өкмөт «күжүрмөн» атеисттер же теократтардын

колуна өткөн мезгилдерде орто кылым түркөйлүктөрүнөн калышпай турган зордукчулдуктар колдонулду.

Адамдар мажбурлап динден чыгарылды, диндин жасалма окуу, коом үчүн зыяндуу экенин үгүттөө иштери кеңири жүргүзүлдү. «Илимий атеизм» аттуу предмет токуп чыгарылып, бардык билим берүү мекмелеринде окутулду. Бул идеяны кабыл алууну каалабагандар болсо түрдүү айыптоолор менен жазага тартылды.

Тарых китептери кайра жызылып, диндин пайда болушуна бир жактуу каралды, дал ушул булактарда «дин менен илим душман», деген идея элге мектептен эле сиңдириле башталды.

Илим менен диндин шайкештигинин жактоочулары, көбүнчө, илимий ишмерлер тарабынан да, калыс эмес руханийлер тарабынан да каршылыкка туш болгон. Кээде оор айыптоолор менен куугунтукталган.

*Кресттүүлөр*



## ТАРЫХКА НАЗАР

**Кресттүүлөрдүн жүрүштөрү** – 1096-жылда башталган Батыш Европа рыцарларынын мусулман, православ мамлекеттери жана түрдүү христиан мазхабдарына каршы алып барылган жүрүштөрү Кресттүүлөрдүн жүрүштөрүнүн максаты Палестинаны, биринчи кезекте, Иерусалимди селжук түрктөрүнөн бошотуу эле. Бирок кийинчерээк Балтика бою мажусийлерин христиандаштыруу, Европада Папа өкмөтүнө каршы кыймылдарды бастыруу же папалардын саясий максаттарын ишке ашыруу каражаты болуп калды.

«Кресттүүлөр» термини кресттик жүрүштүн катышуучулары өз кийимдерине крест тигип алышканы үчүн пайда болгон. Жүрүштүн катышуучулары күнөөлөрүнөн тазаланат деп эсептелгендиктен, анда рыцарлар гана эмес, о.э. жөнөкөй эл да катышкан.

Кресттүүлөр 1099-жылда Иерусалимге кирээри менен кан төгүүнү баштап жиберишти. Алар мусулман жана еврейлердин катарында жергиликтүү христиандарды да кырып салышты. Ошол жылы 16-июлда эрте таңда бардык нерсе чечилди, курчоо маалында жана кан төгүүдө жалпысынан 70 миңге жакын адам жырткычтык менен өлтүрүлдү.

Коомдо жамандыктын тамырлары көп, бирок алардын негизгиси үч нерсе – бирөөдөн үмүт кылуу, кыжырлануу жана илимсиздик.

***Абу Райхан Беруний***

Бирок тарыхта «илим менен дин чындыгында бири-бирине каршы эмес, тескерисинче шайкеш багыттар» деген идеяны илгери сүргөн жана өнүктүргөн улуу окумуштуулар да көп болгон. Мисалы, Хаким Термезий биздин түшүнүгүбүздөгү илимди билим, диний илимди болсо агартуу, накыл сөз деп атаган жана алардын адамдын аң-сезиминдеги ордун туура белгилеген. Хаким Термизий идеяларын Абу Наср Фарабий, Абу Райхан Беруний, Фахриддин Разий сыяктуу окумуштуулар өнүктүрүшкөн, илим жана дин шайкештигин ибн Сина өз иш-аракетинде дагы да тереңирээк көрсөткөн.

Эгемендүүлүктөн соң Өзбекстанда да илим жана дин шайкештигин камсыздоого өзгөчө басым жасалды. Биринчи Президентибиз Ислам Каримов айткандай: «... Дүйнөлүк жана диний баалуулуктар бири-бирин толуктамайын, бүгүнкү күндүн оор жана татаал суроолоруна толук жооп берүү оңой болбойт».

Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети алдындагы Ташкент ислам университетинин түзүлүшүнөн да дал ушул максаттарды ишке ашыруу көздөлгөн. Дүйнөлүк да, диний да илимдер окутулуучу бул таалим жайынын бүтүрүүчүлөрү коомубузда дүйнөлүк жана диний маселелердин, илим жана дин шайкештигин камсыздоого кызмат кылышат.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Коом жана динди бири-биринен ажыратуу кандай натыйжаларга алып келет?
2. Дин жана илим карама-каршылыгын келтирип чыгарган топтордун максаттары эмнеде эле?
3. Борбордук Азия ойчулдары илим менен дин шайкештиги жөнүндө кандай пикирлерди айтып өтүшкөн? Н.Коперник, Ж.Бруно жана Г.Галилейлер эмне үчүн чиркөө тарабынан куугунтукталышкан?
4. «Тарыхка назар» рубрикасындагы текстти оку. Коомдогу кескиндешүүнүн себептерин түшүндүрүүгө аракет кыл.

# 3–4-§ ДИНДИН ПАЙДА БОЛУШУ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Байыркы диний элестетүүлөрдүн болгон анимизм, тотемизм, фетишизм, шаманизм түшүнүктөрүнүн мазмунун эсте жана чечмеле.
2. Элибиз арасында таркалган кандай үрп-адаттар байыркы диний элестетүүлөр менен байланыштуу болушу мүмкүндүгү жөнүндө пикириңди билдир.
3. Борбордук Азия чөлкөмүндө жашаган байыркы элдердин алгачкы диний элестетүүлөрү кандай болгон?

Бүгүнкү күндө илимде диндердин калыптануу тарыхына тиешелүү эки түрдүү: теологиялык жана материалисттик көз караштар бар.

***Теологиялык*** (укмуштуудай, диний) мамилеге ылайык, түрдүү буюмдарга сыйынуу жана көп кудайлуулук, атап айтсак, анимизм, тотемизм, фетишизм жана шамандык жеке кудайлыктан кийин пайда болгон. Атап айтсак, иудаизм, христиандык жана ислам диндерине ылайык, Кудай алгачкы адам – Адамды жаратып, ага өзүн тааныткан жана Адам муундарын өзүнө сыйынууга чакырган. Убакыт өтүшү менен адамдар туура окуудан алыстап, түрдүү буттарга (икона) сыйына башташкан.

Диндердин келип чыгышы жөнүндөгү экинчи көз караш илимде ***материалисттик мамиле*** деп аталат. Бул көз караштардын пайда болушу байыркы доорго барып такалат – алгачкы жолу байыркы грек философтору бул жөнүндөгү өз көз караштарын баяндашкан.

***Теологикалык мамиле** – диндин пайда болушу түздөн-түз Кудай менен байланыштуу деген окуу.*

Илим – дүйнөнүн ырахаты. Илим адам үчүн өтө жогорку жана ыйык сапат болуп саналат. Чындыгында, илим бизге өз абалыбызды, аракетибизди күзгү сыяктуу көрсөтөт. Акылыбызды, оюбузду кылычтай курч кылат.

***Абдулла Авланий***

## НУХ ПАЙГАМБАРДЫН ЭЛИНИН БУТПАРАС БОЛУП КЕТҮҮСҮНҮН ТАРЫХЫ

Улуу пайгамбарлардан болгон Нух (а.с.)дын эли бутпарас болушчу. Алар Сува аттуу аял, Вад аттуу эркек, Ягус аттуу арстан, Яук аттуу ат, Наср аттуу бүркүт жана жору түрүндөгү иконаларга сыйынышчу. Ибн Жарир Табарийдин жазышынча: «Нух эли сыйынган иконалар чындыгында Адам жана Нух пайгамбарлар арасындагы мөөнөттө жашаган динчил адамдардын аттары менен байланыштуу эле. Алардын өлүмүнөн соң анын күйөрмандары жана шакирттери көздөрү түшүп эстегенде өздөрүнө илхам жана ибадатка кайрат келтирсин деген ниетте сүрөттөрүн жасатып коюшкан жана бул сүрөттөргө сыйынышпаган эле. Бул замандын адамдары дүйнөдөн кайтыш кылышкандан соң, алардын урпактары заманында Шайтан азгырып, «Аталарыңар бул сүрөттөргө сыйынышчу, алардан береке жана жамгыр сурашчу», деп динчил адамдардын символуна ибадат кылууга үйрөттү. Баары бул ширк амалына чалдыкты. Ошентип бутпарастык пайда болду».

***«Tafsir at-Tabariy» китебинен***

XVII кылымга келип Европада чиркөө бийлигинин алсырай башташы, эркин пикирлүүлүк өкүлдөрү – динди сындоочулардын пайда болушу, XIX кылымдын экинчи жарымында Чарлз Дарвин тарабынан «Түрлөрдүн келип чыгышы» (1859) аттуу чыгарманын басылышы да материалисттик көз караштардын өнүгүшүнө түрткү болду. Кийинчерээк бул көз караштар Август Комт жана Людвиг Бухнерлер тарабынан эң жогору көтөрүлдү.

**Материалисттик мамиле –** диндердин келип чыгышын алгачкы адамдын коркуулары менен байланыштырат.


Ага ылайык дин бул социалдык кубулуш, адамдын аң-сезими, сезимдеринин натыйжасы. Бул көз караштын жактоочуларынын оюу боюнча, диндер жөнөкөйдөн татаалга, жалпылыктан жекеликке, көп кудайлыктан жеке кудайлыкка карай узак тарыхый эволюциялык жараянды басып өткөн.

Бул көз караш жактоочуларынын оюна көрө, уйку, түш жана дем алуу сыяктуу абалдарда денени башкаруучу жана өлүм менен андан ажыратып туруучу,

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Уруулук диндердин кандай формаларын билесиң?
2. Бүгүнкү күндө уруулук диндердин кандай элементтери сакталып калган?
3. Уруулук диндердин өзүнө мүнөздүү жана окшоштук жактарын айтып бер.

жашоо тартуулоочу кандайдыр бир күч бар экенине ишенген. Ата-бабаларыбыз бул күч кыймылдоочу ар бир нерсе: дарыя, күн, ай, дарак сыяктуу жаратылган нерселерде бар деп элестетишкен. Натыйжада адамдын коркуусу, урматы, керектөөсү жана зарылдыгы даражасында аларга сыйына баштаган.



**Герберт Спенсер**
(1820–1903)

Материалисттик мамиленин жактоочуларынын оюна ылайык, коркуу диндердин келип чыгышында негизги роль ойногон сезимдик абал болот.


Англис философу Герберт Спенсер (1820–1903) да алгачкы уруу диндеринин келип чыгышына коркуу натыйжасында «ата-бабаларга сыйынуу» себеп болгондугун айтат. Спенсер социалдык эсеп-кысаптарга таянган түрдө, жашоо коркуусунун диндердеги орду өзгөчө көңүлдү бурат.



Бул коркуунун ата-бабаларга салыштырмалуу ибадаттын бардык көрүнүштөрү калыптандырганын жана теңирлердин үстөмдүү же каарман болгон ата-бабалардан тандалгандыгын өзүнчө көрсөтөт; ар бир динде ата-бабаларга өзүнчө көңүл бурулгандыгынан белги берет.

Макс Мюллердин (1823–1900) ою боюнча, диндин келип чыгышы табият кубулуштарынын адамга берген коркунучуна барып такалат жана ал «натурализм» дейилет.

Макс Мюллер индуизмдин ыйык китеби Ведаларга таянган түрдө, дээрлик бардык диндерде Кудайдын аттары табият кубулуштарын билдиришин белгилеген.



**Фридрих Макс Мюллер**
(1823–1900)



Бул окуунун жактоочулары диндердин пайда болушу жана калыптанышы анимизм, тотемизм, фетишизм жана шаманизм сыяктуу баскычтарда пайда болгонун белгилешет.

**Анимизм**. Байыркы адамдар айланадагы дүйнөдө жаныбарлар, өсүмдүктөр, табият кубулуштары өңдүү ар нерсенин жаны, б.а. руху бар деп элестетишкен. Байыркы Борбордук Азия элдеринин арасында кеңири тараган укмуштуудай көрүнүшкө ээ болгон жер, от, токой, суу, тоо жана үйдүн адам сымал «рухтары» да ошондон келип чыккан.

Алсак, даракка сыйынуу да анимизмдин бир түрү эсептелет. Ошондуктан болсо керек, «Жашоо дарагы» темасы Өзбекстан элдик кол өнөрчүлүгүндө маанилүү орун тутат. Элдерде адамдын денелик өлүмүнөн соң анын руху жашап калаарына болгон ишеним жана ынаным көмүү менен байланышкан бир топ ырым-жырымдардын пайда болушуна алып келген.

**Тотемизм**. Алгачкы жамаалардын тууган-урукчулугу негизине курулган. Адамдын социалдык мамилелеринин бул көрүнүшүн сырткы чөйрөгө – табиятка да көчүргөн. Уруунун жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү менен байланышын алар менен туугандыктын белгиси деп түшүнүлгөн.

1938-жылы Сурхандарыя облусу Байсунтоо тоолорундагы Тешикташ үңкүрүнөн табылган неандертал баланын мүрзөсү азыркы Өзбекстан аймагындагы тотемизм ынанымына тиешелүү эң байыркы эстеликтерден бири болуп саналат. Баланы көмүүдөн мурда анын айланасы тоо эчкиси – аркардын мүйүздөрү менен кур-


## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Төмөнкү класстарда тарых сабагынан алган билимдериңе таянып, Макс Мюллер эмне үчүн индуизмдин ыйык китеби Ведаларга таянгандыгы боюнча ой жүгүртүп көр.

## ТАРЫХКА НАЗАР

Фергана өрөөнүнүн Сох айылынан табылган жана б.з.ч. II миң жылдыкка таандык сырткы көрүнүшүнөн ок жыланга окшош таш тумар Өзбекстан элдери тарыхы музейинде сакталууда.

Өгүзгө байыртадан күч-кубат, түшүмдүүлүк символу катары каралган. Кээ бир археологиялык эстеликтерден туткучу кой формасында жасалган идиштер табылган. Байыркы жергиликтүү элдерде жогорудагы жаныбарларды даңазалоо адаты кыйла кеңири тараган.



чалган, бул анын тотем жаныбар менен байланыштуулугу жөнүндөгү болжолду илгери сүрүү мүмкүнчүлүгүн берет.

**Фетишизм.** Заманбап диндерде фетишизм ыйык буюмдарды тооп кылуу түрүндө, алсак, христиандарда – крест, иконалар, өлүккө сыйынуу, буддизмде – ыйык сөөк же сөкбилек түрүндө сакталып калган. Ырым-жырымга ишене турган адамдардын арасында тумар бакыт келтирет, ал эми көз мончок жаман көздөн сактайт, деген ишеним бар болгон. Така, тумар, моюнга



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Өзбекстан улуттук энциклопедиясынан анимизм, тотемизм, фетишизм, шаманизм, сыйкырчылык түшүнүктөрүнүн сөздүктөгү мазмунун тап. Алардын ар бирине мисалдар келтир.

тагылчу тагынчак кулон өңдүү нерселер заманбап фетиштерге мисал болот.



**Шаманизм (шамандык).** Башка улуттарда болгону сыяктуу, Борбордук Азия элдеринде да шаманизм түрдүү көрүнүштөрдө күзөтүлөт. Бал ачуу, төлгөчүлүк, ысытма-суутма кылуу, дем салуу өңдүүлөр шаманизмдин белгилери катары келтирилет.

Бүгүнкү күндө да кээде бир нерсесин жоготкон киши төлгөчүгө баруу абалдары кездешет. Ошондой эле, сыйкыр жолу менен бирөөгө пайда же зыян келтирүүгө урунуу практикасы да күзөтүлөт. Борбордук Азия элдеринде кээде бирөө узак убакыт ооруп калса, ага айыгуунун бирден-бир жолу – арбактар менен байланышка киришүү, деп айтышат. Мындай кишилерди эл арасында «адамы бар» дешет. Бирок, көбүнчө, мындай абалдар жөнөкөй, ишенчээк адамдарды алдоо үчүн ойлоп чыгарылган боло турганын унутпаш керек.

**Жаныбарлар жана өсүмдүктөргө сыйынуу.** Борбордук Азия элдери арасында, негизинен, төмөнкү жандыктар жана өсүмдүктөр ыйыкташтырылган:

**Бөрү.** Байыркы түрк уламыштарына караганда, Ашина уруусунан болгон жаш бөбөктү бөрү эмизип чоңойткон. Ошондуктан да Евразия аймактарындагы түрктөрдүн көк байрагын бөрүнүн алтындан жасалган башы коолдоп турган. Бөрүнүн укмуштуудай ыйык күчүнө ишеним ушул күндөргө чейин бир аз сакталып калган.

**Ат (жылкы).** Атты баалоо түркий элдер арасында байыртадан бар болгон. Муну Түштүк Кыргызстан тоолорундагы (Араван, Айырмач-Тоо) аскаларга чегилген аттардын сүрөтүндө көрүшүбүз мүмкүн. Сүрөттөрдүн астында жаныбарларды курмандыкка чалып, шам жагуу үчүн текчелер жасалган. Аттын ыйыктыгы жөнүндөгү түшүнүк талаа-чөлдөрдө жашоочу уруу жана элдерге гана эмес, о.э. дыйканчылык менен алектенүүчү отурак эл арасында да кеңири тараган.

Адамдар!
Эң оболу, изги ахлакка ээ болууга аракет кылгыла, анткени, ахлак мыйзамдын негизи эсептелет.
***Пифагор***



**Куштар (канаттуулар)**. Уламыштарга көрө, өздөрүн Огузхандын урпактары деп эсептеген түркий огуздар бабалардын символун жамандыктардан асыроочу куштарда көрүшкөн. Кыргый, бүркүт, ылаачын, карчыга өңдүү куштар уруудагыларга береке жана бакыт алып келүүчү ыйык жандыктар эсептелип, аларды атууга кескин тыюу салынган.

Өзбек, казак, кыргыз, түркмөн элдери байыртадан үкү, бүркүт жана ылаачындын куш канаттарынын ыйык күчүнө ишенишкен. Бүгүнкү күнгө чейин да кенже жаштагы уул бала жана кыздардын баш кийимдери, бешик жана жел бешиктерин куштардын канаттары менен жасалгалашат. Борбордук Азия элдери арасында кыргоол, тоос, короз ыйык куштар деп саналган.

**Дарактар**. Борбордук Азияда чынар жана арча дарактары байыртадан ыйык күчкө ээ объект катары бaркталган. Аларга кыздар өз көңүл сырларын айтып, дарактын бутактарына чүпүрөк байлап, тилектеринин орундалышына үмүт кылышкан. Түштүк Түркмөнстан, Өзбекстан жана Тажикстанда чынар дарагы өтө бaркталат. Түркмөндөр чынардын кургаган бутактарын отун катары жагып, пайдаланууга да коркушат.

Түркмөнстандагы Феруза оазиси бийиктиги кырк метр келе турган «Жети ага-ини» чынары менен белгилүү. Сайраб кыштагындагы чоң чынардын төрт метрлүү оюгунда бир маалдар а түгүл медресе да жайгашкан. Ташкентке жакын Бурчмулла кыштагында адаттагыдан да чоң чынарды зыярат кылууга келүүчүлөрдүн аягы үзүлбөйт.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Анимизм, тотемизм, фетишизм, шамандык, сыйкырчылык өңдүү алгачкы диний көз караштардын ортосунда кандай жалпылык бар? Алардын бүгүнкү күндөгү көрүнүштөрү жөнүндө маалымат бер.
2. Алгачкы диний көз караштардын бүгүнкү күндөгү көрүнүштөрү жөнүндө көргөзмөлүү слайд даярда (MS Power Point).
3. Байыркы Борбордук Азия элдери жашоосунда анимисттик, тотемисттик, фетишисттик жана шамандык көз караштардын орду эмнелерде чагылдырылган?
4. Тарых сабагынан улуттук жана дүйнөлүк диндердин кандай пайда болгону жөнүндө маалымат чогулт.

# 5-§ ИУДАИЗМ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Еврейлердин (Yahudiy) Борбордук Азияга кирип келиши качандан башталган?
2. Еврейлердин байыртада Борбордук Азияда жашаганын көрсөтүүчү табылгалар качан жана каерден табылган жана алар кайсы доорго тиешелүү?
3. Борбордук Азиядагы еврейлер эмне үчүн «Бухара еврейлери» деп аталат?

Илимдердин пайдасы – алардын жардамында алтын жана күмүш топтоо эмес, тескерисинче адамзаттык жана даанышмандыкка жетишүү болуп эсептелет.

***Абу Райхан Беруний***

## ДИН ТАРЫХЫНАН

Иудаизм дүйнөдөгү эң байыркы диндердин бири болуп, болжол менен, б.з.ч. 2-миң жылдыкта Жакынкы Чыгышта пайда болгон. Ал еврей элине гана таандык улуттук дин эсептелет. Абу Райхан Беруний өзүнүн «Байыркы элдерден калган эстеликтер» китебинде еврейлер (yahudiylar) аталышы сомий тилдердеги «hoda», б.а. «тообо кылуу, тообо кылгандар» сөзүнөн келип чыккан, деген пикирлер бар экенин айтып өткөн. Кеңири таралган пикирге көрө «еврей» сөзү Якуб пайгамбардын уулу Яхудонун атынан алынган.

Еврей элинин дагы бир аты Бану Израил болгон. «Израил» сөзү Якуб пайгамбардын экинчи аты болуп, «бану» – балдар деп которулат. Демек, Бану Израил дегени «Израилдин урпактары» маанисин берет.

*Уламыштарга көрө, Якуб пайгамбардын 12 уулу болуп, алардын төртүнчүсү Яхудо эле. 12 уулунан кийинчерээк 12 уруу таралат. Яхудонун урпактары болгон еврейлер башка урууларды өзүнө баш ийдирет. Ошондон кийин бул уруулардын бардыгы «еврей» деп атала баштады.*



*Мусаны кууп бара жаткан Фараон (папируска тартылган сүрөт)*

«Еврей» сөзү байыркы семий тилдериндеги «ибрий» сөзүнүн өзгөргөн формасы болуп саналат. Араб булактарында бул сөз «абара, яъбуру» — «кечип өтүү» этишинен келип чыккан деп эсептелет. Бул дин булактарына көрө, алгачкы еврей уруулары Месопотамияда жашашкан. Алар б.з.ч. XV кылымдарда Ибрахым пайгамбардын башчылыгында Дажла жана Фрот дарыяларынан кечип өтүшкөн.

Таврат, Инжил (Библия) жана Куранда кабар берилишинче, Ибрахым пайгамбардын небереси болгон Якубдун он биринчи уулу Жусуп (Юсуф) болчу. Жусуп жана анын агалары ортосундагы мамилелер себеп Бану Израил эли Египетке көчүп келген. Алар көп убакыт Египетте жашашкан. Кийинчерээк Египет фараону Бану Израил эллине зулум кылгандан соң, Муса пайгамбар башчылыгында бул эл кайра Канон (Палестина) жерлерине кайтты.




*Деңиздин экиге бөлүнүү сүрөтү*

Биздин заманга чейинки 722-жылда Израил падышалыгы Ассирия тарабынан, 586-жылда болсо Вавилон



## ТАРЫХКА НАЗАР

Библия уламыштарына көрө, б.з.ч. 1250-жылда еврейлер Муса башчылыгында Египетти таштап кетишкен. Б.з.ч. 1000-жылда падыша Саул каза болгондон соң анын күйөөсү падыша Давуд Палестинаны бириктирип, Еврей падышалыгын түздү.




*Израилдиктер Египетте*



***Танах*** *биринчилик булак болуп, Ал Таврат (Тора), Пайгамбарлар (Невиим) жана Китептер (Хетувим) деп аталуучу үч бөлүмдөн турат.*

***Талмуд*** *(ибранийче — «үйрөнүү») Тавраттын түшүндүрмөсү катары эсептелет.*



*Улуу Жибек жолу*

мамлекети тарабынан басып алынгандан соң, еврей элинин бир бөлүгү өлкөдөн кууп чыгарылды.

## БОРБОР АЗИЯГА ИУДАИЗМ ДИНИНИН КИРИП КЕЛИШИ ЖАНА ӨНҮГҮҮСҮ

Биздин заманга чейинки VIII кылымдарда кээ бир еврейлер Израилден кетип, Египет, Иран сыяктуу өлкөлөрдөн орун табышты. Борбордук Азияга еврейлер Согдиана мамлекети доорунда б.а. б.з.ч. II кылымда кирип келишкен. Алар Иран аркылуу Марвга келип, Ал жерден Бухара, Самарканд, Шахрисабз жана башка шаарларга таралышкан.

Изилдөөчүлөр алардын бул жерге көчүп келип, жайгашууларын «Улуу Жибек жолунун» иши менен байланыштырышат. Еврейлердин боёкчулук боюнча адис

болгондугу алардын чийки зат булактарына жакыныраак чөлкөмдөргө жайгашууларына себеп болгон.

Борбордук Азияда б.з.ч. IX–X кылымдарда еврей коомдору көп сандуу жана эркин болушкан. Алардан согушка жарамдуу эркектер гана жизя салыгын төлөшкөн. Топтолгон салыктардын жарымы гана мамлекеттин казынасына тапшырылган, калган бөлүгү болсо коомдун жеткечисинин каалоосунда калган.

Еврейлердин Борбордук Азияда жашагандыктарына күбөлүк берүүчү археологиялык табылгалар алгачкы жолу изилдөөчү тарабынан 1954-жылы Түркмөнстандын Марв жана Байрамлы шаарларынан табылган. Булар байыркы синагога калдыктары, еврей жазуусунда жазылган карапа буюмдары. Табылгалар Грек-Бактрия жана Парфия мамлекетттери бийлик жүргүзгөн б.з.ч. II – б.з.ч. I кылымдарга таандык болгон.

IX–X кылымдарда Борбордук Азияда караимдер деп аталган еврей сектасы пайда болот. Бул агымдын тарапташтары Тораны гана (Тавротту) тан алышчу, Талмудду болсо четке кагышчу. Алар жергиликтүү еврейлерди кашрут (уруксат этилген тамактарды гана жеш) эрежесин бузуу, жергиликтүү калк менен аралашып кетүү



*Караимдердин улуттук кийими*



*Ташкенттеги Ашкенази синагогасы (1930-жылда жабылган, 1966-жылдагы жер титирөөдө бузулуп кеткен)*

жана еврей динин динде жок амалдар (bid'atlar) менен бузууда айыптай башташты.

XIII кылымдын башына келип байыркы еврей коомдору да кризиске учурады. Сакталып калган аз сандуу еврейлер Бухара жана анын айланасында жашашкан. Моңолдор доорунда болсо Харезмде еврейлердин бир шаарда 100 үйдөн көп болууларына тыюу салынган эле.

Амир Темур жана темурийлер доорунда Маварауннахр аймагында Ирандан көптөгөн еврей жамааттары көчүрүп келтирилген. Алардын бир бөлүгү Бухарада жашаган. XVIII кылымдын баштарында еврейлер Иран, Ооганстан, Хива, Кокон жана Бухара жамааттарына бөлүнүп кеткен.



*Еврей мектеби. (Самарканд, XX кылымдын баштары)*

XIX кылымдын экинчи жарымында Борбордук Азия еврейлери Бухара амирлиги аймактарында жашагандыктан «Бухара еврейлери» наамы менен таанылган болсо да, алардын негизги бөлүгү Самаркандда жашаган.

XIX кылымга келип еврейлер Борбордук Азиянын Каршы, Марв, Хатирчи, Шахрисабз, Каттакоргон, Кармана, Маргылан, Душанбе шаарларында бир кварталга чогулуп жашашкан.

1932-жылда Самаркандда еврейлер театры түзүлгөн. 1940-жылга чейин Борбордук Азияда еврейлердин иврит тилиндеги мектептери, мезгилдүү жана атайын басмалары бар болгон.


Советтер доорунун кийинки жылдарында еврей тилинде окутуу жана маданий ишмердүүлүк кылуу ток-

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

«XIX кылымдын экинчи жарымында Россия империясынын Борбордук Азияны басып алышы еврейлердин Түркстан жана Бухара жамааттарына бөлүнүп кетишине алып келди». Тарых сабагынан алган билимдериңе таянып, еврейлердин Түркстан жана Бухара жамааттарына бөлүнүп кетүү себептерин аныкта.



*Еврейлер театры*



*Бухарадагы еврей үй-бүлөсү (XX кылымдын баштары)*

тотулган. Бирок, иудаизм жалгыз улутка таандык дин болгондуктан, алар каерде жашабасын, бири экинчисинен канчалык алыста болбосун, өз дини жана ыйык китептерине болгон ишенимин уланта беришкен.

1991-жылда Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенден соң бардык диндер, атап айтсак, еврей динине да эркин ынануу үчүн кеңири шарттар жаратып берилди.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Бүгүнкү күндө мамлекетибизде башка диний конфессиялар катарында тизмеден өткөн «Еврейлер коому» иш жүргүзөт. Ушул сүйлөмдү диний жана улуттук кең пейилдүүлүк принциби менен байланыштырып түшүндүр.
2. «1170-жылда Самарканддын эле өзүндө 30 миң еврей жашаган». Бул сөздүн негизинде журтубуздагы диний кең пейилдүүлүк принциптери эзелки баалуулук экендиги боюнча пикир билдир.
3. Израиль мамлекети качан түзүлгөндүгүн жана түзүлүү шарт-жагдайларын аныкта.

# 6–7-§ ИУДАИЗМ ОКУУСУ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Иудаизмдеги Он өкүм жөнүндө уккансыңбы?
2. Географиядан алган билимиңе таянып, Синай (Тур) тоосу жайгашкан аймакты тап.
3. Тур тоосуна байланышкан кандай уламыштарды билесиң же уккансың?



*Муса Он өкүмдү алууда (заманбап сүрөт)*

## ИУДАИЗМ ОКУУСУ

Иудаизм окуусу Кудай тарабынан Мусага жиберилген Он өкүмгө амал кылууга негизделет. Алардын ынанымыма көрө, Он өкүм Муса пайгамбарга Синай (Тур) тоосунда эки жолу түшүрүлгөн.

Иудаизмде айтылгандай, Муса өз уруусунун колодон жасалган музоого сыйынып жатканын көрүп, мындан ачууланып кетет жана Кудайдын өкүмдөрү жазылган үзүндүлөрдү сындырып таштайт. Ошондон кийин Кудай төмөнкү Он өкүмдү кайра түшүргөн.

1. Дүйнөнү жараткан, жападан жалгыз Яхведен башка кудай жоктугуна ыйман келтирүү.
2. Яхведен башкага сыйынбастык.
3. Кудайдын атын болор-болбоско тилге ала бербестик.
4. Ишемби күнүн ыйык билүү жана ушул күнү эс алуу.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ


Он өкүмдө берилген эрежелерди ахлак эрежелери менен байланыштырып түшүндүр.

5. Ата-энени урматтоо.
6. Адам өлтүрбөө.
7. Зынаа жасабоо.
8. Уурулук кылбоо.
9. Өз жакындарынын (еврейлер) пайдасына жалган күбөлүк бербөө.
10. Өз жакындарынын үйүнө, аялына, кулуна, жаныбарларына, дегеле ага таандык болгон нерселерге көз артпоо.

Бул өкүмдөр еврейлердин ыйык булагы эсептелген Таврат (Тора) китебинде келтирилген. Таврат Мусага тиешелүү болгон беш китепти өз ичине алат:

1) «Дүйнө» же «Башталыш»;
2) «Чыгуу»;
3) «Левит»;
4) «Сандар»;
5) «Экинчи мыйзам».

Тавраттын тексти ибрий жана арамей (эски еврей) тилдеринде жазылган. Анда Израил элинин тарыхы баяндалган.



*Талмуд*



**ТАРЫХКА НАЗАР**

Иран падышасы Кир II тарабынан Вавилон басып алынгандан соң, еврейлердин кыйла бөлүгү Каньонго кайтып, падышанын ыраазылыгы менен экинчи жолу өз мамлекеттерин кайра тикелөөгө жетишишкен. Ал эми орун которуп жүргөн еврейлердин бир бөлүгү Чыгышка, алсак, Борбордук Азияга көчүп өттү.

## ИБАДАТ ЖАНА ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАР

Иудаизмде ибадат таң, бешим жана шам маалында жасалуучу күндөлүк жана ишемби күнү синагогада болуп өтө турган апталык ибадат түрлөрүнө бөлүнөт. Апталык ибадат (Шабат-Сабт) жума күнү Күндүн батышы менен башталат жана ишемби күнү аягына чыгат.

Ишемби күнү от жагууга, иштөөгө, а түгүл транспорттон пайдаланууга да тыюу салынат. Иудаизм окуусуна көрө, Кудай ааламды алты күндө жаратып, жетинчи күнү эс алган. Ошондуктан да, еврейлер ап-

**Синагога** (грек. «чогулуу»; ибр. – «бейит кнесет» – «чогулуучу үй»)да ибадаттар кеминде он эрезеге жеткен эркек киши чогулганда өткөрүлөт.

«Тавратта» бейиш «Адан» деген ат менен аталып, анын касиеттери баяндалган.

Иудаизмде ибадат – «авода ше-ба-лев» ибранийче «Дил кызматы» деген маанини билдирет.

танын жетинчи күнү — ишембини эс алуу жана ибадатка арнашат.

Ибадат маалындагы эң маанилүү учур жана анын негизги шарттарынан бири «Таврат» оромдорунун түйүндөрдүн ичинен чыгарылышы жана поп (диний кызматкер) тарабынан бийик үн менен окулушу эсептелет. Еврейлерде синагогада гана эмес, үйдө да ибадат кылынат.



*«Мезуза»*

Үйлөргө кирүү эшигинин үстүндө «мезуза» деп аталган, узун бир куурдун ичине оролгон түрдө коюлган «Тавраттын» сүйлөмдөрү жазылган болот. Үйгө кирүү жана чыгууда еврейлер «мезуза»га кол тийгизип, бармактарын өбүшөт. Еврейлер «мезуза» аларды кара рухтардын жамандыгынан сактайт, деп ишенишкен. Үйдө жасалуучу ибадат маалында баш кийим кийилип, желкеге болсо чекмен (талес) таштап алынат. Дубалардын эң маанилүүсү саналган 16 сы тик турган абалда айтылат. Башкаларын окуп жатканда чөгөлөп, денени термелтип туруу өңдүү кыймылдар жасалат.

Синагогаларда, албетте, үч элемент орун алышы шарт. Бул **Арон Кодеш**, **Нер Тамид** жана **Бима**. Иерусалимге багытталган ыйык үкөк (шкаф) – Арон Кодештин ичинде «Таврат» тумарлары сакталуучу атайын

**Нер Тамид** – (ибр. *«түбөлүк шам чырак»*) синагогада «Таврат» салынган үкөктүн тушунда жайгашкан болуп, дайыма күйүп туруучу шам чырак эсептелет. Синагогдордо Нер Тамид Менораны эстетип туруучу символ катары коюлат.

**Бима** (*же тева*, *алмемар*) болсо — синагоганын борборунда жайгашкан «Таврат» окула турган атайын жай.

жай болуп, ал мечиттеги «кыбылага» окшош милдетти аткарат жана кирүү эшигинин тушунда болот.



*Нер Тамид*

## МАЙРАМДАР

Еврейлерде Рош Ашона, Ём Кипур, Песах, Шавуот, Суккот, Симха Тора, Пурим, Ханукка жана башка диний жана улуттук майрамдар (ибр. – Ём тов – жакшы күн) бар.

**Рош Ашона** (ибр. – «жыл башы») еврей улуттук календарына ылайык жаңы жыл майрамы тишре (сентябрь-октябрь) айынын биринчи жана экинчи күндөрүндө белгиленет.



*Рош Ашона майрамынын синагогада белгилениши.*



*«Таврат» окуу*

Иудаизм окуусуна ылайык, бул күндө алгачкы адам Адам жаратылган жана Кудай тарабынан берилген тыюуну бузуп, бейиштен чыгарылган.

Он күн созула турган Рош Ашонанын акыркы күнүндө **Ём Кипур** майрамы белгиленет. Бул күнү эч кандай иш кылынбай, ибадат менен гана алек болушат. Еврейлер Ём Кипурда орозо кармоолору, синагогдо өкүнүүлөр менен ыйлап, кылган күнөөлөрүнө тообо кылуулары шарт.

**Песах (Пасха)** жылдык майрамдар арасында эң маанилүүсү эсептелет. Ал нисан (март-апрель) айынын он бешинчи күнүнөн башталып, сегиз күнгө созулат. Бул майрам еврейлердин Египеттеги кулдуктан бошонгондору үчүн белгиленет жана бул күндөрдө ачыткысыз нан – «маца» жейилет.

**Шавуот (Шевиот)** (ибр. – *апталар*) Песхадан кийинки 50-күнү белгиленет. Шавуот баштап дыйканчылык майрамы болгон. Кийинчерээк Синай тоосунда Мусага «Тавраттын» берилиши себеп белгиленген.



*Ибадатка чакыруу үчүн чалына турган шофар*

**Суккот** (алачыктар майрамы) еврейлер Египеттеги кулдуктан азат болушкандан соң, чөлдө чатырларда күн кечиргендерин эстеп өткөрүлө турган иш чара. Мурда еврейлер бул майрам күнү Иерусалимге зыяратка барышкан. Бүгүнкү күнгө келип бул салттан калган.



*Үй-бүлөдө «Песах» майрамы*

Улуттук өзгөчөлүккө ээ **Пурим** (Таттуулар майрамы) адар (февраль-март) айынын 14-күнү белгиленет. Бул майрам Иерусалимде 1 күн, башка жерлерде болсо 2 күнгө созулат.

Бул майрам Эстер аттуу кыз себеп еврейлердин Иранда жалпы кыргындан кутулуп калуулары урматына арналат жана анда көңүл ачар кечелер уюштурулуп, таттуулар таратылат.



Ханукия


**Ханукка** (ибр. – *«жаңылануу», «жарытуу»*) еврейлердин Сирия королу Антиокас үстүнөн жетишкен жеңиштери урматына арналган майрам.

Кислав (ноябрь–декабрь) айынын жыйырма бешинчи күнүнөн башталып 8 күнгө созулуучу бул майрамдын адаттагы күндөрдөн бир гана айырмасы хануккия деп аталган тогуз мүйүздүү шам койгучтан ар күнү биринин күйгүзүлүшү эсептелет.

Иудаизмде көмүү иш чарасы да белгилүү бир өзгөчөлүккө ээ. Адам каза болгондон соң, туугандары атайын кийим кийип, шам жагышат. Сөөктү ак кепенге ороп, «Каддиш» (арамийче – *«Ыйык»*, синагогаларда окула турган ибадат дубасы) окушат.

Сөөк (өлүк) чыккан үйдө бир апта бою аза тутулуп, үйдөн сыртка чыгылбайт. Бир жыл өткөндөн соң,



*Иерусалимдеги биринчи чоң синагога*

*3100 тепкич аркылуу Тур тоосуна чыгуу*



өлгөндү эскерип, «жыл ашы» («Ёрсайт») өткөрүлөт. Ём-кипур, Суккот, Песах майрамдарында өлгөндөрдү эскерип, «Йизкор» деп аталуучу атайын дубалар окулат.

## АГЫМДАР

Алыс тарыхый өнүгүүдө башка диндерде болгону сыяктуу еврейликте да ички бөлүнүүлөр пайда болгон. Алардын арасында эң кеңири тарагандары садукийлик, фарзийлик, эссанийлик, хасидийлик, караим, реформачы, консерватив өңдүү агымдар болуп саналат.



*Садукийлер*

**Садукийлик** классикалык агымдар арасында белгилүү бир өзүнө мүнөздүүлүктөрү менен башкалардан айырмаланат. Бул агымдын өкүлдөрү негизинен ири жер ээлери, жогору катмар өкүлдөрү (ак сөөктөр)нөн болушкан.

Садукийлик окуусуна көрө рух түбөлүк эместиги айтылат. Адамдын кайра тирилүүсү, периштелердин бар экендиги танылат. Садукийлер Кудай пенделеринин ишине аралашпайт, ар бир адам тагдырын өзү жаратат, деп эсептешет.

**Садукийлик** термини Сулайман пайгамбар падышалык кылган доордо поп болгон Садоканын (Садок) атынан келип чыккан.

**Фарзийлер** — ибр. «perushim» — «бөлөк болуу», «ыпыластыктардан алыс болуу».

**Фарзийлер** агымы б.з.ч. II кылымда ынаным жана иш жүзүндө садукийликке карама-каршы түрдө пайда болгон. О.э, садукийликтен айырмалуу түрдө фарзийлердин өзөгүн төмөнкү катмар өкүлдөрү жана кембагалдар түзгөн.



*Фарзийлер*

Иудаизм мыйзам-эрежелерине катуу амал кылынышын талап кылуучу бул агым Кудай ар бир нерсени көзөмөлдөөсү, пендеге таандык эркин эрктин бар экендиги, өлүмдөн кийин кайра тирилүү, бейиш, тозок, периштелер, жаза жана сыйлыктын бар экендигине ишенүүгө негизделет.

**Иссийим**, **б.а. Эссанийлер** садукийлик жана фарзийлик менен бир доордо пайда болгон классикалык агымдардан бири. Эссанийлердин ынаным негиздери фарзийлердикине жакын болуп, алар адамдардын тагдыры алдындан жазып коюлганын, кайра тирилүү жана периштелердин бар экендигин айтышат.

Мисалы, периштелер – ыйык жандыктар, «Асман уулдары», ишке ашырыла турган иштерине карап



*Эссанийлер*



*Эссанийлердин үйлөрүнүн калдыктары*

«Нурлар королу», «Караңгылык периштеси», «Азаттык периштеси», «Мастемах (шайтан)», «Сактоочу периштелер» өңдүү класстарга ажыратылат.

Алардын окуусуна көрө, адам өлгөндөн соң анын руху асманга көтөрүлүп, жакшы рухтар түбөлүк бактылуу жашашат, жаман рухтар болсо, кычыраган суукта азап чегишет.

XVIII кылымдын биринчи чейрегинде пайда болгон **хасидийлик** (ибр. – «динчилдер») орто кылым агымдарынын ичинде өзүнчө орунду ээлейт. Бул окуунун жактоочулары диндин маңызына акыл менен эмес, тескерисинче, сезимдер аркылуу жетишилет, деген принциптен келип чыгып, дин мыйзамдарын үйрөнүүнү эмес, диний сезим жана ахлакты биринчи орунга коюшат.

Хасидийлер ишемби жана майрам күндөрү «штраймл» аттуу тумак (баш кийим) кийүүлөрү менен башка агымдардан ажыралып турат.

Хасидийлер жашоонун бардык тармактарында ахлак нормаларына катуу амал кылып, «Тавратта» белгиленген буйруктарды кынтыксыз аткарууга аракет кылышат.

*Хасидийлик агымындагы еврейлер «штраймл» тумактарында*





*Бухара еврейлери*
*XX кылымдын баштары*



*Бухара еврейлери*
*XXI кылым*



*Реформачы еврейлер*

**«Реформачы иудаизм»** заманбап агымы XIX кылымдын баштарында Германияда пайда болгон болсо да, АКШда калыптанды. Бул агым пайда болушуна Борбордук Европада жашоочу еврейлердин өздөрү жашап жаткан мамлекеттин маданиятына ылайыкташууга чакыруулары идеялык негиз болуп кызмат кылган.

«Реформачы иудаизмге» таандык өзгөчөлүктөр мындай: анын окуусуна көрө, «еврейлер эми бир эл (улут) эмес, тескерисинче бир коом, байыркы еврей мыйзам-эрежелеринен болгону заманбап жашоо мүнөзүнө ылайык болгондору гана кабыл алынышы мүмкүн» дейилет.

Мисалы, ишемби күнкү ибадат жекшемби күнүнө көчүрүлгөн, синагогада аялдар эркектер менен жанаша отуруп ибадат кылуулары жана поп катары ырым-жырымдарды башкарышы да мүмкүн.

Бүгүнкү күндө реформачы еврейлердин саны Израилде болжол менен 5–6 миң киши болсо, АКШда жашоочу еврейлердин 40 пайызын түзөт.



*Өзбекстандагы синагога*



*Иерусалимдеги ый дубалы*

Мындан сырткары, ибадат маалында баш кийим кийүү милдеттемеси жок. Башка ынаным өкүлдөрү менен нике мамилелерине киргүгө каршылык кылынбайт. Ата-энесинин кайсы бири еврей экендигинен көз карандысыз түрдө перзент да еврей, деп саналат.

Реформачы иудаизмге жооп катары **консервативдик иудаизм** пайда болгон. Консервативдик иудаизмде башка ынаным өкүлдөрү менен үй-бүлө куруу кабыл алынбайт жана еврей энеден гана төрөлгөн бала еврей деп эсептелет.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Иудаизмде пайда болгон агымдардын ортосунда кандай жалпылык жана өз ара карама-каршы болгон идеялар бар?
2. Иудаизм дининин өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн айтып бер.
3. Тур тоосунун байыркы аттарын аныкта. Еврей коомдорунун дүйнө бойлоп таралуу картасын сыз.

# 8-§ БУДДИЗМ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

Тарых сабагынан алган билимдериңе таянып, төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Буддизм дини качан жана каерде пайда болгон?
2. Бүгүнкү күндө бул динге ынануучулардын санын билесиңби?
3. Буддизм дини тараган мамлекеттерди дүйнө картасынан көрсөт.
4. Эмне үчүн бул дин дүйнөлүк дин дейилет?
5. Биздин өлкөбүзгө буддизм дини качан кирип келген?
6. Улуу Жибек жолунун буддизм дининин таралышындагы ордун түшүндүрүп бер.

## БУДДИЗМ

Буддизм б.з.ч. VI–V кылымдарда Түндүк Индияда пайда болгон болсо да, көп өтпөй чыгышка карай кеңири тарала баштады. Уламышта айтылышынча, Будда өлгөндөн соң анын сөөгү күйгүзүлүп, күлү сегиз будда коомуна жиберилди. Анын күлү көмүлгөн жерлерде буддизм ступтары (күмбөздөрү) курулду.



*Будданын айкели, Кытай*

Өзү пайда болгон Индиядан индуизм таасиринде кысып чыгарылган буддизм башка мамлекеттерге кеңири таралып, дүйнөлүк дин даражасына чыкты.

Буддизм биздин замандын I кылымында Кытай, IV кылымда Корея, VI кылымда Япония, VII кылымда Тибет, XIII кылымдан XVI кылымга чейин Монголия, XVII кылымдан XVIII кылымга чейин Бурятия жана Тува, XIX–XX кылымдарда Америка жана Европа материктерине кирип барган.

## БОРБОРДУК АЗИЯГА БУДДИЗМДИН КИРИП КЕЛИШИ



*Жер асты жана жер үстү ибадатканасы. II–IV кылымдар. Каратепа*

Буддизм Өзбекстандын түштүгүнүн байыркы жана алгачкы орто кылымдар тарыхында терең из калтырган дин эсептелет. Мамлекетибиздин аймагында буддизм маданиятына таандык эстеликтердин ачылганы жана үйрөнүлгөнү, жогорку даражалуу көрүнүштөгү көркөм чыгармалар жана буюмдардын табылганы да мындан кабар беришин сен тарых сабактарында окугансың.

Буддизмдин эң белгилүү байыркы эстеликтери биздин замандын III–I кылымдарына таандык. VII кылымдын баштарында Термезде 10 буддисттик монастыры (сангарама) жана миң монах болгон. Борбордук Азияда V–VIII кылымдарда буддизмдин ордун ислам дини ээлей баштады.

1927-жылда байыркы Термезде буддизмге таандык баалуу эстеликтер бар экендиги аныкталды. Термез



*Шри-Ланканын байыркы борбору Анурадхапурдагы ступа*

археологиялык комплекс экспедициясынын (ТАКЭ) иштеринин натыйжасында Каратепа жана Чынгызтепа дөңсөөлөрүндө эки ири буддизм монастыры болгондугу аныкталды жана грек-буддизм архитектурасы жана айкелдеринин бөлүктөрү табылган ондогон жерлер катталды.

**Айрытам** Термезден 7 км алыста, Амударыянын байыркы кечүүсүнө жакын, тик жээгинин оң тарабында жайгашкан.

Көөнө шаардын чыгыш жагында буддизм ступасына окшош мунара формасындагы чийки кыштан курулган имараттын урандылары жайгашкан.

1933-жылы археолог Михаил Евгеньевич Массон тарабынан чийки кыштан курулган имарат калдыктары, анын ичинде болсо айкел, таш карниздер, архитектуралык буюмдар, таштан жасалган ыйык эстеликтер, музыканттар жана ойчулдар, кайрымдуулук кылуучулардын фигуралары түшүрүлгөн айкелдердин оймолуу таш плиталары табылган.

**Каратепа**. Дөңсөө буддизм попторунун эң чоң борбору эсептелген жана ал Кушан империясы доорундагы Термездин сырткы дубалынын коргоосунда, шаар сыртында жайгашкан болгон.



*Айрытам табылгасы*

## МААЛЫМАТ ҮЧҮН

*Будданын жашоосу менен байланыштуу көптөгөн окуяларга мифтик түс берилген. Атап айтсак, уламыштардын биринде келтирилишинче, Будда 84 жолу поп, 58 жолу шах, 24 жолу монах, 13 жолу соодагер, 18 жолу маймыл, 12 жолу ток, 8 жолу каз, 6 жолу пил, о.э., балык, бака, келемиш, коён түспөлдөрүндө 550 жолу кайра төрөлгөн. Акыркы жолу Кудайлар аны адамзатты туура жолго баштоосу үчүн адам түспөлүндө жаратышкан.*



*Будда. Каратепа, б.з. III кылым*



*Будда. Далварзинтепа, б.з. III кылым*

1961-жылдагы изилдөө экспедициясы натыйжасында Каратепа имараттарынын үч кабаты табылган. Негизги комплекстин үч бөлүгү батыштан чыгышка карап дээрлик түз тартылган. Атайын короодо Будда мүрзөсүнүн символу болгон «ступа» орнотулган.

**Фаязтепа**. Каратепанын чыгышынан сексен метр бериде Фаязтепа ибадаткана-монастыры комплекси аныкталды. Фаязтепа ибадатканасы туура төрт бурчтуктан турган түзүлүшкө ээ.

Имарат үч тең бөлүккө бөлүнгөн, алардын ар биринде ички короо болгон. Бир бөлүгүндө жашоо бөлмөсүн өз ичине алган монастыр (монахкана) жайгашкан. Анда монахтар жашашкан. Мындан сырткары, тамактана турган бөлмө, ашкана, нан жабылуучу бөлмө өңдүү жардамчы бөлмөлөр болгон. Үчүнчүсү ибадатканага окшогон борбордук бөлмө болуп, дубалдары чийки кыш жана паксадан курулган, самандуу ылай менен шыбалган жана акталган.

**Далварзинтепа**. Сурхандарыя облусу, Шорчу районунда жайгашкан. Буддалыкка таандык бул эстелик 1962-жылы аныкталган.

Бул байыркы шаардан сыртта да дагы бир будда ибадатканасы, вино даярдоо курулмалары жана көмүү жайы табылган.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Буддалыктын Борбордук Азияга жайылышы кайсы доорлордон башталгандыгын эсте.
2. Бул доордо Борбордук Азиядагы элдер кайсы диндерге ынанышкан?
3. Кошумча адабияттардан мамлекетибиз аймагында буддалык тараган аймактардагы маданий жашоо жөнүндө маалымат чогулт.

Бул шаарчадан Борбордук Азия аймактарында биринчи жолу ылайдан жасалган, жакшы сакталган Будда сүрөттөлгөн жана көптөгөн башка айкелчелер, жасалгалар, диний ырым-жырым буюмдары жана тыйындар табылган.

Ибадатканадагы Будданын тик турган айкели өтө жакшы сакталган: анын буттары бекем кыш негизде турат, кийимдеринин бырыштары даана, булардын бардыгы жаркын кызыл түскө боёлгон. Будданын чачтарынын түбү, негизинен, кара, жогорусу кызыл түстө. Дал ушул түс менен каш жана көзүнүн каректери сызылган.

**Кува**. 1957-жылда Фергана өрөөнүндөгү Кува шаары урандыларында архитектура жана айкелчиликтин сонун үлгүсү болгон будда ибадатканасынын калдыктары табылган. Бул материалдар Фергана облусунда VII кылымда будда дини кеңири тараганын тастыктайт.

Бул доордо Борбордук Азиянын башка аймактарында зардуштийлик дини, алсак, анын жергиликтүү диний салттарды өзүнө сиңдирген түрү үстөмдүү болгон. Бүгүнкү күндө журтубузда буддалыктын ламаизм багыты тараган.



*Шах Хувишка дооруна таандык тыйын*

*Бодхисатва, Фаязтепа, б.з. I–II кылымдар*



## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Биздин замандын I–III кылымдарында Өзбекстандын түштүгүндө кайсы мамлекет өкүм сүргөн?
2. Бул доордо кайсы падыша бийлик жүргүзгөн?
3. Эмне үчүн буддалык мамлекет динине айланган?
4. Берилген сүрөттөрдүн негизинде ошол доордо мамлекеттин будда динине болгон мамилесин түшүндүрүүгө аракет кыл.
5. А. Зиёнун «Өзбек мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышы» китебинен Кушан империясы жана будда дини жөнүндөгү маалыматтарды тап.

# 9-§ БУДДАЛЫК ОКУУСУ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Кандайдыр бир диндин дүйнө динине айлануусуна эмнелер себеп болушу мүмкүн?
2. Буддалык окуусу эмне себептен дүйнө бойлоп кеңири тараган?
3. Сен көргөн көркөм фильмдердин арасында будда монахтары жөнүндөгүлөрү барбы? Монахтардын кулк-мүнөзү жана ахлак ченемдерине амал кылуулары жөнүндө ой жүгүрт.

Ар бир улуттун Будда окуусун өз тилинде окуп-үйрөнүү мүмкүнчүлүгү буддалыктын түрдүү аймактарга таралышына негиз жараткан. Биздин замандын биринчи кылымында буддалык таптакыр башкача түс алат. Будда ыйыкташтырылып, Кудай даражасына көтөрүлөт жана ага сыйына башташат.



*Бодхисатва, Далварзинтепа. III кылым*

## БУДДАЛЫКТА ЫЙЫК ТЕКСТТЕР

Буддалыктын ыйык булагы «Трипитака» (санскритче «Үч себет даанышмандык») үч чоң бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүм – «Виная-питака» (санскритче – «Ахлактык ченемдер китеби») буддалар жамааты «сангханын» курамына кирүү тартиби, монахтардын кулк-мүнөзү жана диний көрсөтмөлөргө амал кылуу мыйзам-эрежелери жана ага амал кылынбаган тагдырда бериле турган жазалардын мүнөздөмөсүн өз ичине алат.

Экинчи бөлүм – «Сутта-питака» (санскритче – «Дубалар китеби») көлөм жагынан эң чоңу эсептелет. Анда, негизинен, «төрт чыныгы акыйкат» жөнүндө сөз жүрөт. Будда окуусу шакирттери тилинен тамсил, маек, насаат, уламыш, накыл сөз, дастандар түрүндө баяндал-

ган. О.э., бул бөлүмдө Будда жамааты («сангха»)нын түзүлүшү жана анын шакирттерине тиешелүү маалыматтар да келтирилет.

Үчүнчү бөлүм – «Абхидхарма-питака» (санскритче – «Диний-философиялык маселелер китеби»)да диний окуунун негизги эрежелери туюнтулуп, буддалык практиканын философиялык мазмун-маңызы ачып берилген. Текст жазылуу стили жана тили татаалдыгы үчүн буддалык монахтар аларды устаттарынан гана билим алуу жолу менен өздөштүрүшкөн.

«Трипитака» тексттерине убакыт өтүшү менен өзгөртүү, түзөтүү жана кошумчалар киргизилген. Мындай өзгөрүүлөр буддалыкта өзүнө мүнөздүү багыттардын пайда болушуна негиз жараткан.

«Трипитака»нын алгачкы тексти санскрит тилинде жазылган болсо да, убакыт өтүп чыныгы тексттер жоголуп кеткендиктен, тибет, кытай жана япон тилдерине гана которулган үлгүлөрү сакталып калган. Мазмун жагынан «веда» (санскритче – ыйык билим) жана брахмандык философиялык көз караштарынан бөлөк болгон буддалык булактары, өзүнүн кең жайылган стилдеги баяны менен карапайым калкка түшүнүктүү болгон. Мисалы, «махаяна» дал ушул өзгөчөлүгү себеп буддалыкты Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азияга жайылышын камсыздай алган. Биздин замандын биринчи кылымынан баштап буддалык Кытай, Корея, Япония, Шри-Ланка, Бирма Тайланд, Вьетнам, Камбоджа, Лаос аймактарына жетип барган.

*Будда билим аркылуу азап-тозоктордон кутулуу мүмкүндүгүн айткан. Будда даанышмандарынын оюу боюнча, ар бир адам өтө көп изги жана жакшы иштер кылуу аркылуу Буддага айланышы мүмкүн.*



*Будда дининин символу «Дхармачакра». Ал «Мыйзам дөңгөлөгү» деп да аталат*

**«Нирвана»** санскритче — «соолуу», «өчүү»,
**«руполака»** санскритче — «бейиш»,
**«камалока»** санскритче — «тозок», «эң төмөнкү дүйнө»,
**«Трипитака»** санскритче — «Үч себет даанышмандык» дегени.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти оку жана будда окуусунун негизи жөнүндө пикир билдир.

*Будданын оюнча, адам «Панча шила» (санскритче – беш насаат)га амал кылуу, адам өлтүрүү, уурулук, адашуу, жалган сөз, мас кылуучу нерселерден сактануусу керек.*

***Бодхисатва** — нирванага жетишкен, бирок тирүү жандыктарга болгон сүйүүсү себеп андан баш тарткан адам.*

Будданын 84 миң насааты 108 томдон турган «Кангюрда», анын түшүндүрмөсү 225 томдон турган «Тенгюр» китептеринде берилген. О.э., Будданын жашоосуна арналган жана биздин замандын II кылымында жазылган «Махавосу», биздин замандын II–III кылымдарында жазылган «Лалитавистара» («Будданын жашоосу»), буддалык философ Ашвагхоша тарабынан биздин замандын I–II кылымдарында жаратылган «Буддхачарита», биздин замандын I кылымында жазылган «Абнихишкрамансутра» жана «Ниданакатха», «Дхаммапада» («Дхарма жолу», «Будданын ой-идеялары») өңдүү чыгармалар буддалыктын маанилүү булактарынан эсептелет.

## БУДДАЛЫКТЫН БАГЫТТАРЫ

Будданын өлүмүнөн соң шакирттери арасында бөлүнүү болду.

**Хинаяна** (санскритче – *чакан араба*) багыты салттык көз караштарга амал кылуусу менен бирге Будда

*Уламыштарга караганда, Будданын өлүмүнөн соң анын сөөгү отто күйдүрүлгөн. Будданын шакирттеринен бири ошол жерден Будданын тишин таап алган жана бул тиш ибадатканада сакталган. «Будданын тиши» ибадаткананын жер астында, күмүштөн жасалган коңгуроонун ичинде алтын идиште сакталган.*

окуусуна туруктуу логикалык ырааттуулук берүүгө умтулду.

Буддалыктын алгачкы багыттарынан бири, кутулуунун тар жолу хинаяна б.з.ч. I кылымда калыптанган болуп, анын негизги эрежелери «Трипитакада» баяндалган.

Хинаянада «Будданын тишине сыйынуу», ыйык жерлерди зыярат кылуу өңдүү чоң ырым-жырымдар пайда болгон. Буддалыктын ыйык жери Шри Ланка болуп, бул жерге түрдүү мамлекеттерден ушул динге сыйынуучулар келишет. Шри Ланканын мурдагы борбору Канди шаарында дүйнөгө белгилүү «Будданын тиши» ибадатканасы жайгашкан.

**Махаяна** (санскритче — чоң дөңгөлөк) багыты Будда окуусунун бардык тараптарын реформалады Буддага ыйыктык түсүн берип, диний ырым-жырым жана ибадаттарды киргизди. Бул багыттардын жергиликтүү баалуулуктар жана башка диндер менен аралашуусу ламаизм, важраяна, дзен (чан) буддизм, тяньтай, дхиана өңдүү багыттардын пайда болушуна негиз

*«Өзүңө зыян жетпесин десең, башкаларга зыян тийгизбе, башкаларга зыян келтирсең, өзүң да зыян тартасың. Жосунсуз үмүт-тилектер бардык бактысыздыктардын себепчиси.*

***Будда***

*Ташкенттеги Будда ибадатканасы*





*Будда монахтар менен. Фаязтепа. Б.з. I–II кылымдары.*

жаратты. Кудайларга жетүү жолдору баардыгы үчүн мүмкүн болгондуктан, «махаяна» багыты «чоң араба» аталышын алган.

**Дзен буддизм** V–VI кылымдарда Кытайда пайда болгон махаяна багытындагы мектептердин бири. Анын негиздөөчүсү укмуштуудай монах Бодхидхарма эсептелет. «Дзен» (латинче – медитация, ойду топтоо, кунт менен ойлоо) буддизмдин негизги өзгөчөлүктөрү анда теориядан көрө практикага, диний үгүт жана мыйзам-эрежелерди жаттоонун ордуна ойлоого өзгөчө көңүл бурулган.

Дзен буддисттери күч иштетип эмгектенүү, искусствонун бир түрү менен алектенүүгө чоң маани беришет. Дзен буддизмде сырткы дүйнөдөн үзүлүп, түбөлүк көйгөйлөрдөн четтөө жана ойду бир чекитке топтоого өзгөчө көңүл бурулат.

Азыр дүйнө боюнча Дзен буддисттер 10 миллиондон ашуун, алардын 85 пайызы Японияда жашайт. Японияда Дзен ибадатканалары диний, саясий жана маданий борборго айланып, жаштардын акылы, жашоо мүнөзү, иш-аракетине чоң таасир көрсөтүүдө. Айрыкча, Дзен исскуствосу Кытай жана Япония маданияты салттарынын бирине айланган.

**Ламаизм** (тибетче — эң улуу) VII–XIV кылымдарда Тибетте махаяна багыты таасиринде пайда болгон.

«Кангюр» жана «Тенгюр»да баяндалган бардык мыйзам-эреже жана талаптар ламаизм ынанымынын негизин түзөт. Ламаизм окуусуна көрө, адам ламалардын жардамында гана куткарылат, күнөөлөрүнөн тазаланат, алардын жардамысыз жөнөкөй кишилер бейишке түшө албайт.

Будданын Жер жүзүнө дагы кайтышы жана дүйнөдө адилет орнотуусуна ишенич ламаизм окуусунда өзгөчө орунду ээлейт.

*Кемчилдик жана айыптарыңды көрсөтүп, сени тилдеген даанышмандын этегинен бекем тут. Анткени, ал адам казынага алып бара жаткан жол башчыга окшойт жана сен такыр кем болбойсуң.*

***Будда***

Кудайлардын Жердеги өкүлү эсептелген ламаларга жана дүйнөлүк бийликке сөзсүз баш ийүү, ибадат жана ырым-жырымдарды дүңгүрөтүп өткөрүү ыйык китептердин түшүндүрмөсүн театрлаштырылган спектаклдарда көрсөтүү ламаизмге таандык касиет эсептелет. Адам өлтүрүү, уурулук, жалганчылык, доомат, ушак, бекерчи сүйлөө, ачкөздүк, кек сактоо, зынаа кылуу ламаизмде оор күнөө болуп саналат.

«Ламаизм» тибеттиктердин негизги дини эсептелет. Тибетте 3000 ден ашуун будда ибадатканалары бар. О.э., ламаизм Россиянын Бурятия, Тува, Алтай өңдүү аймактарында да кеңири тараган.

Необуддизм XX кылымдын 40–50-жылдарынан баштап кеңири тарала баштаган агым болуп, Бирма, Тайланд, Лаос, Вьетнам жергиликтүү интеллигенттердин азаттык жана улуттук кайра жаралуу кыймылы менен байланыштуу болуп саналат. Анын негизинде жаңы замандын талабына жооп бере ала турган жаратман идеяларды үгүттөө өңдүү маселелер жатат. Акыл-идиректин маанисиздиги, диндин куткаруучулугу таанылып, буддалык идеяларды түшүндүрүүдө билүү теориясы стилдеринен пайдаланылат. Улуттук-боштондук күрөшүндө активдүү катышкан необуддизм агымы диний-реформачылык кыймылынын күчөшүнө чоң таасир көрсөткөн.



*Далай-лама*

*Ламаизмдин жогорку диний жол башчысы Далай-лама (тибетче – «деңиздей улуу лама») төрөлгөн жандыктардын эң улуусу, «бодхисатванын» Жердеги көрүнүшү, тирүү Кудай эсептелет.*

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Будда дининин негизги булагынын аталышы «Типитака» кандай маанини билдирет?
2. Будда окуусундагы агымдардын жалпы жана өзүнө таандык жактары эмнелерден тургандыгын айт.
3. «Адам өзүнө мүнөздүү жандык болуп төрөлөт, өзүн-өзү жок кылат же куткарат». Бул тексттеги «өзүн-өзү жок кылат» деген сөзгө турмуштук мисалдар келтир.


# 10-§ ХРИСТИАНДЫК



## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Христиандык дини жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Элибизге мүнөздүү болгон диний кең пейилдүүлүк баалуулугу дегенде эмнени түшүнөсүң? Оюңду мисалдар менен түшүндүр.
3. Бул текстти оку жана «этникалык сабыр-такаат», «кең пейилдүүлүк» түшүнүктөрү элибиздин жашоосунда кандай орун ээлегендигин түшүндүрүүгө аракет кыл.

*«Этникалык сабыр-такаат, кең пейилдүүлүк жашоо бороондорунан аман калуу жана өнүгүү үчүн зарыл табигый ченемдерге айланды» (Ислам Каримов).*



*Иса Пайгамбар (заманбап сүрөт)*

## ПАЙДА БОЛУШУ

Биздин замандын I кылымында Палестинада пайда болгон христиандык дининин ишенүүчүлөрү саны боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат, Жер жүзүнүн калкынын дээрлик 2 миллиарддан ашууну бул динге ишенет. Ошондуктан да христиандык дүйнөлүк дин катары эсептелет.

Христиандык окуусунун пайда болушу Иса Машайык (Иусус Христос) менен байланыштуу. Ал жөнүндө илимде мифологиялык жана тарыхый көз караштар бар.

Мифологиялык көз караштын жактоочулары илим Иса Машайыктын тарыхый адам экендиги жөнүндө ишенимдүү маалыматка ээ эмес, деп эсептешет. Алар христиандыктын Палестинадан сыртта пайда болгонун айтышат. О.э., Иса Машайык жөнүндөгү уламыштар Чыгышта тараган мифтердеги Кудайлардын каза болуп, тирилүүсүнө окшошун, Инжилде карама-каршылыктар

жана түрдүү версиялардын бар экенин мунун далили деп келтиришет.

Тарыхый көз караштын өкүлдөрү болсо Иса Машайыкты христиандык окуусунун негиздерин калыптандырган, жаңы динди үгүттөгөн тарыхый инсан, деп эсептешет. Алар бул жөнүндө маалымат берүүчү бир топ тарыхый булактарга таянышат. Мисалы, ушундай булактардын бири Иосиф Флавийдин «Байыркылар» китебинин Рим прокуратору Понтий Пилатка арналган бөлүмүндө Иса жаңы динди үгүттөгөнү жана ага көпчүлүк еврейлер менен гректер ээрчигени белгиленген. Исанын сапарлары учурунда көптөгөн адамдар ага шакирт болушат. Аларды апостолдор (грекчеден которгондо – «жардамчы») деп аташкан.

Христиандык окуусуна ылайык, Исанын үгүтү көпчүлүк өкүмдарлар, уруу башчылары жана еврей поптору тарабынан куугунтукка учураган. Шакирттеринен бири Иуда Искариоттун чыккынчылыгы себеп Иса Машайык 33 жашында кутумда айыпталган. Христиандык булактарына көрө, Иса поптордун талабы боюнча Голго-

*Иса Машайык жөнүндөгү маалыматтар, негизинен, диний булактарда келет. Исанын атына кошуп айтылуучу Машайык сөзү байыркы еврей тили – ибрийдеги «moshiax» сөзүнөн алынган болуп, «сыланган» же «сыйланган» деген маанилерди берет.*



*Иса Машайык жана анын 12 апостол шакирттери (заманбап сүрөт)*

фа дөңсөөсүндө элдин көз алдында крестке мыкталган. Анын окуусу апостолдор тарабынан улантылган жана көп адамдар христиан динине тартылган. Бийлик чөйрөлөрү өз бийликтерин чыңдоо максатында христиан динин кабыл алышкан.

## БОРБОРДУК АЗИЯДА АЛГАЧКЫ ХРИСТИАНДАР

Христиандык Борбордук Азия, андан, Өзбекстан аймагына эки жол менен кирип келген. Биринчиси, христиан миссионерлеринин жайылтуу кыймылы болсо, экинчиси, чөлкөмдүн Россия тарабынан басып алынышы жана христиан динине ынануучу калктын көп көчүп келүүсү болгон.



Марв

III–V кылымдарда христиандык көчмөн түркий уруулар арасында да белгилүү болгон. Аларды бул динге епископ Илья үгүттөгөн – Ал «түркийлердин апостолу» наамына татыктуу болгон.

Христиандыктын Иран, кийинчерээк Борбордук Азияда таралышы бул дин өкүлдөрүнүн мурда Византия, кийин болсо Сасаний өкүмдарлар тарабынан кысымга алынуулар менен байланыштуу.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Текстти оку жана орто кылымдарда диний кең пейилдүүлүк түшүнүгү жөнүндө пикир билдир.

*Христиандар мусулман мамлекеттеринде табыптык менен алектенип, жогору мансаптарда да иштешкен. Белгилүү христиан табып Али ибн Сахл Раббаий 808-жылда төрөлгөн, атасы Марв акиминин катчысы эле. Раббаий философ жана математик да болуп, Платондун «Алмагест» чыгармасын грекчеден которгон. Андан соң ага «Раббаий» – окутуучу деген даража берилген.*

**Араб географы Ал-Киндий**

Марвда IV кылымдын баштарында епископтук, Ал эми V кылымдын башында болсо митрополия түзүлгөн. Түрдүү ибадаткана жана монастырлар митрополиянын жакын жана алыс аймактарында өз ишмердүүлүгүн эч кандай каршылыктарга учурабай улантышкан.

**Митрополиялар**. Байыркы Согддо христиандыктын өкүлдөрү өздөрүнүн диндерин каршылыктарсыз тутунушкан жана диний ырым-жырымдарын эркин ишке ашырышкан. Бул болсо бул чөлкөмдө жергиликтүү элге диний ынаным эркиндиктери жаратылгандыгын көрсөтөт. Мисалы, бул мезгилде Үргүттө христиандардын чиркөөсү, зардуштийлер жана буддисттердин ибадатканалары иштеген.

VIII кылымда Маварауннахр араб халифалыгы курамында болгон доордо мусулман коомунда христиандар башка дин өкүлдөрүнө караганда көбүрөөк артыкчылыктарга ээ болуп, жогорку кызматтарда иштешкен.

X кылымдын ортолорунда Борбордук Азияда ислам дини кеңири тараган болсо да, Үргүттөгү христиандык чиркөөсү ушунчалык даражада өнүгүп кеткен, араб географы Абу Мухаммад Касым ибн Хавкал аны жерге жана түрдүү жеке менчик түрлөрүнө ээ чоң монастыр катары сүрөттөгөн.

Амир Темурдун мамлекетинде да диний кең пейилдүүлүк чөйрөсү сакталып калган. Кастилия элчиси күбөлүк бергендей, Самаркандда түрдүү дин өкүлдөрү



*Россия,*
*1930-жылдар*

*Уурулук кылба, өз колдоруң менен пайдалуу эмгек жаса жана муктаждарга жардам бер.*

***Библия***

XX кылымдын экинчи жарымында Самарканддын Регистан аянтында алып барылган археологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында христиан салттарынын негизинде көмүлгөн бир нече мүрзө табылган. Пастдаргамда археологдор жыгачтан жасалган табытта кийимдери жана алтын кресті менен көмүлгөн сөөктү табышкан.

жашаган. Жызак облусунда – Винкерд аймагындагы үңкүр дубалдарынан христиандыктын тарыхына таандык Иса Машайыктын бөбөктүгү тартылган сүрөттөр табылган.



*1917-жылдан кийин чиркөөлөрдүн мүлкүнүн конфискацияланышы*

XIX кылымда христиандардын Түркстандын түндүк аймактарына кирип келиши Падышалык Россия тарабынан өлкөнүн басып алынышы менен байланыштуу. Аскердик кошуундун курамында поптор да болгон. Аскерлердин диний талаптарын кандыруу максатында көчмө ибадатканалар уюштурулган. 1850-жылда Копалда биринчи туруктуу ибадаткана курулган. 1871-жылда орус императорунун Ташкент жана Түркстан епархиясын түзүү жөнүндөгү указы жарыяланган. Алгачкы чиркөөлөрдүн көпчүлүгү жөнөкөй болгон жана коңгуроолору да болбогон. Христиандардын көбөйүшү XIX кылымдын аягынан баштап бир нече ошол доордун заманбап чиркөөлөрүнөн калышпай турган имараттардын курулушуна алып келди.

Борбордук Азияга католик жана протестант багыты өкүлдөрүнүн кирип келишине биринчи дүйнөлүк согушунда туткунга алынган немис, поляк, эстон, швед, литва, латыш жана башка Европалык аскерлердин Түркстан чөлкөмүнө сүргүн кылынышы себеп болду. Бул, өз кезегинде, Европалык Туткундардын арасында диний жамааттардын түзүлүшү жана чиркөөлөрдүн

## ТАРЫХКА НАЗАР

1920–1930-жылдарда дээрлик бардык католик ибадатканалары жабылды. 1930-жылда Лютерандык протестант чиркөөсүнүн ишине чек коюлду. Христиан чиркөөсүнө тиешелүү баалуулуктар тепсенди кылынды. 1917-жылы 27-октябрда II Бүткүл Россиялык съездде жер жөнүндө декрет кабыл алынды. Ага ылайык чиркөөгө тиешелүү жерлер конфискацияланды.

пайда болушуна алып келди. Ташкентте биринчи католик чиркөөсү 1917-жылда куруп бүтүрүлгөн.

Совет өкмөтүнүн дин жана динчилдерге карата ырайымсыз мамилеси башка дин өкүлдөрүн да четтеп өтпөдү. 1920-жылда биринчи болуп Орус православ чиркөөсүнө каршы чабуул башталды. Миңдеген православ поптору атылды, камакка алынды жана сүргүн кылынды. Диний кызматчы жана монахтар катуу кысымга учурады. Көптөгөн ибадатканалар жок кылынды же жабылды. Көп сандагы иконалар жана чиркөө китептери өрттөлдү.

1920–1930-жылдарда дээрлик бардык католик ибадатканалары жабылды. 1930-жылда Лютерандык протестант чиркөөсүнүн ишине чек коюлду. Христиан чиркөөсүнө тиешелүү баалуулуктар кыйратылды. 1931-жылда XV кылымга таандык Гутенберг Библиясы совет өкмөтү тарабынан лондондук аукциончуга сатып жиберилди. Бул Библия Иоганн Гутенберг тарабынан 1450-жылда 180 нускада басып чыгарылган болуп, андан болгону 47 нускасы гана сакталып калган эле.

Экинчи дүйнөлүк согуштагы кырдаалды эсепке алып, совет өкмөтү 1943-жылда Ички иштер министр-



*Ибадаткана-лардын бузулушу*




*Москва, Иса пайгамбардын ибадатканасынын жардырылышы, 1931-жыл*



*Иоганн Гутенберг*



XX кылымдын ортолору



XX кылымдын аягы



XX кылымдын башы



XX кылымдын аягы

лигинин алдында Орус православ чиркөөсү иштеринин өкүлчүлүгүн, 1944-жылда бардык диндер үчүн жоопту Дин иштери боюнча өкүлчүлүк түзүлдү. Россия аймагындагы чиркөө жана ибадатканалар Синод (православ чиркөөсүнүн башкаруу органы)го кайтарылды. Бирок бул маселе көпкө созулбады – согуш аяктаары менен совет өкмөтүнүн динчилдерге кысымы ого бетер олуттуу түс алды. Динчилдерди репрессиялоо жана динге каршы үгүт кайра калыбына келди. Кайтарып алынган аймактардагы динчилдер жана поптор куугунтуктала баштады. «Дин бул опиум» деген идея дагы кайра калыбына келтирилди.

Эгемендүүлүктүн шарапаты менен Өзбекстанда түрдүү диндерге таандык баалуулуктарды асырап-абайлоо, бардык жарандарга өз динине амал кылуу үчүн зарыл шарттар жаратып берилди. Алсак, 1995-жылдын октябрь айында Ташкент шаарында «Бир асман алдында» урааны менен эл аралык мусулман-христиан конференциясы өткөрүлдү.



## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР


1. Берилген текстти оку. Диний кең пейилдүүлүк түшүнүгү жөнүндө ой билдир.
2. Берилген сүрөттөргө түшүндүрмө бер. 1 менен 2 жана 3 менен 4-сүрөттөрдүн ортосунда кандай жалпылык бар?
3. 2- жана 4-сүрөттөрдү Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 4, 31, 49- статьялары менен байланыштырып түшүндүр.

# 11–12-§ ХРИСТИАНДЫК ОКУУСУ

### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Христиан дининин дүйнө бойлоп таралуу картасын сыз.
2. Христиандык алгач кайсы аймактарда тараган?
3. Анын дүйнөлүк динге айлануусундагы тарыхый шарт-жагдайларды аныкта.
4. Христиан мининде алгачкы бөлүнүү качан болгон, анын тарыхый себептери эмнеде эле?

## ЫЙЫК БУЛАКТАРЫ ЖАНА ЫРЫМ-ЖЫРЫМДАРЫ



*«Библия»*

Христиандыктын ыйык булагы «Байыркы Осуят» жана «Жаңы Осуят» деп аталуучу эки бөлүмдөн турган «Библия» (*грекче — «китептер»*) эсептелет.

«Байыркы Осуят» «Таврат», «Забур» жана башка бир канча китеп жана гимндерди өз ичине алып, жалпы эсепте 39 китеп, б.а. бөлүмдөн турат.

«Библияда» жазылышынча, Иса пайгамбар өз үгүттөрүндө элди жакындашып келаткан акыр замандан эскертүү үчүн Кудай тарабынан жиберилгенин айтат. Күнөөлөрдөн тыйылып, тооба кылуу жана туура жолго кирүүгө чакырат. Ал түрдүү укмуштар көрсөтүп, адамдарды айыктырат.

Биздин замандын 313-жылында император Константин епископторго Исанын үгүттөрүн чогултуу жана китеп түрүнө келтирүүнү буюрган. Китеп түрүндөгү христиан дининин тарыхы жазылган «Жаңы Осуят» Константиндин өлүмүнөн соң Карфаген жыйынында тастыкталган.



*Алгачкы Бүткүл Дүйнөлүк Собор 325-жылы Никея шаарында өткөрүлүп, анда ишенимдин символу деп аталган христиандык окуусунун негизин түзүүчү башкы эрежелердин комплекси кабыл алынган. Ыйык китеп Ыйык уламыштар (Папалардын каттары жана христиан соборлорунун токтомдору) менен толтурулган.*

*Батыш Римдин кулашы*



Биздин замандын IV кылымынан баштап христиандык чиркөөсү жогорку катмар поптору маал-маалы менен Бүткүл Дүйнөлүк Соборлорго чогулуп турган. Мындай чогулуштарда диний окуу системасы иштеп чыгылган жана тастыкталган. Христиан дининдеги мыйзамчылык ченемдери жана ибадаттарды алып баруу эрежелери калыптанган, динден четтөөгө каршы күрөшүү усулдары белгиленген.

Христиандык окуусуна ылайык бир топ ырым-жырымдарда Ыйык Рух катышат жана дал ошол себептен улам алар сырдуу деп аталган. Мындай ырым-жырымдарга чокунтуруу (христиан динине киритүү), епархия (нан жана вино татуу), поптук даражасын берүү, тообо кылуу, миро сүртүү, елей майын сүртүү, нике кирет.

## ТАРЫХКА НАЗАР

Батыш Рим Империясы кулагандан соң (476-жылда), Римдеги диний эмес бийлик чиркөөнүн колуна өткөн. Дал ошол мезгилден баштап Рим епископу Рим Папасы даражасын алган.

Империянын чыгыш бөлүгү Византияда болсо күчтүү император бийлигинин сакталып калгандыгы себеп чиркөө императорго баш ийдирилди. Натыйжада Рим чиркөөсү Константинопол чиркөөсүн өзүнө баш ийдире албады. Христиан чиркөөсүнүн католик жана православ чиркөөлөрүнө бөлүнүп кетүүсү Рим Папасы жана Константинопол патриархынын христиан дүйнөсүндөгү башчылык үчүн алып барган атаандаштыгы натыйжасында болгон.

## ХРИСТИАНДЫКТЫН БАГЫТТАРЫ

1054-жылда христиандыктын ичинде бөлүнүү болушу натыйжасында **православ** (Чыгыш христиандык) жана **католик** (Батыш христиандык) чиркөөлөрү пайда болду.

Тарыхый жактан христиандыктын чыгыш багыты катары калыптанган **православдык**, негизинен, Чыгыш Европа, Жакынкы Чыгыш жана Балкан жарым аралы мамлекеттеринде тараган.

Православдык окуусунун негиздерин Ыйык китеп (Библия) жана Ыйык уламыштар түзөт. Православдыкта сырдуу ырым-жырымдар маанилүү орун ээлейт.

*Түрдүүчө катага жол коюу мүмкүн, бирок туура жол болсо бирөө. Ошондуктан да туура жолдон көрө ката кылуу жеңил; бутага тийүүдөн көрө тийбестик оңой.*

***Аристотель***

*Никея жана Константинополдо өткөрүлгөн Бүткүл Дүйнөлүк Соборлорунда кабыл алынган «Ынаным символунда» христиандык окуусунун негиздери 12 пунктта белгиленет, булар:*

1. *Ааламды жараткан жалгыз Ата-Кудай – Ыйык Үчтүктүн биринчи жүзү жөнүндө;*
2. *Уул-Кудай, б.а. Иса Машайыкка ишенүү жөнүндө;*
3. *Ыйык жуурулушуу, б.а. Иса Кудай болуп туруп, кыз бала Бүбү Марямдан төрөлгөн жана адам түспөлүнө киргендиги жөнүндө;*
4. *Күнөөлөрдүн кечирилиши — Исанын тарткан азаптары жана өлүмү себеп Кудай тарабынан адамзаттын бардык күнөөлөрүнүн кечирилиши жөнүндө;*
5. *Исанын кайра тирилгендиги жөнүндө;*
6. *Исанын асманга көтөрүлүшү жөнүндө;*
7. *Исанын келечекте экинчи жолу жерге кайтышы жөнүндө;*
8. *Ыйык Рухка ишенүү жөнүндө;*
9. *Чиркөөгө жалгыз, ыйык, апостолдордун чиркөөсү катары мамиледе болуу жөнүндө;*
10. *Чокунтуруу сырдуу ырым-жырымынын күнөөлөрдөн арылтуусу жөнүндө;*
11. *Өлгөндөрдүн жалпы тирилиши жөнүндө;*
12. *Түбөлүк жашоо жөнүндө.*

## ТАРЫХКА НАЗАР

Католицизмдин тарыхында XI–XIII кылымдардагы кресттик жүрүштөр, «Кудайдын табыты» жана Ыйык Жерди, б.а. Палестина аймагын, «динсиздерден» бошотууга чакырыктар болгон. Дин, ынаным байрагы астында жасалган бул кыймылдар чындыгында Папалардын таасирин бекемдөө, кеңейтүү жана байлык арттыруу максатында уюштурулган.




*Православдык крести*



*Католиктик крести*

Чиркөө окуусуна көрө, алардын жүрүшүндө Кудай тарабынан өзүнчө сооптор берилет. Чиркөө жети сырдуу ырым-жырымнын баарын тааныйт. Чоң майрамдардын ичинде Пасха биринчи орунду ээлейт.

Православ чиркөөсү майрамдарга жана орозо кармоого чоң көңүл бурат. Адатта, чоң чиркөө майрамдары алдынан орозо кармалат. Анын маңызы адамдын рухунун тазаланышы жана жаңыланышы, диний турмуштагы маанилүү окуяга даярдануудан турат.

**Католиктик** христиандык дининин эң ири багыты эсептелет. «Католик» сөзү бүткүл дүйнө (жалпы, дүйнөлүк) деген мааниге ээ. Бул багыт, негизинен, Батыш, Түштүк-Батыш жана Борбордук Европа, Балтика бою, Украина жана Беларустун батыш аймактарында, Латын Америкасы жана АКШда тараган.

Католиктик христиан дининин багыты катары анын негизги эрежелери жана ырым-жырымдарын таанусу менен бирге, окуусу, ырым-жырымдарды аткаруу, түзүлүшүндө өзүнө мүнөздүү касиеттерге ээ. Католик окуусунун негизин христиандыкта таанылган Ыйык китеп — Библия жана Ыйык уламыштар түзөт.

Католик Чиркөөсү Уюму олуттуу түрдө борборлошкону менен айырмаланып турат. Рим Папасы бул Чиркөөнүн башчысы эсептелет. Ал дин жана ахлак маселелери боюнча эрежелерди белгилейт. Анын бийлиги Бүткүл Дүйнөлүк Соборлорунан жогору турат. Като-



*Православ, католик жана протестант чиркөөсүнүн поптору*

ликтик окуусуна көрө, чиркөө күнөөлөрдү кечирүү, кечирим тартуулоо укугуна ээ. Бул укук индульгенсиялар жөнүндөгү окуунун, б.а. акчага же чиркөөнүн алдындагы кызматтары үчүн күнөөлөрдү кечирүүнүн пайда болуусуна себепчи болгон.

Католиктикте 1870-жылда Ватиканда өткөрүлгөн 1-собордо кабыл алынган Папанын күнөөсүздүгү жөнүндөгү эрежелер бар. Папаны кардиналдар жыйыны (коллегиясы) шайлайт.



*Пасха тамактары*



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Текстти оку. Берилген тарыхый окуянын негизинде протестанттардын талаптары эмнелерден тургандыгы боюнча оюңду билдир.

*Прага университети профессору Ян Гус (1369–1415) Ж. Виклифтин идеяларынан таасирленип, чиркөө байлыктарынан баш тартышы керектигине чакырган. Чиркөөгө чоң кирешe алып келе турган жана Ян Густун оюу боюнча динчилдердин аң-сезимин бузуучу индульгенсиялардын сатылышына каршы чыккан. Бул коз караштары үчүн ал 1415-жылда Констанс соборунун чечими менен отто күйдүрүлдү.*



*Православ чиркөөсү. Италия*



*М. Лютер чиркөө эшиктерине 95 негизди кагып койду (заманбап сүрөт)*

**Протестанттык** Европа мамлекеттеринде католиктикте жүрүп жаткан жараяндарга каршы каратылган реформация кыймылы натыйжасында пайда болгон. Реформаторлор католиктик амалдарын Инжилдин идеалдарынан кайтуу деп баяндашкан. Оксфорд университети профессору Ж. Виклиф (1320–1384) Рим Папасынын Англиядан алына турган салыктарына каршы чыккан, англис чиркөөсүнүн жарандар иштери боюнча Англия королуна баш ийиши керектиги жана Ыйык китептин чиркөө уламыштарынан жогору турушу жөнүндөгү идеяларды илгери сүргөн. Бул идеяларды англис кембагал поптору колдоп-кубатташкан.

Протестанттык светтик кишилерди поптордон бөлбөйт, бул окууга ылайык, бардык динге ишенүүчүлөр поп болуп саналышат. Сырдуу ырым-жырымдардан болгону чокунтуруу жана нан менен тамактанууну тааныйт. Динчилдер Рим Папасына баш ийишпейт. Ибадат насаат окуу, чогулуп ибадат кылуу жана диний ырларды (псаломдорду) айтуудан турат.

Протестанттар Бүбү Марямдын ыйык экенин таанышпайт, дүйнөлүк ырахаттардан кечүүнү, бөбөктөрдү чокунтурууну, поптор кийүүчү кийимдерди, иконаларды четке кагышат.

Ян Гус өрттөлгөндөн жүз жыл өтүп Германияда Виттенберг университети профессору Мартин Лютер (1483–1546) протестанттар чиркөөсүнүн негиздерин жараткан. Ал да индульгенсиянын сатылышын сынга алган. М. Лютер диний-ахлактык жактан эмгекти баалоо керектиги жөнүндөгү идеясын илгери сүргөн. Лютердин оюнча, адам менен Кудайдын ортосунда түздөн-түз байланыш болушу мүмкүн.

Лютердин окуусу протестанттыктагы багыттардан бири – лютерандыкка негиз салган. Бул окууга ылайык, адамдар ыйманын жана тообо кылууну аң-сезимдүү түрдө жана дайыма көзөмөлдөөлөрү керек. М. Лютер

тообо кылуу узакка созула турган жараян экендигин айтат. Лютерандар окуусуна көрө, Папа өзү буюрган же чиркөөнүн уставында белгиленген жазалардан бошотушу мүмкүн, бирок чиркөө адамды Кудайдын жазасынан бошото албайт деп эсептелет.

Индульгенсияларды сатып алуунун пайдасыз экендигин М. Лютер мындайча негиздейт: «Кудай чын көңүлдөн тообо кылуучулардын күнөөсүн кечет, түбөлүк азаптардан бошотот, күнөөкөр пенделер Папанын жардыгысыз да мындан үмүт кылышса болот». Лютерандык Германия, Дания, Норвегя, АКШда таралган. Христиандыкта бул багыттардан сырткары калвинизм, пресвитериндар, англикан чиркөөсү, баптизм, анабаптизм, меннониттер, унитаризм, методисттер, квакерлер, пятидесятниктер, адвентисттик багыттары бар.



*Рим Папасы Франсиск II*



*Католик чиркөөсү, Смоленск*

Бүгүнкү күндө христиандык багыттарынан өлкөбүздө православ, католик, армян апостолдук, немис евангелдик-лютерандык, евангел христиан-баптисттер, жетинчи күн христиан адвентисттери, корейс протестанттык, толук инжилчи, «Голос Божий» сыяктуу чиркөөлөрү каттоодон өткөн.

Алар мамлекетибизде кабыл алынган «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамдын талаптарына амал кылуулары шарттыгы да белгилеп коюлган.


## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Христиандык чиркөөсүнүн православдык жана католиктикке бөлүнүүсүнүн себептери эмнеде?
2. Христиандыктагы бөлүнүүнүн себептерин талдагыла.
3. Католиктик жана православдык окууларындагы жалпы жана айырмалуу жактар жөнүндө салыштырма көргөзмөлүү слайд даярда (MS Power Point).
4. Өзбекстандагы христиан диний уюмдары жөнүндө эмнелерди билесиң?

# 13-§ БОРБОРДУК АЗИЯДА ИСЛАМ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Ислам дининин пайда болушу жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Ислам дини алгач Борбордук Азиянын кайсы аймактарында тараган?
3. Исламдын дүйнөлүк динге айлануусундагы тарыхый шарт-жагдайларды аныкта.
4. Ислам done динде алгачкы бөлүнүү качан болгон, анын тарыхый себептери эмнеде эле?
5. Арабстандын тарыхында кайсы доор «Түркөйлүк доору» деп аталган?



*Ташкенттеги Усман Мусхафынын барагы*

## ИСЛАМ ДИНИНИН БОРБОРДУК АЗИЯГА КИРИП КЕЛИШИ

Пайгамбар Мухаммад (с.а.в.) өлүмүнөн соң ал кишинин эң жакын издештери Абу Бакр (632–634), Умар ибн Хаттаб (634-644), Усман ибн Аффан (644–656) жана Али ибн Абу Талиб (656–661) (р.а.)лар мусулмандар коомуна башчылык кылышкан. Бул доор ислам тарыхында «Хулафои рошидин» (Туура жолдогу орунбасарлар) доору деп аталган.

Усман ибн Аффан (р.а.) дооруна келип мусулмандар азыркы Түркмөнстандын аймактарына киришти. Акырындык менен араб-мусулман кошуундары Хурасан жана Мавараuннахр аймактарын ээлеп, ислам динин тарата башташты. Бирок арабдар ээлеген жерлердин калкы дароо мусулмандарга айланып калбады. Борбордук Азияда

Ислам окуусуна көрө, Мухаммад пайгамбардын аты айтылганда ага урмат менен «саллаллаху алайхи васаллам» (кыскача: с.а.в.: «ага Аллахтын рахматы жана саламы болсун») же «алайхис-салам» (кыскача: а.с.: «ага салам болсун») сөзүн айтуу керек болгондуктан ислам тарыхына тиешелүү адабияттарда с.а.в. же а.с. кыскартмасы иштетилет.

IX кылымдын ортолоруна келип, б.а. Маварауннахр басып алынгандан бир жарым кылым өтүп, ислам жергиликтүү элдин негизги диний ынанымына айланды.

Борбордук Азияга ислам дининин кирип келиши менен чөлкөмдө экономикалык-руханий багыт өнүгө баштады. Өлкөдө экономикалык өсүү болду, дүйнөлүк жана диний илимдер тез темптер менен өнүктү.

Өзбекстан аймагында ислам дининин суннийлик багыты, атап айтсак, Ханафий (Имам Аъзам) мазхабы орноду.

## ӨЗБЕКСТАНДА ИСЛАМ БУЛАКТАРЫНЫН ҮЙРӨНҮЛҮШҮ

Ислам дининин негизги булагы болгон Кураны карим эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан баштап өзбек окумуштуулары жана дин аалымдары тарабынан үйрөнүлө башталды. О.э, ал тездик менен өзбек тилине которулду жана басып чыгарылды.

Кураны каримдин алгачкы жолу толук түрдө заманбап өзбек тилиндеги котормосу Алауддин Мансур тарабынан аткарылды. Бул котормо 1990–1992-жылдарда «Sharq yulduzi» журналында жарыяланган болсо, 1992-жылы өзүнчө китеп түрүндө көп тиражда басылды.

1991-жылдан баштап Шайх Мухаммад Садык Мухаммад Юсуф (1952–2015) тарабынан жазылган «Тафсири Хилол» аттуу котормо-тафсиринин (түшүндүрмө) баштап 27, 28, 29, 30-бөлүмдөрү (poralari) пааралары басылды. Бул тафсир заманбап өзбек тилиндеги кеңири түшүндүрмөлүү жана мүнөздөмөлөргө бай чыгармалардан бири экендигин айтуу керек. Бул тафсир 2005-жылда алты томдо толук басылды, кийин анын түзөтүлгөн жана толукталган басмасы 2011–2016-жылдарда алты жолу кайра басылды. 2013–2014-жылдарда тафсирдин 1 жана 2-бөлүктөрү орус тилине да которулуп, басмадан чыкты.

### ТАРЫХКА НАЗАР

Абу Бакр Сыддыктын (632–634) доорунда Куран алгачкы жолу барактарда жыйналды. Халифа Усман ибн Аффан (642–654) доорунда Куран экинчи жолу топтолуп, китеп түрүнө келтирилди. Бул милдет Абу Бакр Сыддык доорунан тажрыйбага ээ болгон сахаба — Зайд ибн Сабыт тарабынан ишке ашырылды. Жалгыз Мусхафтан бир нече нуска көчүрүлдү жана ар бир чөлкөмгө бирден жиберилди.



*Каабанын байыркы жана азыркы көрүнүшү*



***Хадис** — Ислам дининин Кураны каримден кийинки орунда туруучу ыйык булагы.*

Шайх Абдулазиз Мансур тарабынан жасалган Кураны каримдин маанилеринин котормосу жана түшүндүрмөсү «Ташкент ислам университети» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү тарабынан 2001, 2004, 2006, 2007, 2009, 2012, 2014, 2016-жылдарда кайра-кайра басылды. Бул чыгарманын башка котормо-түшүндүрмөлөрдөн өзүнө мүнөздүүлүгү анда Кураны каримдин маанилери арабча тексттин айланасында өзбек окуучусуна өз эне тилинде так жана түшүнүктүү кылып, керектүү түшүндүрмөлөр менен гана чектелип, сөздөрдүн таасирлүү экендигине чоң көңүл бурган түрдө сунушталгандыгында.

Шамсиддинхан Бабаханов тарабынан даярдалган Кураны каримдин 30-бөлүмүнө кылынган котормо эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында элибиздин колуна жетип барды. Анда кишилерге жакшы тааныш болгон жана көп окула турган сүрөлөр бар экендиги эсепке алынып, 30-бөлүмдүн арабча тексти да берилген.

Ташкент Мамлекеттик Чыгыш таануу институту Абу Райхан Беруний атындагы Чыгыш кол жазмалар борборунда профессор Муталлиб Усмановдун жооптуу редакторлугунда Кураны каримдин он беш бөлүмүнүн («Фатиха» сүрөсүнөн «Исро» сүрөсүнө чейин) академиялык котормосу даярдалып басылган. Анда Кураны карим берилген доордун тарыхы да кыскача жарытылган.

Муфтий Усманхан Алимов тарабынан да азыркы күнгө чейин Кураны каримдин он беш бөлүгү түшүндүрүлүп басылды. «Тафсири Ирфандын» башка түшүн-

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Бул текстти оку. Тексттеги «өз напсинин ачтыгы» деген сөздү кандай түшүндүң? Напсинин ач көздүгүнөн кантип сактануу мүмкүн деп ойлойсуң?

*«Ким өз напсинин ач көздүгүнөн сактана алса, демек, дал ошолор куткарыла тургандардан болушат».*


**Нашр сүрөсү, 9-аят.**

дүрмөлөрдөн айырмаланып туруучу өзгөчөлүктөрү, анда аяттардын маани-си замандаштарыбыз үчүн түшүнүктүү, жөнөкөй жана так болушуна аракет кылынгандыгында.

Хадиси шарифтерди Өзбекстанда үйрөнүү XX кылымдын ортолоруна барып такалат. 1968-жылдан басыла баштаган «Sovet Sharqi musulmonlari» журналынын беттеринде мухаддистер жана хадистер жөнүндөгү айрым макалалар берилчү. Эгемендүүлүк доорунда бул журнал «Movarounnahr musulmonlari» жана кийинчерээк «Hidoyat» аты менен чыга баштады. Журнал азыркы күндө да өз беттеринде хадис жана мухаддистерге тиешелүү макалаларын үзгүлтүксүз берип барууда.

Эгемендүүлүк жылдарында хадис боюнча басылган алгачкы китептерден бири Шамсуддин Бабаханов, Шайх Абдулазиз Мансур өңдүү окмуштуулар тарабынан адеп-ахлак, күнүмдүк турмуштук маселелерге таандык хадистерди өз ичине алган «Миң бир хадис» китеби болуп санлат. Кийинчерээк академик Нематулла Ибрахимов жана акын Мырза Кенжебек редакторлугу астында Имам Бухарийдин «al-Jome as-sahih», «al-Adab al-mufrad» китептери которулду.

Соңку жылдарда Ташкент ислам университетинин алдындагы Ислам таануучулук илимий-изилдөө борбору тарабынан Самарканддык белгилүү Имам Доримийдин «Sunani Dorimiy» хадистер жыйнагы жана Шайх Мухаммад Садык Мухаммад Юсуф тарабынан «Oltin silsila» рубрикасы астында Имам Бухарийдин «Sahih al-Бухарий» китеби өзбек тилине которулуп, басылды.



*Сахихи Бухарий*



## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР


1. Ислам дининин тарыхы жөнүндө айтып бер.
2. Кураны карим жана Хадиси шариф дегенде эмнени түшүндүң?
3. Ислам дини Мавараунnахрга качан кирип келди?
4. Исламдын дүйнөгө жайылуу картасын сыз.
5. Ислам маданият борбору дегенде эмнени түшүнөсүң?

# 14-§ ИСЛАМДАГЫ МАЗХАБДАР ЖАНА ЫНАНЫМДЫК ОКУУЛАР

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Бүгүнкү күндө мусулман калкынын көптүгү боюнча биринчи орунда кайсы мамлекет тураарын билесиңби?
2. Ислам илими, тактап айтканда, аят жана хадистерде илим алуу жөнүндө айтылган кандай сөздөрдү билесиң?
3. Эң изги адаттардан болгон саламдашуу адебинин ислам илимине тиешеси барбы?
4. Эмне деп ойлойсуң, коом үчүн тынчтыктын орду кандай? Ислам дининде бул жөнүндө эмне дейилет?

## ИСЛАМ ДИНИ ИЛИМИ ЖАНА МАЙРАМДАРЫ



*Кураны карим*


Ислам дини илимине көрө, Аллах бардык жандуу жана жансыз нерселердин, бүткүл ааламдын жаратуучусу эсептелет. Ал эч кимге окшобойт жана эч нерсени ага теңдештирүү мүмкүн эмес. Адамдар Аллах жараткан жандыктардын эң жогоркусу болуп саналат. Аллах адамзатты туура жолго баштоо үчүн өз элчилери – пайгамбарларды жиберип турган. Булактарда пайгамбарлардын саны 124 миң болгону жазылат.

Мухаммад (с.а.в.) мурдагы пайгамбарлардын ишин улантткан, аруу ынанымды кайра калыбына келтирген, кыямат алдынан жиберилген акыркы пайгамбар (Хатам ал-анбиё) деп эсептелет.

Ислам дининин негизги майрамдары – бул хижрий жыл эсебинде Шаввал айынын биринчи күнүндө белгилене турган Рамазан айты жана андан 70 күндөн соң белгилене турган Курман айты болуп саналат. Эки айт

Ташкенттик улуу окмуштуу Мухаммад ибн Али ибн Исмайыл Каффал Шаший (291–365-х.ж.) фикх, хадис, сөздүк жана адабият боюнча өз доорунун белгилүү окумуштууларынан эле. Мүрзөсү Ташкенттеги Хастимам (Хазрати Имам) кварталында жайгашкан.

да Өзбекстанда расмий майрам деп жарыяланган. Бул күндөрдө карыяларды, тууган-уруктарды зыярат кылуу, балдарга айттык белектер, таттуулар берүү салт болуп эсептелет. Айт майрамы адамдардын арасында мээрим, кайрымдуулук сезимдеринин калыптанышына жардам берет. Мисалы, Рамазан айтындагы фитр садакасы, Курман айтында кой же бодо мал союп, муктаждарга таратылышында Ислам дининин адамгерчилик маңызы көрүнөт. Бул күндө мусулмандар кооз кийимдерин кийип, жыпар жыттуу атырларды сээп, мечитке барышат жана айт намазын окушат.



*Ташкенттеги «Минар» мечити*

## ИСЛАМДАГЫ МАЗХАБДАР

VII кылымдын экинчи жарымында исламда алгачкы бөлүнүүлөр башталды. Халифа Алинин дооруна келип түрдүү караөзгөй күчтөрдүн таасиринде бул жараян күчөдү. Натыйжада ***хорижийлик***, ***шиялык*** жана ***сунниййлик*** деп аталуучу багыттар пайда болду.

Бүгүнкү күндө мусулмандардын көпчүлүгү суннийлик багытында. VIII–IX кылымдарга келип болсо суннийликтин айланасында укуктук мектептер (мазхабдар) — *ханафийлик, маликийлик, шафеийлик* жана *ханбалийлик* жана эки ынанымдык окуу — *ашарийлик* жана *матуридийлик* пайда болгон.

Мазхабдар шарият билимдүүсү (факих) тарабынан Куран жана сүннөттүн негизинде иштеп чыгылган жол болуп эсептелет. Алар өз негиздөөчүлөрүнүн аты менен аталган. Мисалы, Абу Ханифа негиз салган мазхаб – ханафийлик, Малик ибн Анас негиз салган мазхаб –

*«Мен миң Шайхты таптым жана алардан хадис жазып алдым. Бул беш Шайхтан илимдүүрөөгүн, такыбараагын, окмуштуураагын таппадым. Алардын эң биринчиси Абу Ханифа».*

***Язид ибн Харун***

маликийлик деп аталган. Бар мазхабдар негизги маселелерде бири-бирин танбайт.

*Бүгүнкү күндө дүйнөдөгү болжол менен 1,7 миллиард мусулман элдин 92,5 пайызын суннийлер түзүп, алар мазхабдар боюнча төмөнкү катышта бөлүнүшөт: ханафийлер –49%, шафеийлер – 25%, маликийлер – 17%, ханбалийлер –1,5%.*

**Ханафийлик** мазхабы анын негиздөөчүсү Абу Ханифанын аты менен белгилүү Нооман ибн Сабыт Куфий (699–767) эсептелет.

Бул мазхаб өз маңызы, окуусу жана колдогон стили менен коомдо болуп турууучу ар кандай суроого жооп таба алат. Бул мындан келип чыгат: ханафий мазхабы жаңы пайда болгон диний маселенин чечими Куран жана хадисте жок болсо, салыштыруу (qiyos) жана анын эң маанилүү түрү болгон истехсанга (istehson) таянып иш алып барат. Абу Ханифа оор жагдайларда адамдар үчүн ыңгайлуу шарт жаратып берип, кыйынчылыктарды оңойлотууга умтулган. Абу Ханифа эркиндик принцибинин демөөрчүсү болчу, бизнес жана башка тармактарда адам укугун жана эркиндиктерин коргоп келген.

Мисалы, турмуш курууда эркек жана аялга тең укук берилип, акылдуу жана эрезеге жеткен кыз жана аялдарды эч ким алардын ыраазылыгысыз никелөөгө мажбурлай албайт, нике келишими кыздын өкүлү (ата, чоң ата, ага, ини) болбосо да анын өз сөзү менен түзүлөт.

***Истехсан** (арабча жакшы деп билүү) – ислам укугунда эки маселеден жеңилирээк жагын тандоого айтылат.*

Бүгүнкү күндө Борбордук Азия мусулмандарынын көпчүлүгү ханафийлик мазхабын карманат. Азыркы учурда бул окуу Индия, Пакистан, Ооганстан, Ирак, Сирия, Түркия жана бир топ Африка мамлекеттеринде кеңири тараган.

Маликийлик мазхабынын негиздөөчүсү имам Абу Абдуллах Малик ибн Анас 711-жылда төрөлгөн. Бул мазхабда биринчи булак Кураны карим, экинчи булак хадис эсептелет. Маликийлик мазхабында шарият маселелеринде Мадинанын жашоосу жана адаттары көп абалдарда үстөмдүү болгон.

Маликийлик Эфиопия, Алжир, Тунис, Бангладеш өңдүү мамлекеттерде негизги мазхаб эсептелет.

**Шафеийлик мазхабы** негиздөөчүсү Абу Абдуллах Мухаммад ибн Идрис Шафе (767–804) Палестинанын Газо шаарында төрөлүп, 804-жылы Египетте каза болгон.

Шофеийлик мазхабы фикхтик өкүм чыгарууда Куран, сүннөт, ижма жана салыштырууга таянат. Алар ханафийлер жана маликийлерде бар болгон истехсанды четке кагышат.

Шофеийлик, негизинен, Индонезия, Малайзия, Египет, Судан, Кения, Мали, Ливия өңдүү мамлекеттерде тараган.

**Ханбалийлик мазхабы** негиздөөчүсү имам Абу Абдуллах Ахмад ибн Ханбал (780–855) Багдад шаарында жашаган. Бул мазхабда Куран жана сүннөт негизги булак эсептелет. Ижма жана сахабалардын сөздөрү кийинки орундарда турат. Салыштырууну башка арга калбаганда гана колдонууга уруксат берилет. Бул мазхаб издештери боюнча эң аз сандуу эсептелип, негизинен, Сауд Арабстаны, Емен, БАА, Кувейт, Катар мамлекеттери калкы арасында тараган.

Суннийликтеги төрт мазхаб бир-бирине тең эсептелет. Мазхабдар салттык диний укук чегинен чыкпаган түрдө, шарият маселелеринде жеңилирээк же катуураак өкүм чыгаруулары менен айырмаланат.

*2017-жыл июнда Президентибиз Шавкат Мирзиёевдин тапшырмасы менен Имам Матуридий комплексинде «Сөз илиминин мектебин», матуридийлик окуусунун ири өкүлү Абул Муин Насафий зыярат жайында болсо «Акыйда мектебин» уюштуруу иштери башталды.*

Соңку маалда пайда болгон «жасалма салафийлик», «Хизбут тахрир» өңдүү агымдарды фикхтик мазхабдарга теңдештирүүгө болбойт. Анткени алар шарият маселелеринде өз көз карандысыз чечимдерин берген системага ээ эмес. Аларга диний-саясий кыймыл жана мыйзамсыз саясий партиялар катары кароо мүмкүн.

## ДИНИЙ АГЫМДАР

*Даанышман – соодагердин дүкөнүнө окшойт: барын унчукпай эле көрсөтөт-коёт, наадан болсо кошуун добулбасына окшойт: үнү бийик, бирок ичи көңдөй жана бош.*

***Саадий Шеразий***

Ислам,
 
Ислам дининде Аллах, анын касиеттери, адамдардын тагдыры, кыямат, бейиш жана тозок, күнөө жана сооп сыяктуу диний маселелерди үйрөтүүчү илим «сөз илими» (kalom ilmi) деп аталат. Биздин замандын VIII–IX кылымдарында мусулмандардын арасында грек философиясынан таасирленген, Курандын аяттарын жана хадистерди туура эмес түшүнгөн топтор пайда болду. Алар кээде Аллахты адамга окшош деп сүрөттөшсө, кээде анын касиеттерин танышкан, пайгамбарлар, Кураны каримдин баркына тура келбей турган пикирлерди билдиришчү. Мына ушундай шартта суннийлик багыты окумуштуулары айрым агымдардын бузгунчу идеяларына бир топ протесттер беришкен. Натыйжада матуридия жана ашъария окуулары пайда болгон. Суннийликтин чегинде бул эки багыт да туура эсептелет.



*Абу Мансур Матуридийдин күмбөзү*

**Матуридия окуусуна** мавараунахрлык аалым, улуу бабабыз Абу Мансур Матуридий (870–944) негиз салган. Ал таза диний ынанымдын чегинен чыкпаган түрдө акыл-ойду даңктаган жана логикалык жактан негизделген билимдин маанисин өзгөчө баса белгилеген.

Матуридийликке көрө, адам турмуштук сыноолор үчүн жаратылган. Ошону менен бир маалда ага бул сыноолордон ийгиликтүү өтүү жана туура жолду табуу үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр да берилген. Адам өз иш-аракеттерин тандоодо эркин эсептелет.

Улуу ойчул өз көз караштары менен ханафийлик окуусунун Борбордук Азия элдеринин салттары, үрп-адаттары менен тыгыз байланыштуулугун көр-

Матуридия окуусу XI–XII кылымдарда кеңири көлөмдө өнүккөн. Бул доорлордо окуу Мавараунахрда гана эмес, о.э. Хурасан, Ирак, Египет жана Сирия өлкөлөрүнө да тарай баштаган.

Сөз илиминин султанына карата урмат-сыйдын, ыкыластын символу катары Өзбекстанда 2000-жылы Имам Матуридийдин 1130 жылдыгы кеңири белгиленди, ал адам түбөлүк түнөк тапкан Чокардиза көрүстөнүндөгү күмбөз кайра тикеленди.

сөтүп берген. Эң көңүл бура турган жагдай, ислам ааламынын көп аймактарында, Сирия, Ирак, Турция, Пакистан, Индия, Түндүк Африка өңдүү мамлекеттерде матуридийлик окуусу азыр да жогорку, орто жана диний окуу жайларында өз алдынча предмет катары окутулуп келинет.

**Ашъария окуусу**. Бул окууга басралык Абул Хасан Ашъарий (873–936) негиз салган. Имам Ашъарий өмүрүнүн жарымын адашкан агымдарга каршы күрөшкө арнаган.

Ашъарий Мухаммад ибн Жарир Табарий, Ибрахым ибн Ахмад Марвазий, Махмуд ибн Давуд Исфаханий, Абдуллах ибн Ахмад ибн Ханбал, Абу Мансур Матуридий өңдүү окумуштуулар менен бир доордо жашаган.

Ашъария окуусу да суннийлик акыйдасына ылайык келүүчү окуу эсептелет. Бул окуу да, негизинен, мөтазилия, кадария, жабария сыяктуу адашкан топтордун акыйдалык идеяларына каршы турган. Ашъария окуусу, негизинен, Иракта, кийин селжуктардын бийлиги учурунда Хурасанда өнүккөн.



*Байыркы Багдад. Абул Хасан Ашъарий бүт өмүрүн ушул шаарда өткөргөн*

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Суннийлик канча фикхтик мазхабдан турат?
2. Сөз илими (Kalom ilmi) эмнени үйрөтөт?
3. Мазхабдардын жаңы пайда болгон агымдардан айырмасы эмнеде?
4. Суннийликтеги төрт мазхабдын таралуу аймактарын картада көрсөтүп бер.

# 15-§ СУФИЙЛИК ЖАНА АНЫН ОКУУЛАРЫ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Суфийлик түшүнүгү жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Ташкент облусундагы «Зенги ата», Бухарадагы «Азирети Накшбанд» зыярат жайлары кимдердин урматына курулганын билесиңби?
3. Ахлактык тарбия дегенде эмнени түшүнөсүң?

**Суфийлик** — ислам ахлагы менен зыйнаттануу үчүн керектүү болгон илимдерди үйрөтө турган тармак болуп эсептелет. **Суфий** болсо суфийлик менен алектенүүчү адамга карата иштетиле турган термин. Мындай мааниде дагы «солик» сөзү да иштетилет.

**Суфийлик окуулары.** Адатта, суфийлик же анын окуусу дегенде машакаттуу жашоо жолу, дүйнөдөн кечүү кылуу, заманбап илимдин жетишкендиктеринен баш тартуу, эмгектенбестен ибадат менен гана алектенүү, өзүн-өзү кыйноо көз алдыбызга келет. Чынында да ушундайбы?

Чындыгында суфийликтин түпкү маңызы напсини тазалоо, ахлакты өстүрүү, руханий жеткилеңдикке жетишүүдөн турат. Бул максаттарга жетишүү үчүн окумуштуулар тарабынан атайын мектептер түзүлгөн.

«Тарикат» араб тилиндеги сөз болуп, «жол» маанисин билдирет. Суфийликте болсо бул белгилүү бир жолбашчы (муршид, пир) тарабынан Куран жана хадистер, сахабалардын үгүт-насааттарынын негизинде иштеп чыгылган руханий аруулануунун жолу, усулунун комплекси эсептелет. Бүгүнкү күндө бул окуулардын саны көп болуп, алардын эң ирилери Яссавия, Кубравия жана Накшбандия эсептелет. Көңүл бура турган жагы, алардын бардыгы ата журтубузда пайда болгон.

Суфийлик жана ага өзөктөш болгон софий, мутасаввуф терминдеринин келип чыгышы араб тилинен «жүн» маанисин билдирүүчү «суф» сөзүнөн алынган.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Суфийликке берилген түшүндүрмөнү оку. Андагы «жаман ахлактар» дегенде эмнени түшүнөсүң? Эмне үчүн мындай жаман ахлактардан кутулуу керек деп ойлойсуң?

*Суфийлик — кудум медицина дененин саламаттыгына таандык маалыматтарды үйрөткөндөй, суфийлик да дилдин, рухтун жаман ахлактардан кутулуу жолдорун үйрөтөт.*

Мавараунахрда суфийлик багытынын пайда болушу шайх Абу Якуб Юсуф Хамаданий (1140 – 41-ж. каза б.) менен байланыштуу болсо да, XII кылымда Борбордук Азияда пайда болгон алгачкы суфийлик окуусунун негиздөөчүсү Кожо Ахмад Яссавий.

**Яссавия**. Кожо Ахмад Яссавий бүгүнкү Казакстандын түштүгүндөгү Чимкент облусу Сайрам кыштагында төрөлгөн. Кээ бир булактарга караганда, Ал Яссыда (азыркы Түркстан) туулган.

Ахмад Яссавий өзүнүн «Devoni Hikmat» чыгармасында руханий арууланyу, ахлак, адалдык, кең пейилдүүлүк идеяларын ыр стилинде баяндаган. Яссавийликтин өзүнө мүнөздүү жагы ачык усулда зикир жана дубалар окуу, дүйнө жыргалдарынан бир аз баш тартуусунда көрүнгөн. Яссавийликке мүнөздүү касиеттер кийинчерээк пайда болгон көптөгөн окууларда байкалган.

**Кубравия** — Яссавийлик менен бир кылымда пайда болгон окуулардан бири. Бул окуунун негиздөөчүсү – Шайх Нажмиддин Кубра Хивакий (1145–1221). Ал Харезмдеги Хивак шаарында жарык дүйнөгө келген. Шайх Нажмиддин Кубра кубравия же «захабия» деп аталуучу окууга негиз салган. Бул окуулардын арасында «купуя» зикир кылуу кеңири колдонулган. Анын эң белгилүү чыгармасы «Usuli ashara» болуп, ал бардык окууларга өз таасирин көрсөткөн. Нажмиддин Кубра-



*Амир Темур курдурган Кожо Ахмад Яссавийдин күмбөзүкүмбөзү*

Яссавия окуусунда Аллахты таануу (маарифатуллах), толук жоомарттык, чынчылдык, өзүн Аллахка тапшыруу (таваккул) жана терең ой жүгүртүү маанилүү орун тутат.

1221-жылдын июлунда Чыңгызхандын кол башчыларынан бири Хулагуханга каршы 76 жаштагы Шайх Нажмиддин Кубра эл арасынан аскер топтойт жана Үргөнч чебин «Же Мекен, же ардактуу өлүм» урааны астында бир нече күн душмандан сактап турат. Бул согуш учурунда шайх Нажмиддин Кубра моңол баскынчылары тарабынан жырткычтарча өлтүрүлөт.



*Шайх Нажмиддин Кубранын күмбөзү*

нын чыгармалары Иран, Кичи Азия жана Индиядагы бул окуу чөйрөлөрүнө күчтүү таасир кылган. Кубравия окуусу моңолдордун баскынчылыгына туруштук берген окуулардан бири болуп саналат. Бул окуу моңол уруулары жана өкүмдарларынын ислам динин кабыл алуусунда чоң таасир көрсөткөн.

**Накшбандийлик** XIV кылымда Борбордук Азияда пайда болгон суфийлик окуусу болуп саналат.

Бахауддин Накшбанд (1318–1389) – ислам ааламынын эң белгилүү олуяларынан бири, Бухара вилаятында төрөлгөн. Бахауддин Накшбанддын чыныгы аты – Мухаммад. Атасынын аты да Мухаммад болгон. Жаш кезинде атасы менен бирге кымкапка оймо салуу өнөрү менен алектенгендиктен, Накшбанд (оймо салуучу) ылакабы менен белгилүү болгон. «Бахауддин» сөзү «диндин нуру» деген маанини билдирет.

Накшбандийлик окуусунун негизинде «Дилиң Аллахта болсун, ал эми колуң иш менен алек боло берсин», деген ураан жатат. Бахауддин Накшбанд суфийликтеги мурда амал кылган катуу талаптарды бир кыйла жумшартты жана күндөлүк турмушка ылайыкташтырды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Бул накыл сөздү руханий жана материалдык жашоонун шайкештиги түшүнүгү менен байланыштыр:

*«Дилиң Аллахта болсун, ал эми колуң иш менен алек боло берсин».*

Накшбандияда ачык-айкындык (сырткы көрүнүш) менен купуялык (ички дүйнө) өз ара ажыратылган. Бул суфийликти эл арасында ашкерелебестик, башкалардан ажыралып турбастык, оолак жерге кетпөө, эмгектенип күн көрүүдөн баш тартпоо, үй-бүлө, бала-чака багуу милдетин моюнга алуу, башкалардын (кул жана күңдөрдүн) эмгегинен пайдаланбастык өңдүү изги тартип-эрежелерге катуу амал кылууну талап кылат.

Накшбандия окуусунун негизги тарбия усулу маектешүү болгон. Накшбандийлер маектин пайдасы көп, маек аркылуу адамдын дилине кирип баруу мүмкүн, деп эсептеген. Бул окуу төмөнкү төрт принциптин негизине курулган: 1) шарият менен кулк-мүнөздү тазалоо; 2) окуу менен дилди тазалоо; 3) акыйкат менен Аллахка жетишүү; 4) билим, агартуу менен Аллахка жетишүү.

Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин, суфийлик илими ээлеринин аттары түбөлүктөштүрүлүп, урмат көрсөтүлдү.

Азыркы учурда дүйнөнүн көп мамлекеттеринде, Америка Кошма Штаттарынан тартып Австралия архипелагине чейин болгон аймакта Бахауддин Накшбанд жана накшбандия окуусу белгилүү жана урматтуу статуска ээ. Анткени Бахауддин Накшбанд, оболу, ислам дини шарияты крите-

Бахауддин Накшбанддын өлүмүнөн бир кылымдай убакыт өткөндөн соң Абдурахман Жамий (1414–1492) биринчи жолу бул окууну «накшбандия» деп атай баштады.

*Бахауддин Накшбанддын күмбөзү*



рийлерин бекем кармаган жана алардын бузулуусуна жол койбогон. Экинчиден, ал чын адамдык идеялар жана сапаттарды илгери сүргөн, коомдун түрдүү өкүлдөрү ортосунда футувват – жоомарттык мамилелеринин пайда болушуна түрткү болгон.

Эгемендүүлүк жылдарында диний баалуулуктарды кайра калыбына келтирүү жараянында мечиттер, медреселер жана башка диний уюмдар менен бир катарда окуу өкүлдөрүнүн ишмердүүлүгүнө да өзгөчө көңүл бурулду. Алсак, 2003-жылы Абдулхалык Гыждуванийдин 900 жылдыгы белгиленген болсо, 2018-жылда окумуштуунун 915 жылдыгы майрамдалышы белгиленген. Кудум ушундай, 1993-жылы Бахауддин Накшбанддын 675 жылдыгы кеңири көлөмдө белгиленген болсо, 2018-жылда 690 жылдык юбилейи майрамдалат. Бүгүнкү күндө Бухарадагы Накшбанд зыярат жайында Бахауддин Накшбанд эстелик комплекси борбору, «Накшбандия окуусу» музейи жана «Накшбандия» журналынын иши жолго коюлган.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Суфийлик жана окуу (tariqat) сөздөрүнүн мазмунун айтып бер.
2. Мавараунnахрда суфийликтин өнүгүшү кайсы окумуштуунун аты менен байланыштуу?
3. Яссавийлик окуусу жөнүндө айтып бер.
4. Кубравийлик окуусунун өзүнө таандык жактары эмнелерден турат?
5. Накшбандийлик окуусунун негизги ураанынын мазмунун түшүндүрүп бер.
6. Берилген текстти кунт менен оку, Накшбандия окуусунун негизги тарбия усулу – маектешүү усулу менен байланыштыр. Маектешүү маданиятына негизделип пикир билдир. Сен пикир билдиргениңде кандай эрежелерге амал кыласың?

*«... тилиңди жакшы өнөргө үйрөт жана сылык сөздөн башканы адат кылба. Анткени, тилге ар кандай сөздү үйрөтсөң, ошону айтат, сөздү өз жайында иштеткин, сөз эгерде жакшы болсо, бирок орунсуз иштетилсе, ал ар канча жакшы сөз болсо да жаман, орунсуз угулат. Ошондуктан орунсуз сүйлөбө, пайдасыз болот. Мындай пайдасыз сөз зыян келтирет жана ар сөз андан өнөр жыты келбесе, мындай сөздү айтпаш керек».*

***Кайкавус, «Кабусname».***

# 16-§ ӨЗБЕКСТАНДА ДИНИЙ КЕҢ ПЕЙИЛДҮҮЛҮК ЖАНА СОЦИАЛДЫК ТУРУКТУУЛУК









## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Берилген сүрөттөрдө элибизге таандык кандай баалуулуктар берилген?
2. Кең пейилдүүлүк дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Мекенибиздин тарыхынан кең пейилдүүлүк принцибине тиешелүү маалыматтарды келтир.
4. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында өзбек элинин кең пейилдүүлүк баалуулугу кандай көрүндү?

Бүгүн Өзбекстан диний кең пейилдүүлүк, улуттар аралык ынтымак маселесинде бүткүл дүйнөгө үлгү болууда. Өзбекстандын элине мүнөздүү бул сапат узак жана татаал тарыхый жараяндар натыйжасында пайда болгон. Оор сыноолорду баштан өткөргөн түрдүү дин өкүлдөрү кыйын учурларда бири-бирин колдоп, өз ара жардам колун созушкан. Өлкөбүздүн тарыхы түрдүү дин өкүлдөрү арасында диний негиздеги чыр-чатактар чыкпагандыгы менен айырмаланып турат.

*«...дин жалпы адамзаттык ахлак ченемдерин өзүнө сиңдирип алган, аларды жандантkан, бардыгы үчүн милдеттүү кулк-мүнөз эрежелерине айландырган. Маданиятка чоң таасир көрсөткөн.*

***Ислам Каримов***

Мындан дээрлик 1,5 миң жыл мурда азыркы Борбордук Азияны өз ичине алган Батыш түрк каганаты доорунда (552–576) өлкөдө белгилүү болгон бардык дин өкүлдөрүнө өз диндерин тутунуусу үчүн кеңири жол коюп берилген.

VIII кылымдын башында Мавараунннахрга ислам дини кирип келди. Мында жаңы диний ынаным жана жергиликтүү үрп-адат, салттар биригип, башка мусулман мамлекеттеринен айырмалуу өзүнө таандык форманы алды. Кийинчерээк ушул өлкөнүн уламалары тарабынан кеңири өнүктүрүлгөн ханафийлик мазхабы бул үрп-адаттардын Куран жана хадистерге ылайык бөлүгүн диний булак катары кабыл алды. Натыйжада диний-социалдык маселелерди чечүүдө бул «үрп-адаттар» фикхий булактардан бири болуп калды.

Ислам дүйнөсүндө ким мусулман, ким мусулман эмес, деген тартышуулар күч алган бир маалда Борбордук Азия уламалары ислам динин кабыл алып, өзүн мусулман санаган кишини каапырлыкта айыптоо мүмкүн эмес, деген эрежени ислам дининин булактары менен негиздеп берди. Ислам дининин бул өлкөдө кеңири тараган мазхабы ханафийликтин башкы ынанымдык (догмалык) принциптери мына ушундай кең пейилдүүлүккө негизделген.

Имам Аъзам Абу Ханифа (699–767) тарабынан башталган мындай кең пейилдүүлүктүн илимий-догмалык негиздери журтубуз окмуштууларынан Имам

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Иероманах Харитондун сөзүн оку жана төмөнкү суроолорго жооп бер.

1. Окуя кайсы доорго тиешелүү деп ойлойсуң?

2. Элибизге таандык кең пейилдүүлүк баалуулуктарын түшүндүр.

*«Жергиликтүү калк байкуш көчмөн (орус дыйкан)дөргө боорукерлик менен мээрим көрсөтүшүүдө, антпесе алардын көпчүлүгү ачарчылык жана муктаждыктан өлүп кеткен болот эле».*

*Арабызда достук байланыштары бардык багыттарда күзөтүлүп жатат: ар бир православдын мусулман достору болгондой, поптор жана имамдардын ортосунда да достук мамилелери өтө бийик. Дос-мусулмандарга ишкердик тармагы же конституция боюнча жардам менен кайрылса, албетте, суралган нерсени алабыз. Бизде карама-каршылыктар тургай, түшүнбөстүктөр да жок».*

**Митрополит Владимир**

Маатуридий (870–944), Абул Муин Насафий (1046–1115) өңдүү аалымдар тарабынан улантылды. Алар калтырган бай илимий мурас кылымдар аша мусулман мамлекеттери медреселеринде диний кең пейилдүүлүккө негизделген колдонмолор катары окутулуп келинди жана азыркы күндө да окутуулуда.

XIII–XIV кылымдарда моңолдорго каршы азаттык күрөшү жараянында бул чөлкөмдүн элин бириктирүүчү күч катары яссавия, кубравия, накшбандия өңдүү суфийлик окуулары калыптанды. Борбордук Азия суфий өкүлдөрү патриоттук, элди жактоо, тынчтык, туруктуулукту чыңдоого кызмат кылган ислам дининин алдыңкы өкүлдөрү катары урмат-сыйга жетишишти.

Улуу жаангер Амир Темур дин жана руханияттын чоң маанисин туура түшүнгөн. Шарафуддин Али Яздий Амир Темурду ынанымы жеткилең адам катары туура сүрөттөгөн. Эң маанилүүсү, жаангер Борбордук Азияда кеңири тараган исламдагы биригүү жана бөлүнбөөнүн жактоочусу болгон багыт «ахли сунна ва жамоа»га дайыма туруктуу, диний догматизмге кескин каршы болгон. Амир Темур ислам динин консерваторлуктан бөлөк деп түшүнгөн. Анын жеткилең ынанымы башка диндерди четке кагуунун эсебинен болбогон. Ушул себептен да ал өз кылымынын гана эмес, о.э. кийинки доорлор үчүн да үлгү болгон.

*«Диний кең пейилдүүлүк жана мыйзамдын үстөмдүүлүгү – бул көп улуттуу мамлекет курулушу керек болгон пайдубалдын бир бөлүгү болуп саналат».*

***Өзбекстан Библия коомунун аткаруучу директору С. Митин***

Бүгүнкү күндө мамлекетибизде ата-бабаларыбыздын улуу жана даңазалуу эмгеги жана мурасын өзүндө

*Самарканддагы Олуя Алексий Московский собору*



камтыган диний баалуулуктар өнүгүүдө. Журтубузда иштеп жаткан түрдүү ынаным өкүлдөрү да мамлекетибиздин бул саясатын туура түшүнүп, колдоп-кубаттап шууда.

Өзбекстанда дин мамлекеттен ажыратылган болсо да, дин эркиндигин камсыздоо боюнча мамлекетибиз тарабынан ирееттүү жана системалуу түрдө бир топ иштер аткарылууда. Мисалы, 2000-жылда – Өзбекстан Республикасы Президентинин Указына ылайык Ташкент жана Орто Азия Архиепископу Владимир диндер аралык кең пейилдүүлүктү чыңдоодогу кызматтары үчүн «Достук» ордени менен сыйланды.

Борбордук Азиядагы мусулман жана башка дин өкүлдөрү ортосундагы мамилелер өз ара урмат жана кең пейилдүүлүккө негизделген. Бүгүн республикабызда 16 конфессиянын өкүлдөрү ээн-эркин ишмердүүлүктөрүн алып барышууда. Татаал тарыхый жараяндардын сыноолорун эрдик менен жеңип өтүүлөрү




## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Бул текстти оку жана мамиле билдир.

*Адамдарды айыптаба, ошондо сен да айыпталбайсың, болбосо, аларды кандай айыптаган болсоң, сен да ошондой айыпталасың. Башкалардын айыбын кайсы карышта өлчөсөң, сеники да ошол ченем менен өлчөнөт.*

натыйжасында калыптанган диний кең пейилдүүлүк чөйрөсү мамлекетте тынчтык, өнүгүү жана жыргалчылыкка кызмат кылууда. Анткени бул абалдан бардык дин өкүлдөрү кызыкдар. Мына ушул бийик максат жолунда бардык конфессиялар журтубузда жана чет элде уюштурулуп жаткан руханий жана агартуу иш-чараларында республикабызда диний кең пейилдүүлүк жана социалдык туруктуулукту андан да чыңдоо боюнча ишке ашырылып жаткан реформаларды колдоп-кубаттап келишүүдө.



*Фаязтепа – Өзбекстанда 2000 жыл мурда буддизмдин өнүккөнүн көрсөтөт*

Бүгүнкү күндө Өзбекстанда ар бир диний конфессия өзүнүн диний уюмуна ээ болуп, диний ырым-жырымдарды ишке ашырышууда. Конфессиялар өз ишмердүүлүктөрүн Өзбекстандын «Ынаным эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамына амал кылган түрдө алып барышууда.

XX кылым адамзат тарыхына эки дүйнөлүк согуш болгон кылым катары жазылды. Бүткүл дүйнөнүн жалпы идеясы XXI кылым – тынчтыктын кылымы болушу үчүн күрөшүшүүдө. Бул жолдо диний кең пейилдүүлүк, диндер аралык байланыш чоң мааниге ээ болот. Салттык диний кең пейилдүүлүк өлкөсү катары белгилүү жана таанымал болгон Өзбекстан бул багытта да өз милдетин ардак менен аткарууда.



## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Журтубузда кең пейилдүүлүк чөйрөсүн жаратууда исламдык эмес конфессиялардын орду кандай?
2. Өзбекстандын элине мүнөздүү диний кең пейилдүүлүктүн негиздери кандай татаал жараяндардын сыноолору натыйжасында пайда болгон?
3. Журтубузга католиктик багыты өкүлдөрүнүн кирип келиши кайсы окуя менен байланыштуу болду?
4. Исламдык эмес конфессиялардын мамлекетте социалдык-руханий чөйрөнү саламатташтыруу жараянына кошкон салымы эмнелерде байкалууда?

# 17-18-§ ЖУРТУБУЗ ОЙЧУЛДАРЫНЫН ДҮЙНӨЛҮК ИЛИМ-БИЛИМДИН ӨНҮГҮШҮНӨ КОШКОН САЛЫМЫ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Орто кылым илим-билиминин өнүгүшү бүгүнкү күндөгү кайсы илимдердин өркүндөшүнө негиз болгон? Бул орунда журтубуз ойчулдарынын салымы эмнелерден турган?
2. Кандай шартта илим-билим өнүгөт?
3. Борбордук Азиядан чыккан аалымдар кандай илим тармактарында иш жүргүзүшкөн?
4. Ислам илимдери дегенде эмнени түшүнөсүң?

## АКЫЛ-ОЙ МЕНЕН КУРУЛГАН БАЙ РУХАНИЯТ

Жаңы коом жана мамлекет курууга жөндөмдүү болгон муундун ой таанымынын калыптануусунда, улуттун өздүгүн таануусунда бай илимий, руханий жана маданий мурасыбыз, улуттук баалуулуктарыбыз абдан өзгөчө мааниге ээ.

Мамлекетибиздин канчалык тез өсүшү, күч-кубатка толушу, дүйнөлүк коомчулукта өзүнө татыктуу орун ээлеши, оболу, элибиздин руханий деңгээли, ар-намысы жана сыймыгы канчалык жогору болушуна байланыштуу болот.

Булактарда улуу ойчул Абу Али ибн Сина 17 жашында Нух ибн Мансур (976-997-жылдар)ду дабалап жаткан маалда «Dor ul ulum» – «Билимдер үйү» аты менен да аталган сарайдын китепканасынан пайдаланганы жөнүндө кабар берилет.

Кылымдар бою акыл-ой, билим менен курулган бай руханияты себеп элибиз сыймыктануу менен жашаган, эмгектенген, дайыма эркиндик жана эркти карай умтулду. Мына ушул улуттук аң-сезим, улуттук сыймык бүгүнкү жашообуздун алтын пайдубалы эсептелет.

Бул пайдубалга улуу ойчулдарыбыз Беруний жана Фарабий, Матуридий, Ферганий, Абу Али ибн Сина, Харезмий, Замахшарий, Бухарий, Имам Абу Иса Термезий, Хаким Термезий, Наваий жана Улукбек сыяктуу жүздөгөн улуу адамдар негиз салышкан.

Ислам дини табигый илимдер, психология, тарых, география, социология, биология, дегеле адамзат үчүн керектүү болгон ар кандай илимди үйрөнүүнү колдоп-кубаттайт. Исламдын илим-билимге оң мамилеси натыйжасында ислам дүйнөсүндө орто кылымдарда илим-билим кескин өөрчүп, бүткүл дүйнөнүн өнүгүүсүнө чоң салым кошкон.

IX–XII кылымдар Ислам ренессансы доору – Имам Бухарий, Термезий, Абу Мансур Матуридий, Абу Наср Фарабий, Абу Райхан Беруний, Абу Али ибн Сина, Харезмий, Ахмад Ферганий, Бурхануддин Маргынанийлердин дүйнөлүк илимге кошкон чоң кызматы доору Маамун академиясынын Харезмдеги иши менен байланыштуу болсо, экинчи баскычы – Темурийлер ренессансы доору XIV–XVI кылымдарга туура келет. Амир Темур, Мырза Улукбек, Алишер Наваий, Бабур Мырзалардын илим-билим, маданияттын өнүгүшүндөгү кызматтары чексиз. Азияда IX–XII жана XV кылымдарда болгон илим-билим, философия, адабият тармагындагы өнүгүү Европа ренессансына чоң таасир көрсөткөн.

Заманбап математика, тригонометрия жана география илимдеринин өнүгүүсүнө баа жеткис салым кошкон белгилүү даанышман Мухаммад ибн Муса Харезмий эсептелет. Ал ондук позициялык эсептөө системасын, нөл белгисин жана уюлдардын координаталарын бирин-


***Мухаммад ибн Муса Харезмий*** *алгебра илимине негиз салган, илимий маалымат жана трактаттарды баяндоонун так эрежелерин иштеп чыккан, ал астрономия, география жана климат теориясы боюнча көптөгөн илимий чыгармалардын авторлору да эсептелет.*

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Төмөнкү берилген сүрөттөргө кунт коюп кара. Орто кылымдарда бул чиймелерди сызуу жана ойлоо үчүн кандай билимдерге ээ болуу керек эле?
2. 5-сүрөттөгү көрүнүштү Бухарадагы Улукбек медресесинин маңдайына жазылган учкул сөз менен түшүндүр.
3. Абу Али ибн Синанын XIV кылымда Италияда басылган «Медицина канондору» китебине иштелген гравюрага карап дүйнөлүк медицина илиминин өнүгүүсүнө ибн Синанын кошкон салымын көрсөт.



*Кыбыланы аныктоонун чиймеси. VIII кылым. Мухаммад ибн Муса Харезмий*



*Астролябиянын бир бөлүгү. X кылым. Ибн Ирак*




*Сүрүп чыгарылган суунун так көлөмүн аныктоочу идиш XI кылым. Беруний*




*Медициналык аспаптар, XI кылым*



*Улукбек шакирттери менен. Миниатюра, XVI кылым*



*Абу Али ибн Синанын XIV кылымда Италияда басылган «Медицина канондору» китебине иштелген*



*Ахмад Ферганий тарабынан курулган Нил дарыясында суунун деңгээлин өлчөй турган курулма. Сырткы жана ички көрүнүшү. IX кылым*

чилерден болуп негиздеп берген жана практикада колдонгон. Бул болсо математика жана астрономиянын өнүгүүсүндө кескин бурулуш жасаган.

Окумуштуунун дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүүсүндөгү кызматтары жалпы таанылган болуп, Чыгыш аалымдары арасында анын гана аты жана китептери «алгоритм» жана «алгебра» өңдүү заманбап илимий терминдерде түбөлүктөштүрүлдү.

Чыгыш Кайра жаралуу доору өзүнө мүнөздүү экономикалык, социалдык, саясий, маданий жана илимий чөйрөнү камтып алгандыктан, бул доордун «Кайра жаралуу доору» деп аталышы да эч бекеринен эмес.

IX кылымда Ахмад Ферганий «Астрономия негиздери» китебинде ааламдын түзүлүшү, жерди ченөө жөнүндөгү алгачкы маалыматтар, планетабыздын шар сымал көрүнүшкө ээ экендигине далилдер келтирилет. Китеп XVII кылымга чейин Европа университеттеринде астрономия боюнча негизги окуу китеби катары окутулган. Улуу географиялык ачылыштар доорунда Колумб, Магеллан жана башка саякатчылардын ачылыштары үчүн илимий негиз болуп кызмат кылган. Ахмад Ферганий орто кылымдардагы негизги астрономиялык аспап –

*XI кылым бүткүл дүйнөдөгү табигый илимдер тарыхчылары тарабынан «Беруний кылымы» деп аталды.*

*Абу Райхан Беруний Колумбдун саякатынан 500 жыл мурда Тынч жана Атлантика океандарынын артында материк бар экендиги жөнүндөгү көз карашын илгери сүргөн.*

астролябия теориясын иштеп чыккан. Нил дарыясында нилометр – суунун деңгээлин өлчөөчү негизги каражат катары колдонула турган белгилүү курулушту жараткан.

**Абу Наср ибн Ирак** — «Экинчи Птоломей» деген наам алган улуу окумуштуу. Ал мейкиндиктеги тригонометриянын негиздөөчүсү эсептелет. Ал математика жана астрономия тармагындагы ачылыштары менен даңк тараткан.

**Абу Райхан Берунийдин** 150 дөн ашуун илимий иштеринен бизге чейин болгону 31 и жетип келген. Ал дүйнө илим-билиминде биринчилерден болуп деңиздер теориясын жана жердин шар сымал глобусун жаратуу боюнча өзүнө мүнөздүү жаңы идеяларды сунуш кылган. Жердин радиусун эсептеп чыккан, вакуум абалын түшүндүрүп берген. Минералдардын классификациясын, алардын пайда болуу теориясын иштеп чыккан, геодезия илимине негиз салган.



*Абу Али ибн Синанын XV кылымда Европада басылган «Медицина канондору» китеби*

**Абу Али ибн Сина** – «Ислам ааламынын эң белгилүү философу жана энциклопедист окумуштуусу жана адамзаттын эң улуу ойчулдарынан бири» деген наамга татыктуу болгон. Ал илимий изилдөө иштерин 16 жашында баштаган. Өмүрүндө 450 дөн көп эмгектер жараткан. Ибн Синанын медицина жана философия, логика, химия, физика, астрономия, математика, музыка, адабият жана тил таануучулук тармактарына арналган чыгармалары дүйнө аалымдары тарабынан тан алынган. Леонардо да Винчи, Микеланжело, Френсис Бэкон жана башка көптөгөн аалымдардын мууну анын чыгармаларын окуп таң калышкан.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. 2014-жыл 15–16 майда Самаркандда кандай эл аралык конференция болгон? Конференциянын максаты эмнелерден турган?
2. Журтубуз окумуштууларынын дүйнө илим-билими өнүгүүсүнө кошкон салымдары жөнүндө пикир айт. Ошол доордо дүйнөнүн башка мамлекеттериндеги илим-билимге болгон мамиле маселесине көңүл бур.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Төмөнкү элдик макалды оку жана журтубуз ойчулдарынын түрдүү тармактардагы илимдерди ээлеши үчүн канча машакат тарткандарын айтып бер.

   *«Илим издөө – ийцне менен кудук казганга тең».*
2. Сен өз алдыңа илим жана өнөрдүн кайсы багыттарын ээлөөнү максат кылып койгонсуң? Максатыңа жетишүү үчүн кандай аракет жасап жатасың?
3. Берилген сүрөттүн негизинде Чыгыш Кайра жаралуу доору жөнүндө айтып бер.



*Озад Хабибуллин, «Чыгыш ойчулдары»*

Абу Али ибн Синанын «Медицина канондору» деп аталган баа жеткис фундаменталдык чыгармасы азыркы күндө да өз актуалдуулугун жоготкон эмес. Бул китеп Европада XV кылымда басылган медицина тармагындагы алгачкы китептерден бири болуп эсептелет. Дээрлик 500 жыл бою Европанын алдыңкы университеттери медицина илими дал ушул китептин негизинде окутуп келинген.

Орто кылымдардын Чыгыш окумуштуулары жана ойчулдарынын кол жазмалары Европа жана Азиянын Улуу Британия, Германия, Испания, Россия, Франция, Египет, Индия, Иран жана башка көптөгөн мамлекеттердеги китепканаларынын «алтын фондун» түзөт.

Ислам илим алуу ар бир эркек жана аялга парз, деп окутат. Ар бир мусулман эркек жана аялды илим алууга үндөйт. Илим алуу жана аалымдардын сапаттары жөнүндө көптөгөн хадистер келтирилген.

Журтубуз окумуштуулары диний билимдер боюнча да жогорку даражага жетишишкен. Мисалы, ибн Сина, Махмуд Замахшарий, Фарабий, Берунийлер Куран, хадис, ислам тарыхы жана укук таануучулугу боюнча да китептер жазышкан.

Мусулман ааламындагы алгачкы окуу жайлары – медреселер VIII кылымдын аягында ошол доордогу илимий-маданий борборлор эсептелген Бухара, Самарканд, Насаф, Термез, Хива, Шаш (Ташкент), Маргылан өңдүү байыркы шаарларда иштей баштаган.

Мындай илим жайлары өз натыйжасын көрсөтүп, журтубуздан улуу сүрөтчүлөр жана мухаддистер жетишип чыгышкан.

Журтубуздан чыккан алгачкы мухаддистерден бири белгилүү аалым **Абдуллах ибн Мубарак Марвазий** болгон (736–798). Дагы бир мекендешибиз, ири мухаддис **Имам Даримий** (798–869) Самаркандда төрөлгөн. Окумуштуунун эң белгилүү чыгармасы «ал-Муснад» болуп, бул китеп «Сунан ад-Доримий» деген ат менен белгилүү.



*Маамун академиясы. Аалымдар кеңеши. Заманбап сүрөт*

**ТАРЫХКА НАЗАР**

VIII кылымдын аягында эле Бухарадагы имам Абу Хафс Кабир Бухарий (767 — 832) медресесинде чоң китепкана, атайын окуу залы болгон.

*Бардык илимдер бири-бири менен ушунчалык тыгыз байланышып кеткендиктен, аларды бир-бирден үйрөнүүгө караганда, баарын бир өздөштүргөн оңоюраак.*

***Рене Декарт***

Мухаммад (с.а.в.)дын алты жүз миңге жакын хадистерин жатка билген улуу окумуштуу **Имам Бухарий** «Хадис илиминин султаны» деген ардактуу наамга татыктуу болгон. Улуу мухаддистин «al-Jome as-Sahih» китеби Кураны каримден кийинки орунда туруучу экинчи маанилүү булак катары ислам ааламында жогору баага арзып келатат.

Имам Бухарийдин шакирти жана досу болуу урматына жетишкен кишилерден бири **Абу Иса Мухаммад**

*Имам Бухарийдин күмбөзү*



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. «Имам Бухарийдин сыноодон өтүшү» аңгемесин оку. Анын сейрек таланты жөнүндө ой жүгүрт.
2. Эс тутумду чыңдоо үчүн кандай көнүгүүлөрдү жасоо зарыл? Сен эс тутумуңду чыңдоо үчүн кандай көнүгүүлөрдү жасайсың? Китеп окуу жана жаттоо эс тутумду чыңдайт, дегенге кошуласыңбы?

### ИМАМ БУХАРИЙДИН СЫНООДОН ӨТҮШҮ

Бир күнү Имам Бухарийдин Багдадга келгенин уккан аалымдар аны сынамакчы болушту. Багдад мухаддистери жүз хадисти тандап алып, алардын текст жана иснаддарын өзгөртүштү (б.а. бир иснаддын тексттин экинчи бир иснаддын тексти менен жана бир тексттин иснадын башка тексттин иснады менен алмаштырып коюшту). Анан аларды он кишиге ондон бөлүп беришти да, жыйын учурунда Имам Бухарийге айтууну дайындашты. Жыйынга миңдеген хурасандык, багдаддык жана башка аалымдар келишти. Баягы кишилер өздөрүнө тапшырылган хадистерди Имам Бухарийге айтып, алар жөнүндө сурашты. Ошондо Имам Бухарий алардын ар бирине: «Мындай хадисти билбеймин», – деп жооп берди. Суроолор бүткөндөн соң биринчи болуп суроо берген кишиге карап: «Бирок, сен айткан биринчи хадистин тексти башка бир хадистин иснадына тиешелүү болуп, туурасы мына мындай, экинчисинин иснады болсо бөлөк хадистин текстине таандык болуп, туурасы мына мындай...» – деп суроо берген 10 кишиге жооп берди. Бардык хадистердин иснады менен тексттерин орду-ордуна койгонуна таң калган адамдар ал адамдын эс тутумуна, акыл-билимине тан берип, терең урмат билдиришти.

*Имам Бухарийден: «Ушунча Хадисти кандай эс тутумуңузда сактап калдыңыз?» – деп сурашканда, «Мен бардык үйрөнгөн илимдериме амал кылдым», деп жооп берген экен.*

**Термезий** (824–892). Имам Термезий чыгармаларынын ичинде эң белгилүүсү «al-Jome as-sahih» болуп, ал алты ишенимдүү хадистер жыйнактарынан бири эсептелет.

Маварауннахрдан чыккан улуу окумуштуулар ислам шарияты — фикх багытында да алдыңкылардан болушкан. Мына ушундай улуу факихтерден бири **Бурханиддин Маргынаний** (1123–1197) болгон. Анын «Hidoya» аттуу китеби жаратылган доорунан азырга чейин Чыгыш жана Батыштын окуу жайларында ислам шариятын үйрөнүүдө негизги чыгармалардан бири катары пайдаланылат.

Орто кылымдарда иш жүргүзгөн белгилүү аалым имам **Абу Мансур Матуридий** (870–944) сөз илиминде жогорку даражага жетишкендерден бири эсептелет. Матуридия окуусу анын аты менен байланыштуу. Абу Мансур Матуридий ислам ааламында «Мусулмандардын ынанымын түзөтүүчү» деген жогорку урматка жетишкен.

Харезм жергеси да исламдык илимдердин өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Мындан жетишип чыккан окумуштуулардын эң улуусу **Махмуд Замахшарий** болгон. Денеси майыптыгына карабай, бул адам илим издөөдө өз өмүрүнүн көп бөлүгүн алыс мамлекеттердеги сапарда, мусапырчылыкта өткөргөн. Меккеде алты жылга жакын жашаган. Ошондуктан «Жоруллох» («Аллахтын коңшусу») деген жогорку даражага татыктуу болгон.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Тынчтык жана туруктуулук илим-билимдин өнүгүүсүнө оң таасир көрсөтөт», деген сөздү турмуштук мисалдар менен чечмелеп бер.
2. Маамун жана Мырза Улукбек академияларында иштеген аалымдар илимдин кайсы тармактарында изилдөөлөр алып барышкан?
3. Темурийлер Ренессансы доору — XIV–XVI кылымдарда жашап иштеген аалымдардын илим-билим, маданият жана искусство, адабият өңдүү илимдердин өнүгүүсүнө кошкон салымы жөнүндө маалымат чогулт.

# 19-§ ДИН ЖАНА «МАССАЛЫК МАДАНИЯТ»

### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Массалык маданият дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Массалык маданияттын коомдун өнүгүүсүнө таасири барбы?
3. Тырмакчанын ичиндеги «массалык маданиятты» сен кандай түшүнөсүң?
4. «Массалык маданияттын» коомдун руханиятына таасири кандай, анын кооптуу жактары барбы? Оюңду негизде.

## «МАССАЛЫК МАДАНИЯТ» ТҮШҮНҮГҮ

Бүгүн тездик менен өнүгүп жаткан ылдам заманда жашап жатабыз. Ар тараптан маалымат чабуулу, түрдүү чалгытуулар, туура эмес жана кооптуу маалыматтар менен жаштарыбыздын аң-сезимин ээлөөгө болгон умтулуулар бар... Мына ушундай кооптордон бири «массалык маданият» эсептелет.

«Массалык маданият» деген бет кап астында ахлактык бузукулук жана зордукчулдук, индивидуализм, эгоцентризм идеяларын таратууга каратылган, башка элдердин канча миң жылдык салт жана баалуулуктары, жашоо мүнөзүнүн руханий негиздерине кенебестик, аларды кыйратууга каратылган кооптуу коркунучтар, аракеттерди түшүнүү мүмкүн.

Мындай караөзгөй идеяларды тарата турган топтордун түпкү максаты башкалардын эсебинен байлык арттыруу болуп саналат.

> *Эй, азаматтар, аялдардын кийимин кийбеш үчүн кайрат кылгыла.*
>
> ***Саадий Шеразий***

## «МАССАЛЫК МАДАНИЯТ»ТЫН МАКСАТЫ

«Массалык маданият»тын максаты, оболу, экономикалык байлык арттыруу, адамдарды бир-бирине

карама-каршы коюп, бири-бирин жана ушуну менен бирге өзүн өзү өлтүрүүгө чейин алып баруудан турат. Натыйжада болсо анын таратуучулары дүйнө жана андагы байлыктарга жалгыз ээ болуп алууну каалашат.

Сен теңдүү өспүрүмдөр, жаштар теңкурларына суктануучу, жаңылыктарды бат өздөштүрүүгө умтулуучу болушат. Алардагы мына ушул социалдык-психологиялык абал, көбүнчө, жасалма баалуулуктардын таасирине берилип калууларына себеп болушу мүмкүн.



*Массалык маданияттын оң жактары*

Азыркы маалда ахлаксыздыкты маданият жана тескерисинче, чыныгы руханий баалуулуктарды менсинбестен, эскиликтин калдыгы деп кароо менен байланышкан абалдар өнүгүүгө, адамдын өмүрү, үй-бүлөнүн ыйыктыгы жана жаштар тарбиясына чоң коркунуч салууда. Буга мисал катары бир жыныстуу никелер, никесиз жашоо, персентсиз өтүү, б.а. перзенттерди ашыкча көйгөй деп эсептөө, кебетесин адаттан тыш түспөлдөргө салуу (денеге ийне менен түрдүү сүрөт жана фигураларды сызуу), өз өмүрүнө кол салууну эрдик деп билүү өңдүү терс кесепеттерди келтиришибиз мүмкүн. Мындай жагдайларга бардык диндер кескин каршы болушат.

Жалпы адамзаттык баалуулуктарга каршы кийимдерди кийүү «массалык маданият» саналат. Мисалы, тизеси же этеги жыртылган, менменсинүүнүн белгиси

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти оку жана «массалык маданият» коопсуздукка кандай коркунуч туудурушу мүмкүндүгүнө мисалдар келтир.

*XXI кылымдын эл аралык мамилелер жана улуттук коопсуздук позициясынан өзүнчө өзгөчөлөнүп туруучу жагы – глобалдашуу шартында жаңыдан жаңы карама-каршылыктар пайда болуп, алар улуттук коопсуздук үчүн жаңы коопторду келтирип чыгарды.*

*«Эй Адам балдары, силерге авратыңарды тосо турган кийим жана кооздонуу кийимин бердик. Такыба кийими, мына ушунусу жакшы. Мына ошолор Аллахтын аят-белгилеринен болуп эсептелишет. Эстешсе, жакшы болмок». (Кийимдин зарылы авратты жаба турганы эсептелет. Бирок Аллах адамдын авраттан башка мүчөлөрүн да тосуу зарылчылыгы бар экенин эсепке алып, кийимди кооздук түрүндө берди. Дал ушундай кийимди өз ордунда, б.а. шариятка ылайык пайдаланган адам кооз эсептелет. Бирок эң негизги кийим – такыба кийими эсептелет).*

***Аъраф сүрөсү, 26-аят***

катары тар жана узун, бели же курсагы ачылып туруучу кийимдерди кийүү буларга мисал болот.

Ислам дининин ыйык булагы Кураны каримде Кудай тарабынан адамдардын сулуу жана көркөм жаратылгандыгы өзүнчө белгиленет. О.э., ислам окуусунда адам денесин таза тутушу, аруу жана жыпар жыттуу болушуна чакырылып, сулуулук белгиленген чек арадан чыкпастыгы да өзүнчө айтып өтүлгөн.

Соңку маалдарда татуаж, растушовка, татуировка (денеге сүрөт тарттыруу) адатка айланып баруруда. Бул жараяндар оору менен коштолот жана адамдардын ден соолугу үчүн зыян.

**«Татуаж»**, **«Растушовка»** жараяны жөнүндө тармактын адистери өз ойлорун билдиришкен. Татуаж – перманент жасалга, б.а. беттеги мүчөлөр – каш, көз жана эринди узак убакытка чейин кетпей турган кылып боёп, жасалгалоо дегени. Перманент жасалгада санап өтүлгөн мүчөлөрдүн терисине татуаж үчүн арналган ийне жардамында атайын боёк жиберилет. Бул пигменттердин көпкө кармалып турушун камсыздайт. Перманент жасалга процедурасы оору менен коштолуп, бир-эки саатка созулат.

Бирок жасалма жасалганын адамдын организми үчүн зыяндарын оңдоп болбой турган кесепеттерге алып келиши да мүмкүн.

Каш татуаж кылынганда каштардын тамырынын жок болушуна алып келип, алардын төгүлүшүнө себеп болот. Көздөргө татуаж кылынганда болсо, көздүн көрүү жөндөмүнө, кабак терилеринин сезгичтигине терс таасир этет. Эриндер татуаж кылынганда ооз айланасында шиштер пайда болот. Бул процедураларда ийне менен тешилгендиктен организм түрдүү инфекцияларга

*Татуировка аспаптары менен гепатит Б, С жана ОИВ инфекциясын жуктуруп алуу өтө оңой. Татуировкасы бар адамдардын гепатит С оорусуна чалдыгуу коркунучу жөнөкөй адамдарга караганда 9 эсе жогору болот.*



*Готтор*

алсыз болуп калат. Теринин тешиктерине болсо түрдүү химиялык боёктор киритилиши аллергия ооруларын келтирип чыгарат.

«Татуировка» ийне менен нерв тамырларына зыян тийгизип, денеге сүрөт тарттыруу болуп саналат. Бул оорутуучу жараян болуп, адам өз-өзүнө жаракат келтирет. Тармак адистеринин айтымында, «татуировка» кылдырган адамдарда 20 дан ашуун ооруга чалдыгуу көрсөткүчү жогору болот экен. ***Татуировка боёгунун курамында ракты пайда кыла турган факторлор бар***. Боёктордун курамында адам организми үчүн зыяндуу болгон металлдар, б.а. сымап сульфиди, хром, кадмий, коргошун, титан, алюминий, кобальт өңдүү элементтер бар.

***«Mycobacterium haemophilum»*** бактериясы кургак учук жана пес оорусун козгойт, адамдарда иммун системасын алсыратат. Бул бактерия болсо татуировка чийдиргенден кийин гана пайда болот. Христиан дининин ыйык китебинде да татуировка тарттыруу каралаunion, денени тилбөө, териге оюп нерсе жазбоо уктурулат.

«Массалык маданияттын» дагы бир көрүнүшү «Готтор». «Готтор» (англис тилинен «goths» – готтор, варварлар, маданиятсыз адамдар, түркөй жана наадандар деп которулат) ахлаксыздык, адамдыкка жат илдеттерди үгүттөөчү субмаданият болуп, XX кылымдын 70-жылдарынын аягында Улуу Британияда пайда болгон. Атап атйсак, 1982-жылда «Беткав» клубунун ачылышы готтук жашоо мүнөзүн жайылтууда чоң орун туткан. Дал алардын иши натыйжасында готикалык-рок музыкалык жанры пайда болуп, англис жаштары арасында таанымал боло баштаган. «Готтор» кыймылынын негизги идеясы өлүмдү романтикалоо,

кыйналуу, азап-тозок, ыпыластыктан ыракаттануудан турат. Бул **субмаданият** өкүлдөрү кара түскө негизделген имижге таянышат, готикалык музыкага кызыгышат, бүгүнкү күн менен жашашат. Готтор позитив сезимдерден ырахаттануунун ордуна, рухий азап тартуу, үмүтсүздүк жана рухий жабыркоодон эргүү алышат. Готторду көчөдө таанып алуу кыйын эмес.

Жогоруда айтылгандай, бул субмаданият өкүлдөрү кара түскө негизделген «дресс-код»го амал кылат. Алсак, готикалык кийинүү стилинин негизги элементтери – кийимдерде кара түстүн көп болушу, металдан иштелген түрдүү жасалгаларды иштетүү болуп саналат. Жогоруда келтирилген мисалдар «массалык маданият» адамды маңкуртка айландыраарын көрсөтүүдө. Ал өзүнүн «менин» жоготот. Ал үчүн баалуу нерселер калбайт, ата-эне, перзент, баалуулук өңдүүлөрдү тан албайт.

Коомдо эч нерсени кадырлабай турган адамдардын көбөйүп кетиши мамлекетти кризиске алып келет. Натыйжада кайдыгер адамдар көбөйөт, улуттук баалуулуктарга, руханиятка доо кетет.

*Силер Кудайыңардын — Ээбиздин перзенттерисиңер, өлгөндөр үчүн өзүңдү кеспе, чачыңдын алдын кыркпа.*

***Байыркы Осуят (Экинчи мыйзам, 14:1).***

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Массалык маданият» адамдын жашоосуна кандай таасир көрсөтөт?
2. Адабият предметинен алган билимдериңе таянып, «маңкурт» түшүнүгүнүн коомдун өнүгүшүнө таасири жөнүндө пикир жүргүз.
3. Диний окуулардын «массалык маданиятка» мамилеси кандай?
4. Сен эмне үчүн «массалык маданиятты» каралайсың? Оюңду негизде.
5. Берилген элдик макалды «массалык маданият» менен байланыштырып түшүндүр: «Жалтырап көрүнгөндүн бары эле алтын боло бербейт».
6. Берилген сүрөттөрдө көрсөтүлгөн абалдар жалпы адамзаттык баалуулуктарга кандай зыянын тийгизет?

# 20-§ КСЕНОФОБИЯ ЖАНА ДИН

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Ксенофобия, христианофобия, юдофобия, исламофобия деген терминдерди укқансыңбы?
2. Адамга таандык болгон коркуу абалына кандай кубулуштар көбүрөк себепчи болот?
3. Коркууну жеңүү үчүн эмнелерге көңүл буруу керек?
4. Биологиялык коркуу менен жасалма коркуунун айырмасы эмнеде?

**Ксенофобия** — (грек. *ksenos — чоочун; fobos — коркуу*) грек тилинде кайсы бир «чоочун», «тааныш эмес» болгон нерсе же түшүнүктөн «коркуу» маанисин билдирет.

Медицинада бул сөз адамдагы «тааныш эмес адам, нерсе, кубулуш жана башкалардан коркуу» же алардан «жийиркенүү» сезимдерин билдирет. Өзү үчүн жат болгон нерселерден жатсырап коркуу, айрыкча, жаш бөбөктөрдө даана байкалат.

Тааныш эмес нерсе жана кубулуштардан этияттануунун айынан жатсырап, алардан келиши мүмкүн болгон кооптор коркуу адамдагы өз-өзүн коргоо касиети менен байланыштуу болуп, адатта, дени соо адамда күзөтүлө турган жагдай. Бул өңдүү өз жашоосу, насили, түрүн жат жана белгисиз коркунучтан коргоо, биологиялык коркуу сезими жаныбарларда да бар. Ксенофобия бул табигый болбогон, адамдагы кандайдыр бир тааныш эмес нерсеге салыштыр-

*«Биз, о.э., дүйнөнүн түрдүү жерлеринде антисемитизм жана исламофобиянын күчөгөнүн, еврей, мусулман араб коомдоруна карата зордукчулдукту, расисттикти үгүттөөчү жана аларды кемсинтүүчү идеяларга негизделген бөлүп-жаруучулук кыймылдарынын пайда болуп жатканын терең тынчсыздануу менен тан алабыз».*

**«Расалык кемсинтүүнүн бардык түрлөрүн жоюу жөнүндөгү декларациянын» 61-статьясы**

малуу ашыкча жийиркенүү сезиминин пайда болушу, нерв системасынын изден чыгуу абалы болуп саналат.

Адамдагы бул психологиялык касиет ар кандай жаңылыкты, ал жакшы же жаман болушунан көз карандысыз түрдө, андан коопсураган түрдө кабыл алуудан турат. Мисалы, ойлоп табуучулардан Галилео Галилей (1564–1642), Николай Коперник (1473–1543) өңдүү аалымдардын чоң ачылыштарына болгон мамилени алышыбыз мүмкүн. XIX кылымда жергиликтүү элдердин ортосунда «Тунуке там жабылган үйгө периште кирбейт», «картошка – мусулмандын тамагы эмес» өңдүү эскиче пикирлер тараган. Мындай сөздөр айтылганда күлүп коёсуң. Бирок азыркы XXI кылымдагы цивилизация жараяндарынын тездешүүсү доорунда адамдар арасында оң жаңылыкка салыштырмалуу коркуу сезими жоголбойт. Болгону, коркуунун объекти өзгөрөт.

## ТАРЫХКА НАЗАР



*АКШда XIX кылымда пайда болгон «Ку-клукс-клан» тобу кара денелүүлөргө каршы ак денелүүлөрдүн улутчулдугу катары пайда болгон эле. Бул топ тарабынан кара денелүүлөргө карата жасалган басым жана террордук аракеттер натыйжасында коомдо бир кыйла дүрбөлөңдөр келип чыккан. «Ак расисттик» наамы менен белгилүү болгон бул жашыруун коом АКШда 1861–1865-жылдардагы жарандар согушунан кийин түштүктүк мурдагы аскерлер тарабынан түзүлгөн эле. Алар тарабынан бутага алынган кара денелүү «курмандыкка» дуб дарагынын бутагы же апельсиндин уруктары таштап кетилчү. Бул белгини алган кара денелүү киши айтылган ишти кылуусу же мамлекетти таштап чыгып кетиши керек эле. Антпесе аны анык өлүм күтөт эле.*

***Ку Клукс Клан. Белое движение в США. – Москва, 2001; McVeigh, Rory.***



*Ксенофобия расалык же диний кемсинтүүлөргө себеп болот*

Диний ксенофобиядан сырткары этникалык, улуттук, расалык ксенофобиянын түрлөрү да бар. Кандайдыр бир элге (этноско) карата коопсуроо, коркуу менен кароо жана ушул көз караштар менен байланыштуу иш-аракеттер этникалык ксенофобиянын бир көрүнүшү эсептелет.

Азыркы күндө массалык маалымат каражаттарында «терроризм» жана «ислам» сөздөрү өтө көп абалдарда чогуу иштетилүүдө. Натыйжада исламдан коркуу – исламофобия түшүнүгү пайда болду. Исламофобия термини XX кылымдын аягынан бери мамилеге кирип келген.

Исламофобиянын идеологиялык жагы төмөнкүдөн турат: мында бир жактан светтик, экинчи жактан дин эркиндиги принциптеринин кээ бир батыш мамлекеттеринде толук тартипке салынбагандыгында көрүнөт.

Исламофобия кээде «диний кемсинтүү» (диний дискриминация) түрүндө көрүнүшү мүмкүн. «Диний кемсинтүү» кишилерди диний таандыктыгына көрө, алардын укуктарын чектөөдөн турат.

Диний ксенофобиянын көрүнүштөрү башка дүйнөлүк диндерге салыштырмалуу да колдонулат. Мисалы, христиандык динине карата терс мамиле «христианофобия» сөзү түрүндө, еврей динине карата «юдофобия» сөзү иштетилет.

Көбүнчө, коомдогу ксенофобиянын пайда болушуна массалык маалымат каражаттары себепчи болот. Ант-

Адамдын психологиялык абалдары менен байланыштуу болгон «фобия»лардын да, өз кезегинде, бир нече түрү бар. Атап айтсак, «акрофобия» (бийиктиктен коркуу), «агорафобия» (адамдар көп болгон жайлардан коркуу), «арахнофобия» (жөргөмүш жана у.с. курт-кумурскалардан коркуу), «астрафобия» (күндүн күркүрөшүнөн жана чагылгандан коркуу), «клаустрофобия» (тар жана туюк жайлардан коркуу) ж.б.

**Исламофобия** – коомдогу тынчтык жана туруктуулукка доо кетирүүчү диний ксенофобиянын бир көрүнүшү болуп, ал ислам динине, ага ишенүүчүлөргө жана ушул дин менен байланыштуу объект жана түшүнүктөргө бир жактуу, б.а. терс жактан кароонун натыйжасы эсептелет.

кени массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрү, көбүнчө, кызуу талкууга себеп болуучу, адамдарда кызыгуу ойготуучу маалыматтарды тездик менен жеткирүүгө аракеттенишет. Мында кандайдыр бир улут, раса, динге тиешелүү түшүнүк жана терминдерди терс маанай ойготуучу формада сунуштоо негизги роль ойнойт.

Массалык маалымат каражаттары катарынан биринчи орунду ээлеген интернет азыркы күндө ислам дини дегенде, негизинен, «согуш», «салгылашуу», «кошуун», «зордукчулдук», «баскынчылык» өңдүү маалыматтарды сунуштоодо.

Мисалы, исламдын атынан иш жүргүзүп жаткан экстремисттик топтордун ислам булактарын бузуп, өз кызыкчылыктарына ылайыктуу түрдө чечмелөөгө умтулуулары, экинчи жактан бул сыяктуу өз кызыкчылыгы жолунда эч кандай ыйык нерсени, динди да, улут жана Мекенди да таанбай турган топторду «ислам» деп атоо, алар жүргүзүп жаткан кан төгүүлөрдү «исламдын шарттары» катары көрсөтүү исламофобиянын күчөшүнө алып келет.

Ислам динине ишенүүчү киши бул дин ыйык булактардагы принциптерди, алардын изги маңызын туура таанып жетиши зарыл. Мусулмандардын өздөрү ислам булактары жалпы адамзаттык баалуулуктарга каршы чыкпастыгын түшүнүп жетиши керек болот. Ислам изгиликтин дини болгондуктан да аны адилеттүү түрдө чечмелөө талап кылынат. Антпесе анын маңызына зыян жетиши жана бул дин жөнүндө терең билимге ээ болбостук адамда ал жөнүндө терс түшүнүктүн пайда болушуна алып келет.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Диний ксенофобиянын келип чыгышына кандай факторлор себеп болот?
2. Исламофобиянын руханиятка терс таасири барбы? Оюңду негизде.
3. Ислам дининин изгилик маңызы жөнүндө пикир билдир.

# 21-§ ДҮЙНӨЛҮК ДИНДЕРДЕ ТЫНЧТЫК ИДЕЯСЫ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Бир күн чыр чыккан жерден кырк күн береке кетет» деген накыл сөздүн маанисин билесиңби?
2. Согуш жана бузгунчулук кандай кесепеттерге алып келиши жөнүндө ойлоп көр.
3. Тынчтыкты асыроо үчүн ар бирибиздин жоопкерчилигибиз эмнеде деп ойлойсуң?

*Өз ара пикирлеш, дартташ болгула, бири-бириңерди досторчо жакшы көргүлө. Бири-бириңерге кайрымдуу жана кичипейил болгула.*

***Жаңы Осуят. Пётрдун биринчи каты, 3-бөлүм, 8–12***

Илим-билим, маданият, экономика жана башка бардык тармактардын өнүгүшү тынчтык, бейпилдик менен байланыштуу. Ошондуктан да бүгүнкү күндө коопсуздук бүткүл дүйнөдө эң актуалдуу маселе болуп калууда. Жыл сайын мамлекеттер тарабынан коргонуу системасы жана аскердик багытка бөлүнүп жаткан каржаттардын ашып барышы пикирибизди тастыктайт. Бирок заманбап курал-жаракка гана ээ болуунун өзү эле тынчтыкты камсыздабайт. Анткени заманбап бузгунчу күчтөр ашкере согушпай, тескерисинче кокустан террористтик акттарды колдонуп, аскерлерди эмес, тескерисинче тынч элди бутага алуу сыяктуу кара мүртөз усулдардан пайдаланышууда. XX кылымдын экинчи жарымында дүйнөдө 300 дөн ашуун тынчтыкка доо кетирүүчү чыр-чатактар болгону да аянычтуу жагдай болуп эсептелет.

Ар кандай дин өз издештерин тынчтык жана адамгерчиликке үндөйт. **Эч бир дин себепсиз кан төгүү, согуш отун тутантуу жана бузгунчулукту үгүттөбөгөн.**


*Эч кимге жамандыгы үчүн жамандык кылбагыла. Бардык адамдардын көзү алдында жакшылык кылууга умтулгула. Эгерде мүмкүн болсо, колуңардан келгенче, бардык адамдар менен тынч-ынтымакта жашагыла.*

***Жаңы Осуят. Римдиктерге кат, 12-бөлүм, 17–18.***

Христиандык дүйнөдө эң кеңири тараган дин эсептелет. Тарыхта бул динди бет кап кылып бузгунчулук, кан төгүү максаттарында пайдаланылганы, «Кресттүүлөрдүн жүрүштөрү», «Инквизиция» аттары астында көптөгөн шаарлар кыйратылып, миңдеген адамдардын курман болгону тарыхтан маалым. Чындыгында, христиандыкта эч кимге жамандык кылбоо жөнүндө окутулат. Бул дин да бардык диндер сыяктуу тынчтыкты жактоого, жакшылык кылууга жана изгиликке чакырат.

Буддисттик окуусунун өзүнө мүнөздүү жактары бардык жандуу нерселерге сүйүү менен кароонун үгүттөлүшүндө, акылдын көрсөтмөлөрүнө катуу баш ийүү жана сезимге берилбестикте да көрүнгөн. Тынчтыкты жактоочу жана изгилик идеялары буддалыктын «Панча шила» (санскритче – беш насаат) эрежесинде да көрүнөт. Ага ылайык буддист адам өлтүрүү, уурулук, адашуу, жалган сөз, мас кылуучу нерселерден сактанышы керек. Бул динге ишенген ар бир монах башкалардын мүлкүнө көз артпоо, бирөөгө жек көрүү менен карабоо, адилеттүүлүк жөнүндө ойлоо, татыктуу адамдардан жакшылыкты аябоо, ахлактык иш-аракет эрежелерине амал кылуусу шарт эсептелет.

Борбордук Азияда пайда болгон зардуштийлик дини да өзүнүн тынчтыкты сүйүүчүлүгү менен өзүнчө айырмаланып турган. Бул «Авесто»до чагылдырылган «Изги ой, изги сөз, изги амал» окуусунда да өз чечимин тапкан. Алсак, Видевдат китебинин экинчи фрагардында тынчтыктын маанилүүлүгү жөнүндө ойлор билдирилген. Ясна китебинин 12-бөлүмүндө ар бир зардушт



*Эл арасында чагым козутуу, жалаа жана ушак таратуу жолунгдагы аракеттер, тынчтык жана бейпилдикти изден чыгаруучу окуялар же аракеттер исламдын маңызына таптакыр каршы келет.*

*«Өзүңө зыян болбосун десең, башкаларга да зыяныңды тийгизбе, башкаларга зыян тийгизсең, өзүң да зыян тартасың. Hirs-Ал havas бардык бактысыздыктардын себепчиси болуп эсептелет. Мезгил өтүшү менен бардык нерсе өзгөрөт, ошондуктан эч нерсеге ашыкча көңүл койбо, дилиңди таза тут, чындыкты жана түбөлүк таалайды изде. Жамандык кылба, күнөөдөн сактан. Дайыма жакшылык кыл. Башкаларды сүйсөң, өзүң да, башкалар да бактылуу болушат. Өзгөлөрдүн айткандарын четке какпа жана каралаба, өзүңдү бактылуу кылуу үчүн башкаларды бактысыз кылуу адамгерчиликке туура келбейт».*

***Будда***



*Ахимса – адамдар гана эмес,ошону менен бирге бардык тирүү жандыктарга карата да күч иштетпөө*

тыйылышы зарыл болгон нерселердин катарында чарбаны талап-тоноо, зыян жана кыйратуудан тыйылуу да санап өтүлгөн.

Улуттук диндерден болгон индуизм жана жайниликте тынчтыкты жактоочу идеялар «ахимса» – күч колдонбоо окуусунда өз чечимин тапкан. Ага ылайык жер жүзүндө бузгунчулук кылуу, адамдарга гана эмес, атүгүл бардык жандыктарга зыян тийгизүүгө тыюу салынат. Мисал үчүн бул окуу зордукчулдукка зордук менен жооп берүү, согуш кылганга каршы согушууну да каралап чыгат.

Тынчтык идеясына эң чоң көңүл бурган диндерден бири ислам дини эсептелет. Анткени, «ислам» сөзүнүн маанилеринен бири да тынчтык дегенди билдирет.

Тынчтыкты баалоо, бейпил жашоо үчүн топук кылуу аны сактап калуу жана чыңдоонун зарыл шар-

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Эч ойлоп көргөнсүңбү, сенин бейкапар жашашың, мектепке баруун, эс алууң, жыргап телевизор алдында өзүң жактырган көрсөтүүлөрдү көрүп отурууң үчүн канча адамдар өздөрүн жыргалынан кечүүлөрү керек?

ты эсептелет. Ислам окуусунда маселенин бул жагына да өзүнчө көңүл бурулган.

Ислам дини окуусунда улуу дөөлөт болгон эл-журт тынчтыгын, элдин бейпилдигин баалоо, асырап-абайлоо, ага зыян тийгизүүдөн сактоо зарылдыгы жөнүндө туруктуу көрсөтмө берилет. Бул маселе ислам дининин ыйык булактарында маанилүү орун ээлейт.

Ислам окуусу Алла тааланын улуу дөөлөттөрү — тынчтык жана бейпилдиктин кадырына жетүү, сергек жана кыраакы болууга чакырат. Көңүлкоштук, бейкапарлык, топуксуздук эмес, тескерисинче берилген дөөлөттү таанып-билүү, анын баркына жетүү, ардактоо, асырап-абайлоо шүгүрчүлүктүн маңызын түзөт. Өз ара жаңжалдарды элдешүү, келишүү жолу менен чечүү, коомдогу тынчтыкка кооп салууда, агрессия жана зор-

*Мен сага тынчтыкты көбөйтүп берем, мен тынчтыгыңды кайтарып берем жана коргойм. Менин өлкөмдө суук шамал да, кургакчылык да, азап тозок жана өлүм да болбойт.*

***Авесто***

«Мен Президент катары Америка эли жана өз атымдан кепилдик берем, биз терроризм жана экстремизмге каршы катуу күрөш алып барабыз, бул жолдо, кайсы дин өкүлү болушубузга карабай, бардыгыбыз биригишибиз зарыл. Жер жүзүндө тынчтыкты сактоо жана чыңдоо эң негизги милдетибиз болушу керек, деди АКШ Президенти.

Саммит трибунасынан айтылган мындай сөздөр, албетте, бизге да туура келет. Ушул позициядан караганда, биз бүгүнкү күндө социалдык-руханий жашообузду өнүктүрүүдө жасап жаткан иштерибизди жаңы баскычка көтөрүшүбүз, ал үчүн мамлекетибиз жана коомубуздун бардык күч жана мүмкүнчүлүктөрүн багытташыбыз шарт».

**Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин 2017-жыл 15-июлда «Социалдык туруктуулукту камсыздоо, ыйык динибиздин аруулугун сактоо – доор талабы» темасындагы конференциядагы докладынан**

Ислам дининин ыйык булагы болгон Кураны каримдин «Бакара» сүрөсү, 208-аятында: «Эй, ыйман келтиргендер! Тынчтык ишине жалпылашып киришкиле!» – дейилет. Аяттагы «жалпылашып» сөзү тафсир китептеринде келтирилгендей, бир жагынан, бардык адамдардын биргелешкен түрдө тынчтык жолун кармануулары зарылдыгы, ал эми экинчи жактан болсо, аны турукташтыруу үчүн кандай жол менен болсо да салым кошуу зарылдыгын билдирет. Ошону менен бирге, Алла тааланын «А (жер)га сак-саламат, тынч-аман киргиле!» (Хижр, 46) деген аятында бейиш калкынын түбөлүк жашоосу тынчтык, бейпилдик жана саламаттыкта өтөөрү белгиленген. Демек, бул аят тынчтык жана амандык бул дүйнөдө гана кадырлуу эмес, о.э. бейиште да өтө баалуу дөөлөт экенин жана жер жүзү адамзаттын жыргалчылыкта, өз ара ынтымак жана биргелешип жашашы үчүн жаратылганын билдирет.

*Эки дөөлөт бар, көпчүлүк адамдар анын кадырына жетишпейт. Ал тынчтык жана ден-соолук.*

***Хадис***

дукчулдукту токтотпой тургандарга карата кескин жана ыкчам чаралар көрүү зарылдыгы белгиленет.

Тынчтыкты сактоо үчүн ар бир киши жооптуу, аны сактап калуу жана чыңдоо үчүн ар ким өз салымын кошуусу зарыл. Тынчтыкка каршы чакырыктар айрым аймактарды дүрбөлөң, туруксуздук, кан төгүүлөр жана адам өлтүрүүлөр өкүм сүрүп жаткан азыркы доордо мамлекетибиздеги тынчтыкты камсыздоо өз-өзүнөн болбой жатканын түшүнүүгө, өз ара дагы да жакын жана ынтымакта болуп жашоого үндөйт.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Өзбекстан Республикасынын Сырткы саясаты принциптеринде тынчтыкты сактоого каратылган кандай принциптер бар?
2. Дүйнөлүк диндердин окуусунда тынчтыкты сактоо идеялары кандай баяндалган?
3. «Авестодо» берилген «Изги ой, изги сөз, изги амал» окуусунун тынчтыкты сактоого кандай тиешеси бар?

# 22-§ МИССИОНЕРЛИК – ЖАШТАРДЫН КЕЛЕЧЕГИНЕ БОЛГОН КООП

### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Миссионерлик жана прозелитизм жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Миссионерлердин негизги максаттары эмнеден турат деп ойлойсуң?
3. Өзбекстандын мыйзамдарында миссионерлик жөнүндө эмне дейилген?
4. Миссионерликтин коомго кандай таасири бар?

## СЕКТАЛАР

Миссионерлик диндердин арасындагы табигый тең салмактуулуктун бузулушу, диндер аралык карама-каршылыктардын келип чыгышына себеп болуучу мыйзамга каршы болгон илдеттерден бири эсептелет. Бүгүн айрым секта жана топтор миссионерлик ишин коомду ичинен уратуу, караөзгөй максаттарга жетишүү же акча табууга багытташкан. Алардын бул ишмердүүлүгү миңдеген адамдар, айрыкча, жаштардын турмушу, ден-соолугу жана психикасына олуттуу кооп туудурат.

Көпчүлүк секталар «Мекен» түшүнүгүн таптакыр четке кагышат. Бул болсо адамдарда Мекенден алыстоо, анын тагдырына карата кайдыгерлик жана көңүлкоштук маанайынын калыптанышына алып келет.

Айрым миссионерлик уюмдары өз мүчөлөрүнө аскердик кызматка барууга тыюу салышат. Бул өңдүү идеяларга туруктуу берилгендиктин талап кылынышы өз маңызына карай, улуттук коопсуздукка түздөн-түз кооп туудурат. Айрым секталар болсо «Библиядагы» кээ бир көрсөтмөлөрдү инсандыкка жат мазмунда чечмелешет.

**Секта** — өзүн гана «туура дин», адамдарды «куткарылууга жеткирүүчү» деп эсептей турган, чындыгында болсо белгилүү бир саясий жана экономикалык максаттарды көздөй турган топ болуп саналат.

Миссионерлердин максаты белгилүү бир элдердин ортосунда өз ынанымына карата шектенүү пайда кылып, акырындык менен аларда өз ата-энеси, улуту, Мекенине жек көрүү сезимин ойготуу болуп саналат.

Кээ бир секталарда бир адамдын канын башкасына куюу күнөө эсептелет. Адамдын өмүрү үчүн күтүлбөгөн кырдаалдарда кан куюу чечүүчү мааниге ээ болушун эсепке ала турган болсок, мындай идеялык үгүт аянычтуу кесепеттерге алып келет.

## МИССИОНЕРЛИК МЕТОДДОРУНУН ӨРКҮНДӨШҮ

Миссионерлер өзү турган жерге жана учурга ылайыкташкан түрдө өз метод жана каражаттарын тынымсыз өркүндөтүп келишкен.

Алсак, соңку маалдарда алар белгилүү бир социалдык катмарды ажыратып алып, бул катмар менен максаттуу түрдө иш алып барууга умтулушууда.

Миссионерлер негизги көңүлүн аралаш улут өкүлдөрүнөн турган үй-бүлөлөрдүн мүчөлөрү, мурда эч бир динди тутунбаган, оор дартка, айрылууга, материалдык кыйынчылыкка туш болгон, ахлак түзөтүү мекемелеринен чыгып келген, б.а. материалдык жана руханий көмөккө муктаж кишилерге каратышууда.

Ошону менен бирге, миссионерлер өнөр-жай иш-каналары жайгашкан аймактарда ишчилер жана убактылуу ишсиздер, о.э. жеке ишкерлер менен иштөөгө да өзгөчө көңүл бура баштагандыктарын баса белгилөө зарыл.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Жарандардын төмөнкү милдеттери чектелиши мүмкүнбү же кайсы учурларда башка милдет менен алмаштырылат?

*Өзбекстан Республикасын коргоо – Өзбекстан Республикасынын ар бир жаранынын бурчу эсептелет. Жарандар мыйзамда белгиленген тартипте аскердик же альтернативдүү кызмат өтөөгө милдеттүү.*

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 52-статья**

О.э., искусство тармагы өкүлдөрү, китепканачылар, орто мектептин мугалимдери, түрдүү мекемелердин кызматчылары активдүү миссионерлик үгүтү объекти катары тандалып жатканын да белгилөө зарыл. Мында секта таасирине түшкөн өнөр адамы искусствонун сезимдик-эмоционалдык таасир күчүнөн пайдаланып, ынанымдык басым жасоодо жогору натыйжалуулукка жетишиши мүмкүн болсо, прозелит китепканачыда болсо «олжо» катары тандалгандар менен жеке түрдө иштөө мүмкүнчүлүгү туулат.

Берилген мисалдар да миссионерлик объекти катары тандалып жаткан катмарлардын айланасы тынымсыз түрдө кеңейип баратканын көрсөтөт.

Миссионерлер системалуу үгүт-насаат басымын ишке ашыруу, эволюциялык психологиялык кысым көрсөтүү аркылуу адамдарды өз ынанымын өзгөртүүгө мажбур кылышат. Алардын мындай аракеттери акыр-аягында адамдар жана конфессиялар аралык душмандык маанайынын калыптанышына негиз жаратат.

Өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында 1995-жылга чейин кан куюлбаганы үчүн каза болгон 3315 сектанын издештеринин ар биринин аты көрсөтүлгөн мемориал уюштурулган болчу.

## МИССИОНЕРЛЕР ЖАНА БАЛДАР

Миссионерлер өздөрү жөнүндө жакшы элести калыптандыруу жана ушул жол менен өз ишмердүүлүгүн кеңейтүү максатында мектеп жашындагы балдар менен иштөөгө да өзүнчө көңүл бурушууда. Алсак, балдар үчүн жайкы лагерлер уюштуруу аркылуу ти-

Иегово күбөлөрү тарабынан 1930-жылдан 1952-жылга чейин (22 жыл бою!) өз жактоочуларына оорулардын алдын алууга каратылган вакциналарды алууну, 1967-жылдан 1980-жылга чейин (23 жыл бою!) тери жана органдарды көчүрүп өткөрүүнүн тыюу салынып келингени адамды таң калтырат. Алар тарабынан 1944-жылда кабыл алынган бирөөнүн канын куйдурбоо боюнча тыюу азырга чейин иштеп келүүдө.

*Аракет адамдын түспөлүн ачып берүүчү эң так каражат эсептелет. Адам кандай аракет жасаса, ал ошондой болуп эсептелет.*

***Гегель***

ешелүү ынанымдык таалим-тарбияны ишке ашыруудан кеңири пайдаланылып жатканын белгилөө зарыл. Мындай багыттагы аракеттер Өзбекстанда да күзөтүлгөнүн белгилөө зарыл.

Жайкы каникул маалында балдарды эс алуу жайларына кыска мөөнөткө алып чыгуу, чиркөө аймагында бир нече сменалуу, жок дегенде 2 жолу тамак берилле турган күндүзгү эс алуу лагерлерин уюштуруу да миссионерлер активдүү пайдалана турган усулдардан эсептелет.

Адатта, мындай практика чиркөөгө катай турган жарандардын балдары үчүн уюштурулганы жөнүндө бардык жерде ачык-айкын жарыяланат. Бирок чындыгында мындай аракеттер «диний тарбиядан четте калып жаткан балдар» үчүн багытталганы эч кимге сыр эмес.

Чиркөөгө ибадатка келе тургандар аркылуу маале жана мектептерде балдар лагерлерине акысыз жолдомо бар экени, эс алуу мезгилинде түрдүү ийримдер иштеши, балдардын эс алуусу мазмундуу өтүшү, байыркы жайларга саякаттар уюштурулушу жөнүндөгү жарыялардын таратылышы да ушундай жыйынтык чыгаруу мүмкүнчүлүгүн берет.

Миссионерлер таратып жаткан китептердин ичинде балдар үчүн багытталган «Инжил»дин болушу болсо сырттан караган адам үчүн кичинекей бир кокустуктай туюлушу мүмкүн, бирок миссионерлер тактикасында табигый-мыйзамдуу абал эсептелет.

Чиркөөлөрдө балдар үчүн арналган «жекшембилик» (воскресные) мектептерин уюштуруу, мындай мектептерге тартылгандардын катышуусунда түрдүү иш-чараларды өткөрүү, өз секталарынын окуусу сиңдирилген спектаклдарды коюу жана белгилүү бир даярдыктардан өткөн тарбиялануучулардан христиандыкка үгүттөөчү түрдүү адабияттарды

*Ким «мени билимдүү экен, дешсин» деген максатта өзүнөн акылдуураак адам менен талашса өз наадандыгын көрсөткөн болот.*

***Саадий Шеразий***

таратууда активдүү пайдаланууга умтулууну да балдар арасында алып барылып жаткан миссионерликтин өзүнө мүнөздүү көрүнүшү катары белгилөө мүмкүн.

*Жаштардын аң-сезиминде кандай маанай үстөмдүүлүгүн айтсаң, мен сага кийинки муундун табияты кандай болушун айтып берем.*

***Эдмунд Берк***


## МИССИОНЕРЛИККЕ КАРШЫ КҮРӨШ

Миссионерликке каршы күрөш маселелери Өзбекстан Республикасынын «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамы менен белгилеп коюлган.

Мыйзамга ылайык «Бир диний конфессиядагы динчилди башкасына киргизүүгө багытталган иш-аракеттерге (прозелитизм), о.э., башка ар кандай миссионерлик ишмердүүлүгүнө тыюу салынат. Бул эрежениn бузулушуна айыптуу болгон адамдар мыйзам документтеринде белгиленген жоопкерчиликке тартылышат» (5-статья).

Бирок бүгүнкү күндө миссионерлер дүйнө бойлоп демократиялык баалуулуктар, адам укуктары үстөмдүү мааниге ээ болуп баратканынан да өз максаттары жолунда усталык менен пайдаланууга умтулушууда.

Мисалы, миссионерлер, көбүнчө, **«Адам укуктарынын Жалпы дүйнөлүк декларациясы» жана «Жа-**



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти «Студент жаштар – миссионерлик ишмердүүлүгүнүн негизги объекти» деген ой менен байланыштырып түшүндүр.

*«Бүткүл дүйнөдө университет жана колледждерде 37 миллион студент окуйт. Алардын көбү 20 жылдан соң ири кызматтарды ээлешет».*

**П. Джонстон. «Операция мир».**

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Текстти оку. Мамлекет жарандарга ыйман эркиндиги укугун берүү менен бирге, бул укукту ишке ашырууларында аларга кандай милдет коюлууда? Оюңду негизде.

*Жарандар өз укук жана эркиндиктерин ишке ашырууда башка адамдардын, мамлекет жана коомдун мыйзамдуу кызыкчылыктары, укуктары жана эркиндиктерине зыян тийгизбөөлөрү шарт.*

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 20-статья**

**рандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пакттарда»** бекемдеп коюлган айрым эрежелерди шылтоо кылышат.

Мында ар бир адам ынаным эркиндиги укугуна ээлиги, бул укук, мисалы, өз динин өзгөртүү, ибадат кылуу, диний иш-чара жана ырым-жырымдарды аткаруу эркиндигин өз ичине алышы жөнүндөгү эрежелерди келтирген түрдө өз ишмердүүлүктөрүнүн мыйзамдуу экенин негиздөөгө аракет кылышат.

Бирок бул документтин 18-статьясы 2-пунктунда динин өзгөртүү мажбурлоо кыймыл-аракеттери менен байланыштуу болбостугу, 20-статьясынын 2-путкунда болсо **душмандык жана диний кастыкты келтирип чыгара турган кыймылдар мыйзам менен тыюу салып коюулушу зарыл**дыгы жөнүндөгү эрежелер бекитилген.

Миссионерлердин негизги максаты кайсы бир динди үгүттөө же кайсы бир динди алсыратуу эмес, тескерисинче сен менен биз жашап турган журттун тынчтыгына доо кетирүү жана өнүгүүсүн бүлүндүрүү болуп саналат.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Секта дегенде эмне түшүнүлөт?
2. Секталардын ишмердүүлүгүнүн зыяны эмнелерде байкалат?
3. Миссионерлер балдар арасында иш алып барууда эмнелерге көңүл бурушууда?
4. Өзбекстан Республикасынын «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамында миссионерликке кандай мамиле билдирилген?

# 23-§ «ЫНАНЫМ ЭРКИНДИГИ ЖАНА ДИНИЙ УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ»ГҮ МЫЙЗАМДЫН МААНИ-МАҢЫЗЫ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Эч ойлоп көргөнсүңбү, Өзбекстан Республикасынын Конституциясында «Өзбекстан Республикасында бардык жарандар бирдей укук жана эркиндиктерге ээ болуп, жынысы, расасы, улуту, тили, дини, социалдык келип чыгышы, ынанымы, өздүгү жана социалдык статусунан көз карандысыз түрдө, мыйзам алдында тең», деп жазылганында кандай баалуулуктар көздө тутулат?
2. Ынаным эркиндигин камсыздоо жөнүндө мамлекетибизде кандай практикалык иштер алып барылууда?

Конституциябыздын 31-статьясында «Бардык үчүн ынаным эркиндиги кепилденет. Ар бир адам каалаган динге ишенүү же эч кайсы динге ишенбөө укугуна ээ. Диний көз караштарды мажбурлап сиңдирүүгө жол коюлбайт», деп бекемдеп коюлган.

Бул эрежени ишке ашыруу механизми катары кабыл алынган Өзбекстан Республикасынын «Ынаным эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамынын 3-статьясында ынаным эркиндиги жарандардын ар кандай динге ишенүү же эч кандай динге ишенбөөдөн турган кепилденген конституциялык укугу экендиги белгилеп коюлган.

Ага ылайык жаран өзүнүн динге, динге ишенүүгө же ишенбөөгө, ибадат кылууга, диний иш-чаралар жана ырым-жырымдарда катышуу же катышпоо-

*Эрезеге жетпеген балдарды диний уюмдарга тартуу, о.э., алардын каалоосуна, ата-энелери же алардын ордун басуучу адамдардын каалоосуна каршы түрдө динге окутууга жол коюлбайт.*

***Өзбекстан Республикасынын «Ынаным эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамынын 3-статьясынан***

го, диний билим алууга өз мамилесин белгилеп жаткан учурда аны ал же бул түрдө мажбурлоого жол коюлбастыгы белгиленет.

**Ата-энелер өз балдарынын түрдүү зыяндуу агымдарга кирип кетпестиги сыяктуу маселелер үчүн жооптуу.** Алар өз балдарынын руханияты, о.э., адеп-ахлагы үчүн жооптуу болушат. Ар бир ата-эне өздөрүнүн улуттук баалуулуктарын балдарга туура түшүндүрүүлөрү керек.

Дин жана ынаным маселелери адамдын руханиятынын үзгүлтүксүз бөлүгү эсептелет. Бул маселелердин маани-маңызы жөнүндө терең жана негизделген билимдерге ээ болуу турмуштук-практикалык ишмердүүлүктү туура түзүүгө кызмат кылат.

Ынаным эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү нормалардын мыйзамчылыкка киритилиши натыйжасында өлкөбүздө расмий ишмердүүлүк жүргүзүп жаткан бардык дин өкүлдөрүнө чоң мүмкүнчүлүктөр жаратылды.

Мыйзамдын негизги максаты ар бир адамдын ынаным эркиндиги жана диний ынаным укугун, динге мамилесинен көз карандысыз түрдө, жарандардын теңдигин камсыздоо, о.э., диний уюмдардын ишмердүүлүгү менен байланыштуу мамилелерди тартипке салып туруудан турат.

Динге ишенүү же башка ынанымдар эркиндиги улуттук коопсуздукту жана коомдун тартибин, башка жарандардын жашоосу, ден-соолугу, ахлагы, укугу жана эркиндиктерин камсыздоо үчүн зарыл болгон даражада гана чектелиши мүмкүн.

***Өзбекстан Республикасынын «Ынаным эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамынан***

## ТАРЫХКА НАЗАР

1998-жылы 1-майда Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлисинин XI сессиясында «Ынаным эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө»гү Мыйзамынын 23 статьядан турган жаңы редакциясы кабыл алынды жана бул мыйзамды иштеп чыгууда мамлекетибиздин өзүнө мүнөздүү шарты, анда жашоочу элдин укук жана кызыкчылыктары жана менталитети эсепке алынды.

Өзбекстан Республикасы демократиялык принциптерге туруктуулугунун туюнтулушу катары мамлекеттин дин жана диний уюмдар менен өз ара мамилелерде төмөнкү принциптерге амал кылууну жарыялады:

- динчилдердин диний сезимдерин урматтоо;
- диний ынанымдарды жарандардын же алардын уюшмаларынын жеке иши деп тан алуу;
- диний көз караштарга амал кылуучу жарандардын да, аларга амал кылбай турган жарандардын да укуктарын тең кепилдөө жана аларды куугунтукка алууга жол койбостук;
- руханий кайра калыбына келүү, жалпы адамзаттык ахлактык баалуулуктарды орнотуу ишинде түрдүү диний уюшмаларынын мүмкүнчүлүктөрүнөн пайдалануу үчүн алар менен байланышуу жолдорун издөө зарылдыгы;
- динден бузгунчулук максаттарында пайдаланууга жол коюп болбостугун таануу.

Мыйзам «Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык Пактта» белгиленген эрежелерди тааныган.

Адам өз дини жана ынанымын өзгөртүшү көп учурларда терс натыйжаларга алып келет. Айрыкча, мындай аракеттердин натыйжасында үй-бүлөдө ата-бала, ага-ининин жүз көрүшкүс болуп кетип жатканын эч кандай жол менен актаганга болбойт. Ушул сыяктуу жактар эсепке алынган түрдө мыйзамчылыкта мындай жагдайларга карата жоопкерчилик да белгиленген. Мисалы, Өзбекстан Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндөгү кодекси 240-статьясынын экинчи бөлүгүндө бир конфессияга таандык адамдарды башкасына киргизүүгө каратылган иш-аракеттер (про-

**Прозелитизм** — бир конфессияга таандык адамдарды башкасына киргизүүгө каратылган иш-аракеттер.

*Биздин Конституциябыз жана мыйзамдарыбызда, улуту, тили жана динине карабай, бардык жарандарыбыз тең укук жана эркиндиктерге ээ экени кепилденип коюлган. Аларга өз улуттук маданияты, салт жана үрп-адаттарын сактоо, ар тараптуу өнүктүрүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр жаратылган.*

**Шавкат Мирзиёев**

зелитизм) жана башка миссионерлик ишмердүүлүгү үчүн жоопкерчилик белгиленген.

Өзбекстандын мыйзамдарында, о.э., диний экстремизм, сепаратизм жана догматизм идеялары менен сиңдирилген басма сөз каражаттары, кино, фото, аудио, видеопродукциялар жана ушул сыяктуу башка продукцияларды даярдоо, сактоо жана таратуу укук бузарлык экендиги белгилеп коюлду.

Жыйынтыктап атйканда, «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамдын турмушка колдонулушу республикабыздын жашоосунда чоң окуя болду. Тармак боюнча ишке ашырылып жаткан укуктук реформалардын натыйжасында диний уюмдарды каттоого алуу жана аларга жетекчилик

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти кунт коюп оку жана аны Өзбекстан Республикасы Конституциясынын 4-статьясында белгиленген бул эреже менен байланыштырып түшүндүр: «Өзбекстан Республикасы өз аймагында жашоочу бардык улут жана элдердин тилдери, үрп-адаттары жана салттары урматталышын камсыздайт, алардын өнүгүшү үчүн шарт жаратат».

*«Самарканд шаарында Жаангер Амир Темур доорунда курулган, Данияр пайгамбар аты менен атала турган күмбөз ислам, христиан жана еврейлик дини өкүлдөрү тарабынан бирдей ардакталат.*

*Эл-журтубуз нече кылымдардан бери бул куттуу жайды асырап-абайлап, абат кылып, ага урмат-сый көрсөтүп келүүдө».*

**Шавкат Мирзиёев**

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти кунт коюп оку. Мамлекеттин диний уюмдарга берип жаткан мүмкүнчүлүктөрүн кең пейилдүүлүк принциптеринин негизинде чечмеле.

*«Диний уюмдардын борбордук башкаруу органдары диний максаттарга арналган буюмдар, диний адабияттар жана диний мазмундагы башка маалымат материалдарын Өзбекстан Республикасы мыйзам документтеринде белгиленген тартипте иштеп чыгарууга, экспорт жана импорттого жана таратууга укуктуу».*

**Өзбекстан Республикасынын «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамынын 19-статьясынан**

кылуу, салттык эмес диний агымдардын жайылып кетүүсүнүн алдын алуу, диний билим берүү системасын өркүндөтүү, о.э., диний адабияттарды басып чыгаруу жана таратуу өңдүү диний турмуштун туруктуулугун камсыздоого каратылган милдеттерди аткаруу үчүн заман талаптарына төп келүүчү укуктук механизм жаратылды.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Өзбекстан Республикасы Кылмыш кодексинин $216^{2}$-статьясын окуп, диний уюмдар жөнүндөгү мыйзам документтерин бузуунун субъективдүү жактарын түшүндүрүп бер. Бул кылмыштын субъекти кимдер болушу мүмкүн? Кылмыштын объекти эмне?
2. Мамлекетибизде диний конфессиялардын ортосундагы тынчтык жана ынтымакты колдоп-кубаттоо үчүн кандай иш-чаралар аткарылууда?
3. Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарында прозелитизм үчүн кандай жоопкерчилик белгиленген?
4. Тарых сабагынан алган билимдериңе таянып, жарандардын ыйман эркиндиги кандай камсыздалгандыгы боюнча ой билдир.
5. Ыйман эркиндиги дегенде эмнени түшүндүң?

# 24-§ ӨЗБЕКСТАНДЫН ДИН БЕТ КАБЫНДАГЫ ЭКСТРЕМИЗМ ЖАНА ТЕРРОРИЗМГЕ КАРШЫ КҮРӨШТӨГҮ ОРДУ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Эч ойлоп көргөнсүңбү, экстремисттер эмне үчүн өздөрүнүн караөзгөй максаттарын ишке ашырууда динден бет кап катары пайдаланышат?
2. Экстремисттер жана террористтердин негизги максаты эмне деп ойлойсуң?
3. Экстремисттердин идеяларына дүйнө диндери өкүлдөрүнүн мамилеси кандай?
4. Адамдын аң-сезиминде пайда болгон боштук экстремисттик идеяларга баш ийүүсүнө алып келеби?
5. Адамдын аң-сезиминде боштук пайда болбостугу үчүн эмнелер кылуу керек?

*Ким жердин борборунун үстүнөн көзөмөл орнотсо, ал Дүйнөлүк аралга ээ болот, ким дүйнөлүк аралда көзөмөл орнотсо, ал Дүйнөнүн үстүнөн бийлик жүргүзө алат.*

***Жон Маккиндер***

XX кылымдын 90-жылдарына келип дүйнөнүн саясий картасынын өзгөрүшү, жаңы эгемендүү мамлекеттердин пайда болушу, дүйнөлүк коомчулуктун глобалдашуусу жана интеграциялашуусу, заманбап эл аралык мамилелерде жаңыча тартиптердин калыптанышына түрткү болду.

Бул мезгилде Борбордук Азия чөлкөмү өзүнүн экономикалык жана стратегиялык маанисине карай дүйнөнүн маанилүү аймагы катары таанылды. Буга төмөнкү факторлор себеп болууда:

- Борбордук Азия түндүк жана түштүк, чыгыш жана батышты өтө маанилүү транспорттук-коммуникациялык жолдору менен байланыштыруучу аймак саналат;

- Борбордук Азия аймагы Чыгыш жана Батыш цивилизациялары кесилишкен жана ислам, христиан жана буддисттик диндери чогулган чекитте жайгашкан.
- Бул – чөлкөмдүн табигый ресурстар (нефть, газ, алтын, уран, түстүү металлдар жана башкалар)га бай экендиги көпчүлүктү өзүнө магниттей тартат.

Мына ушундай материалдык байлыктарга ээ болууга умтулган караөзгөй топтор ар бир мүмкүнчүлүктөн пайдаланууга, эң улуу байлыгыбыз болгон улуттук баалуулуктарыбыз жана руханиятыбызга кооп салууга аракет кылышат.

Биз бүгүнкү күндө татаал заманда жашап жатабыз. Соңку маалдарда бүткүл дүйнө мамлекеттерин диний экстремизм жана терроризм тынчсыздантып келүүдө. Дүйнөнүн түрдүү чөлкөмдөрүндө уланып жаткан жергиликтүү согуштар, аскердик карама-каршылык жана жаңжалдар, террористтик кооптор эл аралык коопсуздукка кооп салууда. Азыр диний экстремизм жана эл аралык терроризм дүйнө мамлекеттери үчүн сырткы гана эмес, о.э. ички коопсуздукка да тиешелүү маселеге айланды. Анткени диний экстремисттик жана эл аралык террордук уюмдары согуштук усулдары менен

**Диний экстремизм** – коом үчүн салттуу болгон диний баалуулуктар жана ынанымдык принциптер системасын четке кагып, аларга каршы болгон «идеялар» жана иштерди агрессивдүү түрдө үгүттөө болуп саналат.

## ТАРЫХКА НАЗАР

Борбордук Азия мамлекеттеринде террордук аракеттер 1990–1996-жылдарда Тажикстандагы жарандык согушу маалында, 1999–2001-жылдары Кыргызстандын Баткен облусунда, мамлекетибиз аймагында 1990-жылда Наманган жана Андижанда, 1999-жылы Ташкент шаарында, 1999–2001-жылдарда Өзбекстандын Сурхандарыя жана Ташкент облустарында, 2004-жылдын март-апрель айларында Ташкент шаары жана Бухара облусунда, 2004-жылдын июль айында Ташкент шаарында, 2005-жылы Андижанда жасалды.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти кунт коюп оку. Андагы элибизге эзелтеден мүнөздүү болгон кең пейилдүүлүк салттары жөнүндө ой билдир:

*«Биздин мамлекетибиз көп улуттуу жана көп конфессиялуу мамлекет. Бүгүнкү күндө мамлекетибизде 130 дан ашуун улут жана элдин өкүлдөрү бир үй-бүлө перзенттериндей ынтымактуу жашап жатышат. Бул маселеде, элибизге эзелтеден мүнөздүү болгон кең пейилдүүлүк салттары маанилүү роль ойноп жатканы талашсыз».*

бийлик үчүн күрөшүүчү топторду калыптандыруу, аларды ар тараптуу сыйлоо жана колдоп-кубаттоого умтулушууда.

Эгемендүүлүккө жетишкен Өзбекстан Республикасы консерватордук, экстремизм жана терроризмдин аймактык жана жалпы адамзаттык масштабдагы коопэкенинен келип чыгып, дүйнөлүк коомчулук ага каршы чогуу күрөшүшү керектиги жөнүндөгү идеяны дүйнөнүн беделдүү уюмдарынын трибуналарынан туруп жарыялады. Алсак, Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов 1993-жыл 28-сентябрда БУУ Башкы Ассамблеясынын 48-сессиясында жасаган докладында дүйнө коомчулугун Ооганстан көйгөйүн тыгыз үйрөнүү жана чечүүгө чакырды.

Өзбекстан диний экстремизм жана терроризмге каршы күрөш багытындагы укуктук жараяндарды тартипке салуу, экстремисттик идеялардын таралышынын алдын алуу үчүн өзүнүн ички саясатында да тиешелүү иш-чараларды аткарып келүүдө.

*2001-жылда терракттын натыйжасында бузуп жиберилген мунаралардын ордуна курулган улуттук мемориал жана музей. Нью-Йорк*



**Догматизм** (*aqidaparastlik*, араб. *aqida — ишенүү*) белгилүү бир шартта, кайсы бир идея же принципке туруктуу ишенүү жана аны абсолютташтыруунун негизинде калыптанган эреже жана тартиптерди шарт, абал, жагдайды эсепке албаган түрдө, караманча колдонуу жана урунууну билдирет.

**Экстремизм** (французча *extremisme*, латинче *extremus – кескин, соңку*) коомдо кабыл алынган белгилүү бир мыйзам-эрежелерге каршы болгон идеяларды үгүттөө жана аларды ишке ашыруу.

Өзбекстан Республикасы Конституциясы жана 1998-жыл 1-майда жаңы редакцияда кабыл алынган «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамда бул багыттагы ишмердүүлүктүн укуктук негиздери камтылышы менен бирге дин бет кабы астында экстремисттик идеялардын таралышына чек коюлду.

Республикабыз экстремизм жана терроризм, о.э. аны каржылоо менен тыгыз байланыштуу болгон наркобизнес жана наркотрафикке каршы күрөштө да кескин саясат алып барууда. 1999-жылда «Наркотикалык каражаттар жана психотроптук заттар жөнүндөгү», 2000-жылда «Терроризмге каршы күрөш жөнүндөгү» жана 2006-жылдын 1-январынан ишке кирген «Кылмыштык ишмердүүлүктөн алынган кирешелерди легалдаштырууга жана терроризмди каржылоого каршы күрөшүү жөнүндөгү» мыйзамдардын кабыл алынганы да пикирибизди далилдейт.

Өткөн жылдар бою республикабыз терроризмге каршы күрөшкө байланыштуу бир топ эл аралык документтерди ратификациялады. Алсак, 2000-жыл 24-апрелде Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримовдун демилгеси менен Ташкент шаарында болуп өткөн Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстан мамлекеттеринин жетекчилери та-

АКШ мамлекеттик департаментинин маалыматтарына ылайык, жер жүзүндө жылына 10 миңден ашуун террордук аракеттер жасалат.

70 миңден ашуун адам мындай аракеттер натыйжасында көз жумушууда – мындан 80% ын эрезеге жетпеген жаш балдар түзөт.

Эл аралык статистикалык маалыматтарга ылайык, азыр дүйнө бойлоп 500 дөн ашуун террористтик уюм бар.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти оку. Согуштар кандай кесепеттерге алып келишин ойлоп көр.

*Согушта жеңген жана бактылуу падыша, жеңген жана бактылуу кошуун, жеңген жана бактылуу мамлекет, жеңген жана бактылуу режим болушу мүмкүн. Бирок жеңген жана бактылуу адам болбойт. Анткени, согуш адамды адам өлтүрүүгө мажбур кылат. Адам өлтүргөн адам болсо эч качан бактылуу болбойт.*

***Өткүр Хашимов «Daftar hoshiyasidagi bitiklar»***

рабынан кол коюлган, теракт сыяктуу өтө оор кылмышты түп тамыры менен кыркып таштоого каратылган бүтүм жана дал ошол жылдын 21–22-июнь күндөрү КМШ мамлекеттери башчыларынын Москвада болуп өткөн жолугушуусунда бул маселе боюнча маанилүү документке кол коюлду.

Ошондой эле, Өзбекстан Республикасы Олий Мажлиси тарабынан «Геноцид кылмышынын алдын алуу жана аны жасагандыгы үчүн жазалоо жөнүндөгү» (1961-жыл 12-январдан күчкө кирген), «Жалданма кылмышкерлерди жалдоо, алардан пайдалануу, каржылык камсыздоо жана окутууга каршы күрөш жөнүндөгү» (1989-жылда кабыл алынган), «Бомбалуу терроризмге каршы күрөш жөнүндөгү» (1997-жыл 16-декабрь), «Пластикалуу жарылуучу заттарды таба алуу максатында аларды маркировкалоо жөнүндөгү» (1991-жыл) жана башка бир топ эл аралык конвенсиялар да ратификацияланган.

Республикабыз тарабынан терроризмге каршы жасалып жаткан бул өңдүү иш-чаралар тынчтыкты сактоодо чоң мааниге ээ. Айрыкча, бир канча мамлекеттик мекемелер, алсак, коргоо, өзгөчө кырдаалдар жана ички иштер министрликтери, улуттук коопсуздук кызматы, чек ара, бажы жана прокуратура мекемелеринин терроризмге каршы күрөштөгү ишмердүүлүгүн системалуу жолго коюу бүгүнкү күндүн талабы.

Республикабыз терроризмге каршы багытталган көптөгөн эл аралык келишимдерди ратификациялап, алардагы милдеттемелерди үзгүлтүксүз аткарып келүүдө. Ошону менен бирге, бул маселелерде өзүнүн демилгелерин илгери сүрүп жатканын да өзүнчө белгилөө зарыл.

Белгилүү болгондой, БУУнун терроризмдин алдын алуу жана ага каршы күрөшкө каратылган 13 документ (11 Конвенсия жана 2 протокол) бар. Азыр

Өзбекстан мына ушундай 12 эл аралык келишимди ратификациялаган. Алардын катарында 1971-жылдагы «Жарандык авиация коопсуздугуна коопсалуучу мыйзамсыз актыларга каршы күрөш жөнүндөгү»; 1973-жылдагы «Эл аралык коргонуудан пайдалануучуларга, ошонун ичинде, дипломатия агенттерине каршы кылмыштардын алдын алуу жана мындай кылмыштар үчүн жазалоо жөнүндөгү»; 1979-жылдагы «Адамдарды барымтага алууга каршы күрөш жөнүндөгү»; 1980-жылдагы «Ядролук курулмаларды жана ядролук материалдарды материалдык жактан коргоо жөнүндөгү»; 1988-жылдагы «Деңиз кемечилиги коопсуздугуна коркунуч туудуруучу мыйзамсыз актыларга каршы күрөш жөнүндөгү»; 1997-жылдагы «Бомбалуу терроризмге каршы күрөш жөнүндөгү»; 1999-жылдагы «Терроризмди каржылоого каршы күрөшүү жөнүндөгү» эл аралык конвенсиялары бар экенин көрүү мүмкүн.

Бүгүнкү күндө БУУ тарабынан «Ядролук терроризм коркунучтарына каршы күрөшүү жөнүндөгү» эл аралык конвенсия жана «Терроризмге каршы күрөш боюнча жалпы консепция» долбоорлору даярдалып жатканы Өзбекстан Республикасынын терроризмге каршы күрөш багытындагы демилгелерине төп келет.

Өзбекстан Европа Кеңеши алкагында да терроризмге каршы күрөшкө каратылган 7 эл аралык келишимге кол койгон.

Өзбекстан Республикасы экстремизм жана терроризмге каршы күрөш маселелеринде Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги, Шанхай Кызматташтык Уюму, Евразиялык экономикалык кызматташтык уюму, Ислам шериктештик уюму жана башка эл аралык уюмдар алкагында да активдүү катышууда.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Эл аралык терроризм көйгөйү азыркы мезгилдин актуалдуу глобалдык көйгөйлөрдөн бирине айлануусу кайсы себептер менен байланыштуу?
2. Диний экстремизмдин негизги касиеттери эмнелерлен турат?
3. Коомду диний-экстремисттик идеялар таасиринен коргоо үчүн кандай сунуштар билдирген болот элең?
4. Руханий баалуулуктарды сактоо эмне үчүн керек?

## КОШУМЧА ОКУУ ҮЧҮН

- 1993-жылда БУУнун 48-сессиясында Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримов тарабынан аймактык коопсуздукту чыңдоо жана ядролук куралдын таратылбастыгы жана куралсыздануу боюнча сунуштар киргизилди.
- 1995-жылда БУУ Баш Ассамблеясынын 50-сессиясында Өзбекстан Ооганстанга курал-жарак киритүүгө каршы эл аралык эмбарго коюу идеясы менен чыкты.
- 1997-жылы мамлекетибиздин демилгеси менен 6+2 (Иран, Кытай, Пакистан, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, АКШ жана Россия) форматындагы байланыш тобу иш жүргүзөт.
- 1999-жылда «Ооганстандагы көйгөйлөрдү тынч жол менен чечүү принциптери жөнүндөгү» Ташкент декларациясына кол коюлду.
- 2008-жылда НАТО уюмунун Бухарест саммитинде Ооганстан кризисин чогуу саясий жол менен чечүү, экономикалык жардам көрсөтүү максатында Байланыш тобунун иши 6+3 (НАТО катышуусунда) форматында түзүлдү.
- 1999-жыл Европада коопсуздук жана кызматташтык уюмунун Стамбул саммитинде Өзбекстан тарабынан сунуш кылынган Терроризмге каршы күрөш боюнча Эл аралык борборду түзүү идеясы 2001-жылдын сентябрында БУУ Коопсуздук кеңеши алкагында терроризмге каршы комитеттин уюштурулушу менен өзүнүн чечимин тапты.
- 2002-жыл Ислам Каримовдун сунушу менен наркотикалык каражаттар жана психотроптук заттарды мыйзамга каршы түрдө айлануусуна каршы күрөш боюнча Борбордук Азияда аймактык маалымат алмашуу борбору түзүлдү.
- 2014-жылы 6-майда – БУУ түзүлгөндөн соң биринчи жолу, беш ядролук мамлекет, АКШ, Улуу Британия, Франция, Кытай жана Россия биргелешип маанилүү эл аралык документ – Борбордук Азияда ядро куралынан арылган зона куруу жөнүндөгү келишимге кол коюшту.

# 25-§ КИБЕРАЙМАКТА ДИН ЖАНА МААЛЫМАТ КОЛДОНУУ МАДАНИЯТЫ

### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. «Ким маалыматка ээ болсо, дүйнөгө ээлик кылат» деген ойду сен кандай түшүнөсүң?
2. Интернеттеги расмий жана расмий эмес маалыматтар дегенде эмнени түшүнөсүң? Расмий эмес маалыматтарга канчалык ишенесиң?
3. Жалган кабар таратуу, бирөөнүн тынчтыгын бузуу улуттук баалуулуктарыбызда кандай бааланат?
4. Сенин мобилдик телефонуңа же электрондук почтаңа белгисиз адамдар тарабынан жиберилген кабарга болгон мамилең кандай?

## КИБЕРАЙМАК

Бүгүнкү күндө Интернет аркылуу жасалып жаткан кылмыштар көп күзөтүлүүдө. Алар киберaймакта өздөрү үчүн «уя куруп» алып, глобалдык деңгээлде социалдык-экономикалык жана идеологиялык коопторудун пайда болушуна себепчи болууда.

«Кибераймак» түшүнүгү биринчи жолу 1982-жылы колдонуугa киргизилген. Кибераймак «кибернетика» жана «аймак» сөздөрүнүн биригүүсүнөн турат.

Кибернетиканын техникалык негизин электрондук эсептөөчү машиналар – компьютерлер түзөт. Кибер-

*Адамдын бардык уккандарын сүйлөй берүүсү анын жалганчылыгына жетиштүү далил болот.*

***Хадис***

**Кибернетика** (грекче — *башкаруу өнөрү*) – маалыматты кабыл алуу, аны кайра иштетүү жана андан түрдүү жараяндарды башкарууда пайдалануу менен алектене турган илим.

**Маалымат** – өй жүгүртүүнүн түрүнө карабай, адамдар, окуялар жана жараяндар жөнүндөгү маалымат.

**Информация –** (лат. informatio – түшүндүрүү, маалымдоо) – кибернетиканын негизги түшүнүктөрүнөн бири болуп, көрсөткүчтөр, маалыматтар, кабарлардын комплекси ж.б.

аймак маалымат узатуу жана кабыл алуу аркылуу түрдүү жараяндарды башкаруу жана аларга таасир этүүнүн эң ыңгайлуу каражатына айланды.

Бүгүнкү күндө глобалдык коркунуч болгон терроризм Интернет ааламына да кирип барып, кибертерроризм термини пайда болду.

Кибертеррористтер маалымат технологияларынан пайдаланып, саясий, диний жана идеологиялык таасир этүүгө аракет кылышат. Бул жараянда, көбүнчө, хакерлер кызматынан пайдаланылат.

Хакерлер дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринде мамлекеттик мекемелер, каржы системалары, эл аралык уюмдардын маалымат базаларына чабуулдар уюштуруп, тартипсиздиктерди келтирип чыгарышат.

Кибертеррористтер өспүрүм жаштардын кызыгууларына карап, аларды түрдүү видеотасмалар жана фотосүрөттөрдү көрүүгө тартышат. Муну менен болсо улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга доо кетирүүгө аракет кылышат. Натыйжада маңкурт адамдарды калыптандыруу аркылуу мамлекеттерде тынчтык жана туруктуулук маанайын изден чыгарышат.

Кибертеррористтер өз максаттарын ишке ашырууда диний фактордон пайдаланып, адамдардын дилин ээлөөгө умтулушат. Мында диний түшүнүктөрдү туура эмес баяндоо аркылуу белгилүү бир аймакта консерваторлук маанайын калыптандыруу негизги максат эсептелет.

**Маалыматты колдонуу маданияты –** адамдын руханиятын изден чыгарууга каратылган маалыматтарга каршы руханий-рухий күч.

## МААЛЫМАТ

Глобалдашуу шартында маалыматтардын заманбап каражаттар аркылуу тездик менен таратылуусу күзөтүлүүдө. Интернет тармагы аркылуу таратылып жаткан кабар жана маалыматтарга түрдүү саясий тыюулар, мамлекеттик чек аралар тоскоол боло албасты-

гы чоң материалдык жана руханий кооптун келип чыгышына себеп болуп жатканын бир канча мамлекеттер мисалында көрүшүбүз мүмкүн.

Расмий эмес кабарларда бузгунчу идеялардын агитациясы жана террорго чакыруулар өтө көп кезигет. Ошондуктан да бүгүнкү күндө ар бир адамда маалыматты колдонуу маданиятын жогорулатуу турмуштук зарылдыкка айланды.

Анткени, заманбап илимий-техникалык революция коомдун жашоосунун материалдык негиздерин тартипке салды. Элдердин турмуш даражасын алар жашай турган аймак же андагы жер ресурстары эмес, тескерисинче маалымат, интеллектуалдык же руханий деңгээл белгилеп бере баштады.

**Маалыматтык кооп** – маалымат таасиринин реалдуу коркунучу.

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Берилген текстти оку жана алардын мазмунун маалыматты колдонуу маданияты түшүнүгү менен түшүндүрүүгө аракет кыл.

*«Эй момундар! Эгерде силерге бир бузуку адам кабар келтирсе, силер (чыныгы жагдайды) билбеген абалыңарда кандайдыр бир адамдарга зыян тийгизип коюп, (кийин) кылган иштериңерге бушайман болбостугуңар үчүн (ал кабарды) тактап (текшерип) көргүлө!»*

**Кураны карим. Хужурат, 6-аят.**

*Ар ким ойлоо, сөз жана ынаным эркиндиги укугуна ээ. Ар ким өзү каалаган маалыматты издөө, алуу жана аны таратуу укугуна ээ, иш жүзүндөгү конституциялык режимге каршы каратылган маалымат жана мыйзам менен белгиленген башка чектөөлөр буга кирбейт.*

**Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 29-статья**

**Маалыматтык коркунуч** – белгилүү бир саясий жана социалдык күчтөрдүн адам, коом жана мамлекеттин кызыкчылыктарына реалдуу маалыматтык таасири.

## АДАМДЫН АҢ-СЕЗИМИ ҮЧҮН КҮРӨШ

Адамдын аң-сезимин жат жана башка идеялар менен уулоо, кээде анын тандаган сергек жашоо жолунан четтеп кетүүсүнө алып келүүчү маалыматтар дал ошол расмий эмес булактар тарабынан таратылат.

Маалымат чабуулдары натыйжасында түрдүү мамлекеттер чек араларынын кол тийгистигинин бузулушуна чейин жетип жатканы бүгүнкү күндө идеологиялык полигондор ядролук полигондордон да көбүрөөк күчкө ээ экендигин далилдеп жатат. Маалымат согушунун негизги максаты адам же мамлекеттин тынчтыгына кооп салган түрдө, басым жасоодон турат.

**Маалыматты колдонуу маданияты** – изгилик жана өнүгүүгө кызмат кылуучу маалыматтарды маалымат дүйнөсүнөн ажыратып алуудагы билимдер, жөндөм жана тажрыйбаны өзүндө туюнтат.

## ВИРТУАЛДУУ БАЙЛАНЫШ

Виртуалдуу байланыш каражаттары ар түрдүү файлдар жана кабарларды алмашуу максатында түзүлгөн.

Азыркы күндө виртуалдуу байланыш каражаттары аркылуу жиберилип жаткан маалыматтар башкаларды таң калдырууга гана негизделет жана анын туура же туура эмес экени маанисиз. Мында, көбүнчө, негизсиз

### ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Бул жагдайды чечмеле.

*Көптөн бери бир-бирин көрбөгөн Ахмад жана Акбар аттуу достор кездешип калышты. Ахмад досуна ушул жакын жерде ыңгайлуу улуттук тамактар ашканасы бар, Wi-Fi да бекер, деп досун чогуу түштөнүүгө чакырды. Аларды тыкан кийинген ашкана кызматкери күтүп алды. Ахмад ашкана кызматкеринен Wi-Fi улап берүүнү суранды. Телефондор дүйнөлүк маалымат тармагына уланды. Буюрулган тамакты алып келишти. Эки дос тамак маалында телефондоруна жөнөтүлгөн сүрөттөрдү көрүү, анекдотторду окуу менен алек болуп отурушту. Алар тамактанып болуп, көчөгө чыгышып, телефон номерлерин жазып алышты жана бир-бирине телеграм аркылуу кабар жазып турууга убадалашышты.*



маалымат таратылып, бул абалды жүздөгөн, миңдеген адамдар өз алдынча талкуулашат.

Саламат билим ээлери Интернеттин мүмкүнчүлүктөрүнөн өз билимдерин арттыруу жолунда туура пайдаланышат. Бирок кээ бир жаштар бул тармактагы караөзгөйлүккө, руханий бүлүнүүгө себеп боло турган сайттарга «саякат жасап», өздөрү жана айланасындагылардын аң-сезимин уулантырышат.

*Маалымат куралы, конкреттүү, атайын тандалган маанилүү объект же андагы зарыл бөлүктү иштен чыгарууга каратылган жогорку тактыкка ээ аскердик караждардан айырмалуу түрдө, бүткүл аскердик, экономикалык же социалдык системаны иштен чыгаруу касиетине ээ.*

***В. Слипченко.***





## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Маалыматтык коoп дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Маалыматты туура кабыл алуу үчүн кандай иштерди жасоо керек?
3. Расмий эмес маалыматтар эмнеси менен кооптуу?
4. Сенин жашооңо кандай маалыматтык коoп же маалыматтык коркунуч таасир көрсөтүшү мүмкүн? Жообуңду негизде.
5. Телеграм аркылуу «иштериң жакшы болушун кааласаң бул кабарды он адамга жөнөт, антпесе...» деген кабар алдың. Бул кабар жана тапшырмага сенин мамилең кандай болот?

# 26-§ ДИНДЕРДЕ ӨМҮРДҮН БАРКЫ

## АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. . «Өмүр – баа жеткис дөөлөт» деген учкул сөздү чечмеле.
2. Тирүү жандыкка зыян кылбоо жөнүндөгү макалдар жана ата-бабаларыбыз тарабынан айтылган учкул сөздөрдү эсте.
3. Орто кылымдарда өз жанын кыйгандарга кандай мамиледе болушкан?
4. Эмне деп ойлойсуң, ислам désininде өз жанын кыйгандарга жаназа окулбастыгынын себеби эмнеде?

*Кээ бир дин өкүлдөрү кокустан тирүү жандыктар оозуна кирип кетпестиги жана аны өлтүрүп койбоо максатында атүгүл ооздорун байлап алышат, кокустан буттары менен кумурскаларды басып албаш үчүн буттарынын астын шыпырып жүрүшөт.*

Бардык диндерде өмүрдүн адамдарга Кудай тарабынан берилгени жана андан натыйжалуу пайдалануу керек экени айтылат. Ошондуктан да ар бир дин өз окуусунда зордукчулдук, ырайымсыздык, өзүнө жана башкалардын жанын кыюуга, тынч элге жамандык кылууга жана кан төгүүгө кескин тыюу салат.



## ДҮЙНӨ ДИНДЕРИНДЕ ЖАНДЫ КЫЮУНУН КАРАЛАНЫШЫ

Дүйнө диндери ичинде эң кеңири тараган христиандык дини өз жанын кыюуну кескин каралайт, анткени адамдын канча жыл жашашы Кудай тарабынан белгиленип, тагдырдан качуу деп каралат. Мындайлардын рухун тазартуу жана мазарга көмүүгө тыюу салынат. Орто кылым батыш мамлекеттеринде мунун алдын алуу үчүн өз жанын кыйгандарды катуу кордошчу. Өз жанын кыйып, тирүү калгандарды болсо, адам өлтүргүч катары өтө оор иштерге сүргүн кылынчу. Алар борбордук көчөлөргө бутунан асып коюлчу, жүрөгүнө жыгач казык кагып, көчөнүн кесилишине көмүп коюшчу, өлгөн жаныбарларды да анын жанына кошуп коюшчу.

Мисалы, Франция падышасы Людовик XIV мезгилинде өз жанын кыйгандардын денеси бети ылдыйга каратылган абалда көчөлөр аркылуу замбилде сүйрөлүп, асылып, кийин касапканага ташталчу.

Христиан дининин православ багытында өз жанын кыюу – адам өлтүрүү жана үмүтсүздүктү жасагандыгы үчүн оор күнөөлөрдөн эсептелген. Бул ишке барган адамдын көмүү иш-чарасында кошок (отпевание) кошулбаган. Эгерде өз жанын кыюучунун акылы ордунда болбосо буга кирбейт. 1950-жылдарга чейин өз жанын кыйгандар көрүстөндөн сыртта көмүлгөн. Булардын бардыгы өз жанын кыюу оор күнөөлүгүн билдирүү жана башкаларды эскертүү үчүн кылынган.

Инжилдин «Апостолдордун ишмердүүлүгү» китеби 16-бөлүм, 28-катарда өз жанын кыйбоо жөнүндө төмөнкү сөздөрдү көрүү мүмкүн: «Бирок Павлус бийик үн менен кыйкырып: «Эч качан өз жаныңды кыйба», деди».

*Кырсыкка алып баруучу жети күнөөдөн сактангыла:*
*1) Алла Таалага ширк келтирүү;*
*2) сыйкыр иштери менен алектенүү;*
*3) бирөөнү негизсиз өлтүрүү;*
*4) сүткорлук;*
*5) жетимдин акысын жеш;*
*6) жоо менен болуп жаткан согуштан качуу;*
*7) күйөөсү бар, момун, ыймандуу аялдарды сойку деп акарат кылуу.*

***Хадис***

Будда дининде болсо өз жанын кыюу адамдын жашоого карата кылган шүгүрсүздүгү катары бааланган.

Байыркы славян элдеринде өз жанын кыйгандарды «бузукулар» деп аташкан. Мындай кишилердин руху тирүүлөргө зыянын тийгизет, кырсык келтирет, азапка коёт, деп ишенишкен. Өзгө адамдарга зыян тийгизбесин деп алардын мүрзөсүнө тоо теректин таягы кагылган.

Ушул сыяктуу, Кытайда да өз жанын кыюу каралат. Кытайлыктар өз жанын кыйгандын руху асманга көтөрүлбөстөн, өзүн өлтүргөн үйдө калаарына жана үй-бүлө мүчөлөрүнө ооматсыздык, бале-кырсык келтиришине ишенишкен.

## ИСЛАМ ДИНИНДЕ ӨМҮРДҮН БАРКТАЛЫШЫ

Ислам дининде бейкүнөө адамдардын канын негизсиз төгүү чоң күнөө экендиги белгиленип, мындай батыл иш адамзатка жасалган кол салуу эсептелет.

Кураны каримде адам өзүнүн жашоо укугуна кол салуусуна тыюу салынып: «Бири-бириңерди негизсиз өлтүрбөгүлө! Албетте, Аллах силерге ырайымдуу» (Ниса сүрөсү, 29-аят), деп эскертилген.

Мухаммад (с.а.в.) ыйык хадистеринде өзүн-өзү өлтүрүү арам экендигин, мындай ишти жасаган адамга акыретте түбөлүк азаптар бар экени жөнүндө айтып өткөн. Мисалы, Жундуб ибн Абдуллахтан уламыш кылынган төмөнкү хадисте мындай дейилет:

«Расулуллах (с.а.в.) мындай дейт: «Силерден мурдагылардын арасында жараланган бир адам бар эле. Дүрбөлөңгө түшүп, бычагын алып колун кести. Кан токтободу жана ушунун айынан каза болду. Алла таала айтты: «Пендем напсисин менден шаштырды. Мен ага бейишти арам кылдым».

Расулуллах (с.а.в.) өз жанын кыйган кишинин жаназасын окубоону айткан дейилет, бул болсо мындай

иштин канчалык жаман экендигинен кабар берет. Буга ылайык, ислам булактарында өзүн өлтүргөн адамга мечиттин имамы жаназа окушу мүмкүн эмес, дейилген.

Абу Хурайра (р.а.)дан уламыш кылынган ыйык хадисте: «Ким тоонун үстүнөн таштап, өзүн-өзү өлтүрсө, өлгөндөн соң тозокто да дал ушундай азапка кирипттер болот. Эгерде уу ичип өзүн өзү өлтүрсө, тозокто да түбөлүк ушундай азапка туш болот. Ким өзүн темирдин бөлүгү менен өлтүрсө, ал адам темирдин бөлүгү курсагына тыгылган абалда тозок отунда түбөлүк калат», деп айткан (Имам Бухарий жана Имам Термезийлерден).

Ислам окуусуна ылайык, жашоо дөөлөтү адамга Алла таала тарабынан берилет. Бул дөөлөттүн баркына жетүү, ар саат, ар минутада жакшы жана сооптуу иштерди жасоо талап кылынат.

Азыр кээ бир топ жана адамдар «өзүн өлтүрүү» түшүнүгүн шахиддик менен аралаштырып чечмелешүүдө. «Шахид» Алла тааланын касиеттеринен бири болуп, «күбөлүгү ишенимдүү, ар дайым даяр болуучу» деген маанилерди билдирет. «Шахид» сөзүнүн дагы



## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

1. Сүрөттөргө кунт коюп кара жана төмөнкү суроолорго жооп бер. Сүрөттөрдөгү нерселерге эмне үчүн тыюу белгиси коюлган? Алардын адамдын саламаттыгына кандай терс таасири бар?
2. Сен өз ден-соолугуңду сактоого кандай көңүл бурасың?
3. Адамдын өз ден-соолугуна кайдыгер болушу эмнелерге алып келет?
4. Ден-соолугуна зыян боло турган иштерди жасоо, саламаттыгына кайдыгер болуу, медициналык маданиятка амал кылбоо түшүнүктөрү менен өз жанын кыюу түшүнүгүн байланыштыр. Мындай абалдарга диндин мамилеси кандай?

бир мааниси башка адам тарабынан негизсиз өлтүрүлгөн мусулман дегенди билдирет.

Адамдын белгилүү бир максаттар жолунда өзүн өзү өлтүрүшүн шахиддик иши деп баалоо дал адашуунун өзү болот. Кара ниеттүү күчтөр өз аракеттерин актоо максатында келтирген бардык далилдерди ислам уламалары каралашкан жана негизсиз деп табышкан.

Адамдын өзүн өзү өлтүрүшү, чынында нээти дин жолунда деп жарыяланса да, өз өмүрүнө кол салуу деп бааланат. Өзүн өзү өлтүрүү – бул өз өмүрүн атайылап токтотуу, жараткан берген өмүргө кол салуу даражасындагы чоң күнөө эсептелет.

Алла таала бул жөнүндө мындай дейт: «Дал ошол (алгачкы адам өлтүрүү) себеп Израил урпагына ушундай өкүмдү жазып койдук: «Кимдир бирөөнү өлтүрбөгөн же жерде (бузгунчулук жана каракчылык өңдүү) батыл иштерди кылбаган адамды өлтүргөн адам кудум бардык адамдарды өлтүргөн сыяктуу болот. Ага жашоо тартуулаган (өлүмдөн куткарып калган) адам болсо бардык адамдарды тирилткен өңдүү болот». Аларга расулдарыбыз (ыйык) далилдерди келтиришкен. Кийин алардын көпчүлүгү ошондон соң (да) жерде ысырап кылуучулардан болушат» (Моида, 32-аят).

Дүйнөдөгү беделдүү ислам мекемелери жана уламалары өзүн түрдүү жарылуучу каражат менен жардыруу аркылуу бейкүнөө адамдардын өлүмүнө себеп болуу арам амал болуп, ислам динине тиешеси жок экенин белгилешкен.

Өзбекстан мусулмандары мекемеси Уламалар кеңеши да «Өзүн-өзү түрдүү жолдор менен атайылап өлтүрүүнүн оор күнөө экендиги жөнүндө» фатва чыгарып, мындай жийиркеничтүү аракетти кескин каралайт.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Христиан growth динде өз жанын кыюу жөнүндө эмне дейилет?
2. Байыркы славян жана Кытай диндеринде өзүн өлтүргөн адамга кандай мамиле жасалган?
3. Кураны каримде негизсиз кан төгүү жөнүндө эмне дейилет?
4. «Шахиддик» жана өз жанын кыюунун ортосундагы айырманы түшүндүрүп бер.

# 27-§ СВЕТТҮҮЛҮК — АТЕИСТТИК ДЕГЕНИ ЭМЕС

### АКТИВДЕШТИРҮҮЧҮ СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Светтик адам дегенде кимди түшүнөсүң? Диний киши дегендечи?
2. Светтик демократиялык мамлекет дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Өзбекстанда мамлекет жана дин мамилелеринин негизги принциптери эмнелерден турат?
4. Сенинче, заманбап түрдө жашап жаткан адам динчил болушу мүмкүнбү?

## СВЕТТИК ТҮШҮНҮГҮНҮН МАҢЫЗЫ

Светтик дегенде бардык диндер жана түрдүү көз караштарды тең урматтоо, жарандардын динине карабай мыйзам алдында тең экендиги көздө тутулат. Светтик жашоо мүнөзүнө диндин ыңгайлашуу жараянын туюнтуу жана дин менен саясаттын өз ара катышын мүнөздөө үчүн илимий адабияттарда «секуляризация» термини кеңири колдонулат.

*Жүрүп бараткан адамга аттуу, отурган адамга жүрүп бараткан, көпчүлүккө азчылык салам берсин!*

***Хадис***

Мисалы, Өзбекстандын калкынын көп бөлүгү белгилүү бир динди тутунат. Мамлекет диний уюмдарга урмат менен мамиледе болот, алардын мыйзамдын негизинде иш жүргүзүүсүнө жана динге ынангандардын ээн эркин тутунууларына шарт жаратып берет. Ошону менен бирге, анын эч кайсы динге өзүнчө үстөмдүк же артыкчылык бербей турган өз Конституциясы, мыйзамчылык негиздери, мамлекеттик символдору бар.

Дин болгону диний ынаным жана ибадаттарды өз ичине алуу менен чектелбей, коомдогу адамдардын өз

**«Секуляризация»** сөзү латинче *«saeculum»* сөзүнөн алынган болуп, «светтик» деген маанини билдирет. Ал мамлекеттик жана коомдук башкарууда диний салттардын ордун светтик мыйзамчылык системасынын ээлешине карата иштетилет.

ара урмат-сый, ырайым, адамгерчилик сапаттарынын ченин белгилеп келген. Ошондуктан да ар кандай светтик мамлекетте коомдун биримдиги, өз ара ынтымагы, тыгыздыгы, тынчтыгы жана туруктуулугун сактоодо дин өзүнүн өзгөчө ордуна ээ.

Элестет, эки адам көрүшкөндө бири-бирине «Ассалому алейкум», «Ва алейкум ассалам» деп тынчтык тилешет. Бир адам: «Салам сөзү диний маңызга ээ болгону үчүн светтик кишилер аны иштетпейт», деп салам бербесе же алик албаса, өтө жагымсыз абал болмок.

Диний булактарда жалаң гана дин жана ибадат маселелери жарытылбаган, о.э. өткөн элдердин турмушунан үлгүлүү аңгемелер да камтылган. Аларда оор сыноолорду башынан өткөргөн пайгамбарлар жашоосу, бузгунчулуктарга берилген элдер жана алардын башына жаза катары түшкөн кырсыктар үлгү кылып көрсөтүлөт. Аларды окуп, туура жыйынтык чыгарган киши күнөөлөрдөн тыйылууга, сооп иштерди көбүрөөк жасоого аракет кылат. Бул болсо ар кандай коомдо саламат социалдык жагдайдын пайда болушуна жардам берет.

Светтик мамлекетте элдин үрп-адат, салт жана ахлактык баалуулуктары мыйзам даражасына көтөрүлүшү мүмкүн. Диний баалуулуктар жалпы адамзаттык баалуулукка, элдин руханий мүлкүнө, ахлактык нормаларына айланган абалда гана ал мамлекеттик деңгээлдеги мааниге ээ болушу мүмкүн. Журтубузда Рамазан жана Курман айт майрамдарынын мамлекеттик деңгээлде дем алыш күнү деп жарыяланышы ушул сыяктуу улуттук жана диний баалуулуктардын айкалышуусуна мисал боло алат.

## СВЕТТИК ЖАНА КОНСЕРВАТОРДУК АГЫМДАР

Бардык диндерде бар болгон консерватордук маанайындагы айрым топтор светтикти кудум «атеисттик», «динден чыгуу» деп чечмелөөгө аракет кылышкан. Алардын айтымында, светтик адам кудум жараткандын буйруктарын, ыйык китептерди танат. Бул өңдүү топтор светтик илим-билим, маданият жана искусствону таптакыр четке кагууну кудум диний көрсөтмө даражасына көтөрүшөт. Ал эми чындыгында болсо, чыныгы диний окууга ылайык, адамдардын пайдасына кызмат кыла турган илимдин ар кандай түрү сооптуу амалдардан саналат.

Диндин атынан түркөйлүктү үгүттөөгө мисал катары орто кылымдарда Европадагы инквизиция соторунда чиркөөнүн атынан илим-билим багытында жаңылыктарды ачкан ойлоп табуучулардын түрдүү жазаларга тартылышы,

аалымдардын куугунтукталышын келтирүү мүмкүн. Башка диндердин ичинде да мындай абалдар күзөтүлүп турган.

Мамлекетибиз калкынын дээрлик 90 пайызы тутуна турган ислам дининде светтик жана динийликтин чек аралары белгиленбеген. Ислам окуусуна көрө, адамдардын дини, жаны, даражасы, акылы жана мүлкүнө пайда келтире турган ар кандай иш диний жактан да колдонгон, сооптуу иш эсептелген. Мисалы, адамдардын оорун жеңил кылуу максатында техникалык каражаттарды, медициналык же химиялык заттарды ойлоп табуу, дыйканчылыкта жаңы методдорду колдонуу өңдүү иштер үчүн да киши эки дүйнөдө сооп жана сыйлыктар алат. Ошол эле учурда, адамдардын зыянына кызмат кылуучу, караөзгөй максаттардагы ачылыштарды жасоо күнөө деп табылат.



*Инквизиция*

Бул принциптерге негизделген түрдө орто кылымдарда ислам ааламынан илимдердин бардык тармактары боюнча жеткилең, энциклопедист окумуштуулар жетишип чыккан. Дин аалымдары да аларды «күфр» же динбузарлыкта айыпташпаган.

## ИСЛАМ ДИНИ ЖАНА СВЕТТҮҮЛҮК

Ислам дининде светтүүлүк динге жат түшүнүк катары каралбайт. Ислам дининин ыйык булактары – Кураны карим жана хадистерде да адам бул дүйнөдөгү жашоосу үчүн да аракет кылышы керектиги айтылат.

Кураны каримде айтылгандай, адам акырет үчүн кайрымдуу иштерди жасоо менен бирге бул дүйнөдөгү ырыскысын да унутпастыгы керек. Анткени адамда денеси, үй-бүлөсү, коңшулары, коом, кол астындагылардын да акысы бар, ар бир акылуунун акысын өтөө керек. Бул дүйнөнүн ырыскысы акырет амалдары үчүн азык болот, дейилет.

*Ислам окуусуна көрө, салам берүү жана алик алуу чоң сооптуу амалдардан эсептелет. Ыйык хадисте мындай дейилет: «Салам Алланын жердеги аттарынан бири. Бири-бириңер менен саламдашып жүргүлө».*

***Хадис***



Булар менен бирге Куранда көптөгөн аяттар светтик маселелерди да камтып алат. Мисал катары, Курандагы

эң чоң аят – «Бакара» сүрөсүнүн 282-аяты да дал ушул светтик маселе – карыз алды-бердиси жөнүндө болуп, анда маселенин материалдык жана руханий жактарына көңүл бурулган.

Ислам дининин пайгамбары Мухаммад (с.а.в.) диний маселелерде жалпыга устат болсо да, светтик иштерде адистердин пикирлерине кулак салчу. Белгилүү ыйык хадисте мындай дейилет:

«Пайгамбар (с.а.в.) (курма) чаңдаштырып жаткан бир элдин жанынан өтүп баратып, муну кылбасаңар да боло берет, деди. Ошол жылы түшүм начар болду. Ал дагы ошолордун алдынан өтүп баратып, курмаңарга эмне болду? – деп сурады. Алар, сиз ошондо мындай деген элеңиз, деп айтышты. Анда ал: «Силер бул дүйнөлүк ишиңерди билүүчүрөөксүңөр» деди».

Б.а. Расулуллахтын кээ бир сөздөрү динийден көрө тажрыйбалык негизге же жеке пикирге таянган. Ошон үчүн да сахабалар Расулуллахтын кээ бир буйруктары маселесинде «Жеке оюңузбу же Алланын амирибы?», деп сурашчу. Жеке ою болсо, анда кээде башка жакшыраак сунуш айта алышчу. Расулуллах (а.с.) жакшы сунушту кабыл алып, өз оюн өзгөртчү, б.а. ушул светтик тармак адистеринин оюн сөзсүз эсепке алчу.

Расулуллах (а.с.)тан кийин чарыярлар да ушул жолду тутушту. Азирети Умар (р.а.): «Силердин жакшыларыңар тигил дүйнө жана бул дүйнө үчүн аракет кылганыңар» деп өзүнчө белгилеген. Али (р.а.) болсо: «Бул дүйнө үчүн

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

Текстти оку, дин жана диний ынаным таптакыр четке кагылса, коом үчүн анын кесепеттери кандай болушу мүмкүндүгү жөнүндө ойлон.

*«Светтүүлүк – бул атеисттик дегени эмес. Дин жана диний ынаным таптакыр четке кагыла турган жашоо кандай адамгерчиликсиз көрүнүшкө ээ экенин биз кечээки тарыхыбыз мисалында жакшы билебиз. Мындай идеологиянын коoптуу жагы төмөнкүдө: ал канча кылымдар бою диний негизде калыптанган, элдин турмушунун ажырагыс бөлүгүнө айланып кеткен баалуулуктар – бул жазма же оозеки, материалдык же руханий мурас болобу, ахлак же салттар болобу, улуттук көз караш же жашоо мүнөзү болобу – булардын бардыгын четке кагат».*

***Ислам Каримов, «Жогорку руханият – жеңилгис күч»***

түбөлүк жашай тургандай, акыретиң үчүн эртең каза боло тургандай аракет кыл», деп айткан.

Бүгүнкү күндө айрым бузгунчу күчтөр тарабынан заманбап светтик мыйзамчылыктын негизинде жашоо мусулмандар үчүн туура келбестиги жөнүндөгү жалган талаптар таратылууда. Чындыгында, светтик мыйзамдар жөнүндө ислам уламаларынын пикирлерин төмөнкүчө жалпылаштыруу мүмкүн: заманбап коомдун талаптарына шайкеш чыгарылган мыйзамдар шариятка каршы келбесе, андай мыйзамдар шариятка таандык эсептелет. Анткени, ар бир шарият адамдын кызыкчылыгы үчүн жиберилген, коомдордун өз кызыкчылыктарын көздөп чыгарылган эрежелери өзү шарияттан алынбаган болсо да, бирок шариятка каршы келбесе, алар да шариятка ылайык (шарий) деп эсептеле берет.

Жогорудагы мисалдардан көрүнгөндөй, ислам дининде светтүүлүккө динсиздик катары баа берилбеген. Светтик иштер адам жана коомдун пайдасын көздөсө, алар диний окуулар тарабынан дайыма колдоп-кубатталган. Дин светтик иштердин руханий жактарын тартипке салып турган. Мисалы, бул иштин сооп же күнөө, руханий жактан мүмкүн же мүмкүн эместиги сыяктуу.

Светтүүлүк принциби Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жана «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзам менен укуктук жактан кепилденген. Өзбекстан тандаган өнүгүү жолу – светтик демократиялык жол болуп саналат. Элибиз диний ынанымды терең урматтаган түрдө светтик өнүгүү жолунан барууда.

*«Тарых жана турмуштук тажрыйба, светтик жана диний баалуулуктар бири-бирин толуктабаса, бүгүнкү күндүн оор жана татаал суроолоруна толук жооп табуусу оңой болбостугун көрсөтөт».*

***Ислам Каримов***

Эгемендиктин алгачкы күндөрүнөн баштап эле мамлекетибизде диний-улуттук баалуулуктардын кайра калыбына келтирилиши, бардык дин өкүлдөрү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөрдүн жаратылышы жолунда реформалар башталды. Өзбекстан Республикасынын Конституциясында бардык жарандар үчүн ыйман эр-

киндиги кепилденди. Журтубузда диний уюмдардын ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери менен бирге мамлекет жана диндин мамилелери да белгилеп берилди.

Ушуну менен Өзбекстандын тарыхында биринчи жолу жарандардын динге өз мамилелерин, ушуга ылайык түрдө ынанымын эркин белгилөө жана көрсөтүү, динге эч кандай тоскоолдуксуз амал кылуу жана диний ырым-жырымдарды өткөрүү укуктарын кепилдей турган мыйзам кабыл алынды. «Мусулмандардын Саудия Арабстанына ажылык кылуу үчүн баруусу жөнүндө», «Диний майрам «Курман айтты» дем алыш күнү деп жарыялоо жөнүндө», «Орозо айтын дем алыш күнү деп жарыялоо жөнүндө», «Ташкент ислам университетин түзүү жөнүндө», «Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети алдындагы Имам Бухарий эл аралык илимий-изилдөө борборунун ишин уюштуруу жөнүндө», «Өзбекстан Республикасы Министрлер Кабинети алдындагы Өзбекстандагы Ислам маданияты борборунун ишин уюштуруу жөнүндө» жана башка бир топ Президенттин Указдары жана Министрлер Кабинетинин токтомдору бул тармакка чоң көңүл бурулуп жатканын көрсөтүп турат.

1991-жылы 14-июнда жана 1998-жылы 1-майда жаңы редакциядагы «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзам кабыл алынды.

## БЫШЫКТОО ҮЧҮН СУРОО ЖАНА ТАПШЫРМАЛАР

1. Светтүүлүк, светтик сөзүнүн мазмунун түшүндүрүп бер.
2. «Секуляризация» түшүнүгү кандай маанини билдирет?
3. Консерватор агымдар тарабынан светтүүлүктүн четке кагылышынын себеби эмнеде деп ойлойсуң?
4. Ислам дини булактарында светтүүлүккө кандай мамиле билдирилген?
5. Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти Ислам Каримовдун бүгүнкү күндө диний баалуулуктарды эсепке албай иш тутуу мүмкүн эместиги жөнүндөгү оюн чечмеле.

# ДИНИЙ ТЕРМИНДЕРДИН ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮГҮ

**АКЫРЕТ** – (*араб. – башка, акыркы, экинчи*) бул дүйнө аягына чыккандан соң баары кайра тирилип, кылган амалдарына жараша сыйлык же жаза ала турган экинчи жашоо.

**АЛЛА** (*араб. «al-iloh» – ыйык күч, түркий элдерде, анын ичинде, өзбектерде, кыргыздарда – Теңир, фарс-таж. – Кудай*), Аллах – ислам done динде бүткүл жандыктарды жараткан Жогорку ыйык күч; Кудайдын аты. Адатта, Аллахка таала (улуу, Жогорку), табарака ва таала, жалла жалалуху, карим, бузург, ааламдын жаратуучусу өңдүү сапаттар кошуп айтылат.

**АНАФЕМА** – чиркөө мүчөлүгүнөн куулуу, чиркөөдөгү эң Жогорку жаза.

**АРБАК** (*ар.*) – рухтун көптүк түрү.

**АРОН-КАДЕШ** (*ибр. «Ыйык үкөк»*) – синагога же ибадат үйүндө жайгашкан болуп, анда «Таврат» тумарлары сакталат. Ал мечиттеги «кыбылага» (мехраб) окшош милдетти аткарат жана кирүү эшигинин тушунда болот.

**АТЕИЗМ** (*грекче atheos — Кудайсыз*) – сөздүктөгү мааниси Кудайдан жүз буруу, Кудайды танган түрдө адамдын акыл-эс күчүн четке кагуу дегени.

**АШАРИЙЛИК** – ислам дининин суннийлик багытындагы эки ынанымдык мектептерден бири.

**БАНУ ИЗРАИЛ** (*«Израил уулдары»*) – еврей элинин аттарынан бири. «Ибтидо» (Башталыш) китебинде келтирилишинче, бүгүнкү күндө бардык еврейлерге карата иштетиле турган «Израил уулдары» аталышы Якуб пайгамбарга Кудай тарабынан берилген.

**БИБЛИЯ** (*грекче — «китептер»*) – иудаизм жана христиан диндеринин негизги ыйык булагы. Еврейлердин «Библиясы» «Китве кадеш» жана «Танах» деп да аталат. Христиандар тарабынан тан алына турган Библия «Байыркы Осуят» жана «Жаңы Осуяттан» турган болуп, жалпы эсепте 66 китептен түзүлгөн.

**БУХАРА ЕВРЕЙЛЕРИ** – иудаизмдеги этноконфессиялык жана этнолингвистикалык топ.

**ВАТИКАН** – Рим католик чиркөөсүнүн диний-административдик борбору. Учурда Папанын расмий резиденциясы эсептелет. Ошондой эле, ал Италиянын борбору Рим шаарында жайгашкан теократиялык шаар-мамлекет.

**ДИНДЕРДИ КЛАССИФИКАЦИЯЛОО** – диндерди үйрөнүүдө алардын тарыхы, ынанымдык негиздери, ынанымдары, о.э., бири-бирине таасири сыяктуу жагдайларды эсепке алуу.

**ДИНИЙ КЕҢ ПЕЙИЛДҮҮЛҮК** – түркүн диний ынанымга ээ болгон адамдардын бир жер, бир Мекенде улуу идея жана максаттар жолунда биргелешип, чогулуп жашоосу, ишмердүүлүгү.

**ДИНИЙ СЕКТА** – белгилүү бир диндеги расмий окууларга каршы түрдө бөлүнүп чыккан же бар диндер жана конфессияларга таптакыр тиешеси болбогон түрдө дин байрагы астында иш жүргүзө турган топтор.

**ДИНИЙ УЮМ** — жарандардын дин тутунуу, ибадат, иш-чара жана ырым-жырымдарды чогуу аткаруу максатында түзүлгөн ыктыярдуу бирикмелери (диний коомдор, диний окуу жайлары, мечиттер, чиркөөлөр, синагогалар, монастырлар жана башкалар).

**ЕПАРХИЯ** (*грек. ἐπαρχία — «облус»*) – христиан чиркөөсүндө епископ (архиерей) башчылыгындагы административдик-аймактык бөлүм.

**ЖАБРАИЛ** – Исламдык окууда Алла менен пайгамбарлардын ортосунда элчи милдетин аткаруучу periште.

**ИБРАНИЙ** (*ибр. «ever», «avar» – аркы өйүздүн адамы, кечип өткөн*) – еврейлердин жазма булактардагы аттарынан бири. «Ибраний» термини Ибрахым (а.с.)дын Месопотамиядан Канъонго көчүп өтүшү маалында пайда болгон. Изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, алардын мындай аталыштарына балким дарыяны кечип өтүп келгендери себеп болгондур.

**ИНЖИЛДЕШТИРҮҮ** – миссионерлик уюмдары тарабынан Инжилди кеңири таратуу маанисинде иштетиле турган термин. Кээде бул сөз миссионерликтин синоними катары да кабыл алынат.

**ИСЛАМОФОБИЯ** (*араб. – islam, грек. phobia — коркуу, үрөй учуу*) – ислам динин коркунучтуу абалдарда көрсөтүү, бардык жамандык жана кылмыштарды анын аты менен байланыштырып, калкты исламдан коркутууга каратылган аракет.

**КҮНӨӨ** (*фарс. – кылмыш, айып; келип чыгышы ушул маанидеги арабча «junoh» сөзүнөн алынган*) – шарият мыйзамдарына жана диний ынанымдарга каршы иш же кыймыл-аракет.

**ЛАМА** (*тибет. – эң улуу*) – Тибет, Монголия, Россия ламаисттеринде Будда монахы. Калмыктарда бул даража поптордун башчысына гана берилет.

Дин тутунгандар аны укмуштуу касиеттерге ээ жана ыйык дүйнө менен сүйлөшө ала турган адам деп билишет.

**МУРИД (MURID)** – (*араб. «каалоочу»*) суфийлик жолуна кирип, муршидге кол берген шакирт.

**МУРШИД** – (*араб. — жол көрсөтүүчү*) суфийлик окуусунун адептеринен сабак берүүчү пир, шайх жана устат. Суфийлик багытынын улуу жол башчысы.

**МУТАКАЛЛИМ** – сөз (kalom) илими менен алектенген аалымдар.

**СӨЗ (KALOM)** – кеп деген маанини билдирет. Ынаным илиминин аталышы.

**СУФИЙ** – суфийлик окуусуна таандык адам, мурид.

**СҮРӨ** (*араб. – жогорулук, бийиктик, дубал*) — башталуу, аяктоо жана аттарга ээ кеминде үч аяттан турган Курандын бөлүктөрүнө карата колдонулат.

**УКМУШ (KAROMAT)** – (*араб. «karam» — сыйлоо этишинин уңгусу болуп, бизче жакшылыктар деп которулат*) негизинен, суфийлик термини катары көп колдонулат. Алардын жыйынтык максаты кишилерди жакшылыкка чакыруу, күнөө иштерден тыюу, тообо кылууга үндөө болуп саналат.

**ФАКИХ** – фикх илиминин билимдүүсү.

**ШАББАТ** – еврейлерде ишемби күнүнүн аталышы.

**ЫЙ ДУБАЛЫ** – Иерусалим шаарында жайгашкан, 70-жылда римдиктер тарабынан кыйратылгандан соң Экинчи Ибадаткананын 485 метр узундуктагы сакталып калган бир бөлүгү. Еврейлердин ыйык зыярат жай.

**ЫЙМАН ЭРКИНДИГИ** – диний ынаным эркиндиги, мамлекет жарандарынын белгилүү бир динди кармануу же эч кандай динге ишенбөө эркиндигин билдирет. Булардын бардыгы демократиялык мамлекеттердин конституцияларында адам укуктары жөнүндө Бириккен Улуттар Уюму кабыл алган Жалпы дүйнөлүк декларациянын негизинде өз чечимин тапкан.

**ЫНАНЫМ** – араб тилинде кандайдыр бир нерсени бири-бирине байлоо маанисин билдирет. Ал эми термин катары ынаным илиминин белгилүү аталыштарынан бири.

**ЭСХАТОЛОГИЯ** – дүйнөнүн бүтүшү, аркы дүйнө, бейиш, тозок жөнүндөгү элестердин комплекси.

# МАЗМУНУ

Сөз башы ........ 3
1-§ Диндин коомдогу орду жана милдеттери ........ 5
2-§ Илим жана дин ........ 9
3–4-§ Диндин пайда болушу жана формалары ........ 13
5-§ Иудаизм ........ 20
6–7-§ Иудаизм окуусу ........ 26
8-§ Буддизм ........ 37
9-§ Буддалык окуусу ........ 42
10-§ Христиандык ........ 48
11–12-§ Христиандык окуусу ........ 55
13-§ Борбордук Азияда ислам ........ 62
14-§ Исламдагы мазхабдар жана ынанымдык окуулар ........ 66
§15 Суфийлик жана окуулар ........ 72
16-§ Өзбекстанда диний кең пейилдүүлүк жана социалдык туруктуулук ........ 77
17-18-§ Журтубуз ойчулдарынын дүйнөлүк илим-билимдин өнүгүшүнө кошкон салымы ........ 82
19-§ Дин жана «массалык маданият» ........ 91
20-§ Ксенофобия жана дин ........ 96
21-§ Дүйнөлүк диндерде тынчтык идеясы ........ 100
22-§ Миссионерлик – жаштардын келечегине болгон коош ........ 105
23-§ «Ынаным эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө»гү мыйзамдын маани-маңызы ........ 111
24-§ Өзбекстандын дин бет кабындагы экстремизм жана терроризмге каршы күрөштөгү орду ........ 116
25-§ Кибераймакта дин жана маалымат колдонуу маданияты ........ 123
26-§ Диндерде өмүрдүн баркы ........ 128
27-§ Светтүүлүк — атеисттик дегени эмес ........ 133
Диний терминдердин түшүндүрмө сөздүгү ........ 139

Zohidjon Mahmudovich ISLOMOV,
Durbek Obidjonovich RAHIMJONOV,
Jasur Xotamjonovich NAJMIDDINOV

O‘quv nashri

# «Dunyo dinlari tarixi»

O‘rta ta’lim muassasalarining 10-sinflari uchun darslik

(qirg‘iz tilida)

Birinchi nashr

Toshkent — «Yangiyo‘l poligraf servis» — 2017

Nashriyot litsenziyasi AI №185, 10.05.2011.

Которгон К. Токтобаев
Редактору А. Зулпихорова
Техникалык редактору М. Риксиев
Корректору А. Зулпихорова
Сүрөтчүсү Ж. Азимов

Оригинал-макеттен басууга уруксат берилди 22. 12. 2017.
Форматы 70x90 1/16. «Times New Roman» гарнитурасы. Офсеттик кагаз.
Офсеттик усулда басылды. Басма табагы 9,0. Шарттуу. б. т. 10,53.
Нускасы ****.
Буюртма № ****.

«O‘qituvchi» БПЧУ басмаканасында басылды.
100206, Ташкент ш., Юнусабад району, Янгишахар көчөсү, 1-үй.

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты жана фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алган кездеги абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылып жаткандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын соңунда кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкүчө баалоо критерийлери боюнча толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу-сызуулар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эскирген, бир аз чийилген, четтери жыртылган, окуу китеби негизги бөлүгүнөн бир аз ажыраган, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада иретке келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааттандырарлык даражада калыбына келтирилбеген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип, боёп ташталган. Окуу китеби жараксыз. |